# ЖМК ЭРКИНДИГИ ЖАНА ПЛАТФОРМАЛЫК БАСЫП АЛУУ:

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАЖРЫЙБАСЫ



ИНСТИТУТ
МЕДИА
ПОЛИСИ

# ЖМК ЭРКИНДИГИ ЖАНА ПЛАТФОРМАЛЫК БАСЫП АЛУУ:

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАЖРЫЙБАСЫ

**Авторлор**

Воробьева Анна, адам укуктары жаатындагы магистр, Scuola Superiore Sant'Anna

Усенова Бегаим, "Медиа жана коммуникациялар жаатындагы жөнгө салуу жана башкаруу" багыты боюнча магистр, The London School of Economics and Political Science

«Медиа Полиси Институту» Коомдук фонду

**Кыргызстан, Бишкек**

**2026**

# Мазмуну


Аннотация ... 3
Кыскартуулардын тизмеси ... 4

**Кириш сөз ... 5**

**Адабиятка сереп ... 7**
Глобалдык медиа чөйрөнүн трансформациясы ... 7
Жөнгө салуунун глобалдык моделдери ... 11
Санариптик платформаларды жөнгө салуунун америкалык ыкмасы жана Коммуникацияда адептүүлүк жөнүндө Мыйзамдын (CDA) 230-бөлүмү ... 12
АКШнын Президенттик Администрациясынын риторикасынын өзгөрүүсү жана VLOP'нын стратегиялык ыңгайлашуусу ... 14
Европанын Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамы (Digital Services Act) ... 18
ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык акт (European Media Freedom Act) ... 19

**Кыргызстандын контексти ... 22**

**Методология ... 28**
Тандап алуу ... 28

**Аналитикалык бөлүк ... 31**
1-блок. Редакциянын ички чечимдери ... 31
2-блок. Бөгөттөө жана даттануунун жол-жоболору боюнча тажрыйба ... 34
3-блок. Алгоритмдерге ыңгайлашуу жана платформалык таасирдин чектери ... 38
4-блок. Көз карандылыкты психологиялык жактан кабылдоо ... 49
5-блок. Стратегиялык туруктуулук ... 54
6-блок. Башка медиа менен өз ара байланыш ... 59
7-блок. Редакциянын субъективдүүлүгү ... 63

**Талкуу ... 69**

**Сунуштамалар ... 71**
КР Жогорку Кеңешине сунуштамалар ... 71
КР Министрлер Кабинетине сунуштамалар ... 72
ЖМКга сунуштамалар ... 74
Жарандык секторго сунуштамалар ... 75
ЖМКга колдоо көрсөтүп келаткан донорлорго жана эл аралык уюмдарга сунуштамалар ... 76
Санариптик платформаларга сунуштамалар ... 78

**1-тиркеме ... 79**
**Ыраазычылык ... 81**

# Аннотация


**Бул изилдөө санариптик платформалардын Кыргызстандагы ЖМКнын эркиндигине жана медианын ишмердигине тийгизген таасирине арналат. Изилдөөнүн максаты – Кыргызстандын көз карандысыз медиасы санариптик платформалар менен өз ара байланышты кандай кабыл аларын, кандай ыңгайлашуу стратегияларын колдонорун жана платформалык жөнгө салуу жана улуттук укук колдонуу практикасы редакциянын эркиндигине жана ЖМКнын туруктуулугуна кандай таасир тийгизерин талдоо.**

Иш сапаттуу методологияга негизделген жана медиа өкүлдөрү менен фокус-топту, ошондой эле коом үчүн маанилүү контентти жайылтууда социалдык платформаларды жигердүү колдонгон 16 медиа долбоордун арасында жүргүзүлгөн сурамжылоону камтыйт. Изилдөө ички редакциялык чечимдер, бөгөттөө жана даттануунун жол-жоболорунун тажрыйбасы, алгоритмдерге ыңгайлашуу жана платформалардын редакциялык процесстерге тийгизген таасири, платформадан көз карандылыкты кабылдоо, туруктуулук стратегиялары жана медиалардын ортосундагы өз ара байланыш, ошондой эле платформага көз каранды болгон шартта редакциялардын автономдуулук даражасы сыяктуу багыттарды камтыйт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, Кыргызстандын мамлекеттик эмес ЖМКлары кош көз карандылык шарттарында иштешүүдө. Алар глобалдык платформалардын алгоритмдик инфраструктурасына жана мамлекеттик көзөмөл аспаптарын кеңейтүү менен мүнөздөлгөн улуттук-укуктук жана укук колдонуу чөйрөсүнө көз каранды. Бул пикир билдирүү эркиндиги, көз карандысыз медианын редакциялык автономдуулугу жана финансылык туруктуулугу үчүн тобокелдиктерди жаратууда. Изилдөө ЖМКнын эркиндиги жана санариптик жөнгө салуу жаатындагы изилдөөчүлөр, журналисттер, эл аралык уюмдар жана саясатчылар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.



Изилдөөнү 2026-жылы “Медиа Полиси Институту” Коомдук фонду CAPS Unlock долбоорунун колдоосу менен жүргүздү.


Бул басылмада баяндалган пикирлер жана баалоолор авторлорго гана таандык жана CAPS Unlock долбоорунун же авторлор байланышта болгон кандайдыр бир уюмдардын расмий позициясын же көз карашын чагылдырбайт. Бул материалдын жарыяланышы анда камтылган талдоону, тыянактарды же сунуштамаларды жактыруу дегенди билдирбейт.

# Кыскартуулардын тизмеси

AI – Artificial Intelligence (жасалма интеллект)
BBC – British Broadcasting Corporation (Британиянын телерадиоберүү корпорациясы)
Big Tech – ири технологиялык компаниялар (эреже катары, Meta, Google, Amazon, Apple, Microsoft ж.б.)
CDA – Communications Decency Act (Коммуникацияда адептүүлүк жөнүндө мыйзам)
DMA – Digital Markets Act (Санариптик рыноктор жөнүндө мыйзам)
DSA – Digital Services Act (Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзам)
EFCSN – European Fact-Checking Standards Network (Европалык фактчекингдин стандарттар тармагы)
EMFA – European Media Freedom Act (ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык акт)
GDPR – General Data Protection Regulation (Дайындарды коргоо боюнча жалпы регламент)
Meta – Meta Platforms, Inc. (трансулуттук технологиялык компания, Facebook, Instagram жана Threads платформаларынын ээси)
OSCE RFoM – Organization for Security and Co-operation in Europe Representative on Freedom of the Media (Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги маселелери боюнча ЕККУнун өкүлүнүн кеңсеси)
RSF – Reporters Without Borders (Чек арасыз кабарчылар)
SMM – Social Media Marketing (социалдык тармактарда маркетинг жана таанытуу); изилдөөнүн контекстинде SMM-адисин белгилөө үчүн да колдонулат
VLOP – Very Large Online Platforms (өтө ири онлайн платформалар)
УКМК – Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет
ЕБ – Европа Биримдиги
ЖИ – жасалма интеллект
КР – Кыргыз Республикасы
КЭУ – коммерциялык эмес уюм
ӨЭУ – өкмөттүк эмес уюм
ЕККУ – Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму
БУУ – Бириккен Улуттар Уюму
КФ – Коомдук фонд
ЖМК – жалпыга маалымдоо каражаттары
АКШ – Америка Кошмо Штаттары
КК – Кылмыш кодекси
ЮНЕСКО – Бириккен Улуттар Уюмунун Билим, илим жана маданият боюнча мекемеси (United Nations Educational, Scientific and Cultural Organization)
Жалган маалымат боюнча ЕБнын кодекси – Code of Practice on Disinformation (Жалган маалыматка каршы күрөшүү боюнча ЕБнын Практика кодекси)

# Кириш сөз

Акыркы 20 жылда глобалдык медиа чөйрөсү өтө ири санариптик платформалардын өнүгүүсүнө жана маалыматты өндүрүү, жайылтуу жана керектөө ыкмаларынын өзгөрүүсүнө байланышкан терең трансформацияга туш болду. Коомдун күн тартибин түзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакциялары салттуу түрдө өзөктүк ролду ойноп келсе, бүгүнкү күндө жаңылыктарды жана коом үчүн маанилүү контентти адатта өтө ири санариптик платформалар, анын ичинде социалдык тармактар, видеохостингдер жана башка санариптик сервистер аркылуу алуудабыз. Бул платформалар маалыматты жайылткан каналдар гана эмес, ошону менен бирге арыкчылыктуусун тандаган жана модерациялоонун алгоритмдик системалары аркылуу контентти көбүрөөк колдонуучу көрүп, көптөр үчүн жеткиликтүү боло тургандай шарттарды аныктаган инфраструктура болуп калды. Натыйжада санариптик платформалар редакциялардын тажрыйбасына жана коомдун өзү үчүн маанилүү маалыматтарга жеткиликтүүлүгүнө гана эмес, көз карандысыз медианын экономикалык туруктуулугуна да олуттуу таасирин тийгизүүдө.

Академиялык жана эксперттик адабияттарда алгоритмдерге көз карандылык көбүнчө платформалык басып алуу концепциясы аркылуу сүрөттөлөт – бул аудиторияга жетүү, контентти жайылтуу, жарнамадан түшкөн кирешеси жана коопсуздук маселелеринде ЖМКнын өтө ири технологиялык компаниялардан түзүмдүк көз карандылыгынын бир түрү. Муну менен катар эле санариптик платформаларды жөнгө салуунун зарылдыгы, анын ичинде контентти модерациялоо үчүн жоопкерчилик, алгоритмдердин ачыктыгы жана коомдук кызыкчылыкты көздөгөн журналистиканы коргоо маселелери боюнча эл аралык талкуулар күч алууда. Платформага көз карандылыктын кесепеттери медиа чөйрөсү чектелүү жана демократиялык институттары аяр абалда болгон өлкөлөрдө өзгөчө байкалууда. Мындай өлкөлөрдө санариптик платформалар көз карандысыз журналисттик контентти жайылтуунун өзөктүк мейкиндигине айланып жатат.

Кыргызстан мындай трансформациянын көрсөтмөлүү мисалы боло алат. Пикирди эркин билдирүүнүн жана ЖМКнын эркиндигинин абалы начарлап, өлкөнүн мамлекеттик эмес медиасы кош басым жасалган шарттарда иштеп жатышат: укук колдонуучу чектөөлөр күчөп, маалыматты жайылтуунун негизги каналдары катары глобалдык санариптик платформаларга көз карандылык көбөйдү. Мындай жагдайларда редакциялар өздөрүнүн санариптик көз карандылыгын кандай кабыл алганы, алгоритмдердин басымына жооп катары кандай стратегияларды түзүп жатканы жана мындай түзүмдүк аярлуулук шартында институционалдык субъективдүүлүктү калыптандыруу мүмкүнбү деген суроо келип чыгат.

Изилдөөнүн методологиялык өзөгүн сапаттык ыкма түзөт, ал өзүнө мамлекеттик эмес медианын өкүлдөрү менен фокус-топту жана контентти жайылтуу үчүн санариптик платформаларды жигердүү колдонгон Кыргызстандын 16 медиа долбоорунун арасында жүргүзүлгөн сурамжылоону камтыйт. Изилдөөнүн аналитикалык бөлүгү редакциялардын платформалык инфраструктура менен өз ара байланышынын ар кандай өңүттөрүн чагылдырган бир нече тематикалык блоктордон турат. Изилдөөнүн жыйынтыктоочу бөлүгү Кыргыз Республикасынын парламентине жана мамлекеттик органдарына, көз карандысыз ЖМКларга, жарандык коомдун уюмдарына, эл аралык донорлорго жана санариптик платформалардын өзүнө даректелген сунуштамаларды камтыйт.

1-тиркемеде "Медиа Полиси Институту" Коомдук фонду өткөргөн эксперттик талкуулардын жыйынтыктары берилди.[1] Бул талкуулар ЮНЕСКОнун пикир билдирүү эркиндиги, контентти модерациялоо жана медианын платформага көз карандылыгы маселелерине арналган өзүнчө тренингдин алкагында уюштурулган. Бул материалдар изилдөөнү медиа жана жарандык сектордун өкүлдөрүнүн алгоритмдерден көз карандылык, контентти монетизациялоо көйгөйлөрү, платформалардын тилдик асимметриясы жана платформалардын колдоо механизмдерине жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги боюнча практикалык байкоолору менен толукташат.

1 Бишкекте жана Ошто Европа Биримдиги каржылаган UNESCO'нун "Социалдык тармактар тынчтык үчүн" (Social Media 4 Peace) долбоорунун алкагында медианын жана өкмөттүк эмес уюмдардын эксперттеринин катышуусунда пикир билдирүү эркиндигине, контентти модерациялоого жана санариптик платформаларды жөнгө салуунун жамааттык ыкмаларына арналган эки күндүк тренинг өттү. Медиа Полиси Институту. (2026, апрель). Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://media.kg/news/v-bishkeke-i-oshe-proshli-treningi-po-teme-svoboda-vyrazheniya-moderacziya-kontenta-i-kollektivnye-podhody-k-regulirovaniyu-czifrovyh-platform/.

# Адабиятка сереп

## Глобалдык медиа чөйрөнүн трансформациясы

Акыркы 20 жылда жалпы дүйнө жүзүндө медиа чөйрөсү терең фундаменталдык трансформациядан өттү, анын натыйжасында маалыматты чыгаруунун, жайылтуунун жана керектөөнүн негизги принциптери кошо өзгөрдү. Эгерде буга чейин окуялар менен аудиториянын ортосундагы негизги ортомчу көз карандысыз ЖМКлар болсо, бүгүнкү күндө маалыматка жетүү көбүнчө өтө ири санариптик платформалар менен аныкталып калды: Very Large Online Platforms (мындан ары – VLOP)[2] (социалдык тармактар, маркетплейстер, видео жана контент платформалары жана барган сайын жасалма интеллекттин негизинде иш алып барган сервистер).[3] Бул платформалар маалыматты жайылтуу каналдарынын чегинен чыгып, маалыматтык мейкиндиктин глобалдык инфраструктурасын түзүп, көзөмөлдү анын агымдарына буруп жатат. Тармактык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын бириктирген аналитикалык платформалардын маалыматтары бул жылышуунун масштабын тастыктап жатат: 5 миллиарддан ашык адам (дүйнө калкынын 60 пайыздан ашыгы) социалдык тармактардын жигердүү колдонуучулары болуп саналат, алар соцтармактарда күн сайын орточо эки сааттан ашык убакыт өткөрүшөт жана контентти негизинен мобилдик түзмөктөр аркылуу алышат, ошол эле маалда аудитория миллиарддаган колдонуучу базасы бар бир нече глобалдык платформаларда топтолууда.[4] Социалдык тармактарда коом үчүн маанилүү темаларга жарыяланган посттордун олуттуу үлүшү жалган маалыматты камтыганын эске алганда[5],  маалыматка жетүүнүн кыйыр мүнөзүнүн гана эмес, колдонуучулардын жаңылыктар жана маалыматтык контент менен баштапкы байланыш түйүнү катары платформалардын ролунун мааниси да артып жатат. Digital News Report 2025 Reuters Institute for the Study of Journalism[6] маалыматына ылайык, дүйнөлүк аудиториянын болжол менен үчтөн бири Facebook жана YouTube аркылуу, ал эми бештен бир бөлүгү Instagram жана WhatsApp аркылуу жаңылыктарды үзгүлтүксүз алып турушат. Бул көрсөткүчтөр жаңылыктарды керектөө көбүрөөк деңгээлде жеке менчик технологиялык компаниялардын инфраструктурасы аркылуу кыйыр түрдө ишке ашырылып жатканын тастыктайт.

Бейтараптуулук жөнүндө билдирүүлөргө карабастан[7], VLOP иш жүзүндө контентти өзүнүн коммерциялык кызыкчылыктары үчүн жайылтып, айтып келген бейтараптуулук принцибин бузуп жатат. Ошол

2 VLOP термини биринчи жолу Европа Биримдигинин Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамына (Digital Services Act, кыскача – DSA) киргизилип, аныктамасы берилген.

3 Европа комиссиясы Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдын (DSA) алкагында бекиткен өтө ири онлайн платформалардын (VLOP) тизмесине 2026-жылдын май айына карата маалымат боюнча, 20дан ашык сервис кирет. Алар: Facebook, Instagram, TikTok, X (Twitter), LinkedIn, Snapchat, Pinterest социалдык тармактары; Amazon Store, AliExpress, Zalando, Shein, Temu маркетплейстери; видео жана контент: YouTube, Wikipedia; WhatsApp мессенжери; Google/Apple сервистери: Google Play, Google Maps, Google Shopping, Apple App Store; саякат: Booking.com. European Commission. ***Supervision of the designated very large online platforms and search engines under DSA.*** [DSA алкагында белгилүү бир өтө ири онлайн платформаларына жана издөө системаларына көзөмөл]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/policies/list-designated-vlops-and-vloses.


4 ShortsIntel. (2026, февраль). ***Global Social Media Usage Statistics*** [ГСоциалдык тармактарды колдонуунун глобалдык статистикасы]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://www.shortsintel.com/statistics/global-social-media-usage.

5 Science Feedback. (2025, сентябрь). *What our first measurement says about disinformation on major platforms in Europe* [Европанын ири онлайн платформаларында жалган маалыматтын биринчи өлчөмү эмнени көрсөтүүдө]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://science.feedback.org/first-measurement-disinformation-major-platforms-europe/.

6 *Reuters Institute Digital News Report 2025* [Reuters Институтунун 2025-жыл үчүн санариптик жаңылыктар жөнүндө жылдык отчету]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://reutersinstitute.politics.ox.ac.uk/sites/default/files/2025-06/Digital_News-Report_2025.pdf

7 Reuters. (2016, сентябрь). ***Facebook CEO says group will not become a media company*** [Facebook’тун башчысы компания медиакомпания болбой турганын билдирди]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://www.reuters.com/article/us-facebook-zuckerberg-idUSKCN1141WN/.

**Глобалдык платформалар жаңылыктардын булагы катары**




1-сүрөт. **Глобалдык платформалар аркылуу жаңылыктарды үзгүлтүксүз алып турган дүйнөлүк аудиториянын үлүшү.** Булак: Reuters Institute Digital News Report 2025.

эле маалда алардын көзөмөлдөнгөн маалыматтын негизги жеткирүүчүлөрү катары позициясы аларды заманбап маалыматтык экосистеманын өзөктүк катышуучуларына айландырып, коомдук пикирдин калыптанышына олуттуу таасирин тийгизүүдө. Платформалар модерациялоонун эрежелери аркылуу контентке таасир эте алгандан тышкары, колдонуучулар кайсы маалыматты кайсы учурда көрөрүн да аныктайт. Бул маалыматты тандап жана бөлүштүрүп чыккан алгоритмдик сунуштама системаларынын эсебинен ишке ашат, ошону менен колдонуучулар эмнелерди көргөнүнө таасир этип, ар кандай көз караштарга жетүүнү ыктымалдуу түрдө чектейт.

БУУнун Пикир билдирүү эркиндиги маселелери боюнча Атайын баяндамачысы белгилегендей, ... "контенттин агрегаторлору жана жаңылыктар сайттары колдонуучулар үчүн маалыматты окуялардын актуалдуулугуна же маанилүүлүгүнө жараша эмес, колдонуучулардын кызыкчылыктарын жана жаңылыктардын артыкчылыктарын болжолдогон жасалма интеллект тиркемелеринин сунуштамасы боюнча тандап алышууда... Ушундан улам жасалма интеллект колдонуучулар үчүн маалыматтарды тандоодо, ал тургай алар аң-сезимдүү кабыл ала турган маалыматтарды да аныктоодо маанилүү, бирок эреже катары жашыруун ролду ойнойт"[8]. Amnesty International уюмунун отчетуна ылайык, социалдык платформалардын сунуштама системалары коомдук талкууга багыт бере алат, айрым темаларды сүрөп, башкаларын көз жаздымында калтырууга жөндөмдүү. Алардын милдети колдонуучулардын көңүлүн мүмкүн болушунча узакка ээлөө болгондуктан, алар адатта күчтүү эмоцияларды жараткан контентке артыкчылык беришет.[9] Бул маанисинен алып караганда 2026-жылдын мартындагы социалдык тармактардан көз карандылык боюнча чуулгандуу ишти белгилей кетүү кызыктуу болот, анда АКШдагы сот Meta [Instagram жана Facebook'ка ээлик кылган компания] жана Alphabet [Youtube видеосервисине ээлик кылган компания] корпорацияларын жаш жете элек колдонуучуга зыян келтирди деп таап, платформалардын дизайнынын өзгөчөлүктөрү тамеки же санариптик казино сыяктуу күчтүү көз карандылыкты пайда кылып, анын психикалык абалынын начарлашына алып келгенин тастыктаган.[10]

8 David Kaye. (2018, август). *UN Special Rapporteur on the Promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression report to the UN General Assembly* [БУУнун Пикир билдирүү эркиндиги жана аны эркин билдирүү укугун колдоо жана коргоо маселеси боюнча Атайын баяндамачысы], 24. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://digitallibrary.un.org/record/1643488?ln=en&v=pdf.

9 Amnesty International. (2025). *Breaking Up With Big Tech* [Big Tech'ти токтотуу]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://www.amnesty.fr/wp-content/uploads/2025/10/aL_-MmGNHVfTO09W_Rapport_Breaking_Up_With_Big_Tech.pdf#:~:text=Social%20media%20platforms%20shape%20what,next%20frontier%20of%20technological%20development.

10 The New York Times. (2026, март). *Meta and YouTube Found Negligent in Landmark Social Media Addiction Case* [Meta жана YouTube социалдык тармактардан көз карандылык боюнча маанилүү иште шалаакылык менен мамиле кылгандыгы үчүн күнөөлүү деп табылды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://www.nytimes.com/2026/03/25/technology/social-media-trial-verdict.html.

Ошентип, көңүлдү бурдурган жана сенсациялуу контентке багыт алган алгоритмдик системалар коом үчүн маалыматтык чөйрөнү бурмалоого жана медиа плюрализмин алсыратууга көмөктөшө алат. Бул адам укуктары боюнча эл аралык документтерде, атап айтканда ЕККУнун RFoM материалдарында бекитилген принциптерге карама-каршы келет. Бул принциптерге ылайык коомдук кызыкчылык жана медиа плюрализм бурмалоодон, жалган маалыматтан жана коомду бөлүп-жаруудан корголууга тийиш[11]. Биринчи кезекте өзүнүн коммерциялык максаттарын көздөгөн платформалардын үстөмдүк кылуучу абалынын шарттарында, жаңылык чыгарган ЖМКлар платформалардын алгоритмдеринин "тузагына" түшүп, контентти жайылтуунун коммерциялык логикасына ыңгайлашууга мажбур болушуда. ЕККУнун ЖМКнын эркиндиги маселелери боюнча Өкүлүнүн Safeguarding Media Freedom in the Age of Big Tech (OSCE RFOM, 2025) басылмасында[12] бул кырдаал платформалык басып алуу (platform capture) концепциясы аркылуу сүрөттөлөт. Мында ЖМКнын аудиторияга жетүү, контентти жайылтуу, жарнамадан түшкөн кирешелер, санариптик инфраструктура жана коопсуздук маселелеринде өтө ири технологиялык компаниялардан структуралык көз карандылык формасын түшүнүш керек[13]. Өтө ири санариптик платформалар жаңылыктарды чыгарган редакциялар үчүн онлайн-аудиториянын негизги бөлүгүн камсыз кылат жана жаңылыктарды окугандардын санынын өсүшүнүн, демек, ЖМК тапкан кирешелердин маанилүү булагы бойдон калууда.

Ошол эле басылмада платформалык басып алуу түшүнүгү менен платформалардын экономикалык модели да түшүндүрүлөт, ал да жаңылыктарды жазган редакцияларды алгоритмдердин бөлүштүрүүсүнө көз каранды кылып жатат. Колдонуучулардын тартылуусу контентти канча жолу басып ачканы, канча убакыт көргөнү жана вирустук жайылуусу[14] менен өлчөнүп, контенттин "актуалдуулугунун" негизги критерийине айланууда. Натыйжада редакциялардын финансылык туруктуулугу алгоритмдердин колдонуучулардын көңүлүн бөлүштүргөнүнө байланыштуу болуп калууда. Алгоритмдер жаңылыктарга жана коом үчүн маанилүү окуяларга эмес, чуулгандуу жана эмоцияларга бай контентке[15] артыкчылык берүү менен жаңылыктарды жазган редакциялар коомдун кызыкчылыгын чагылдырган жаңылыктарды жөнөкөйлөтүүгө же кыскартууга мажбур болгон кырдаалды түзүп жатышат[16]. Платформалык басып алуу ЖМКларда жарнама рыногуна кыйыр жетүүдө да байкалат, бул изилдөөлөргө ылайык, ЖМКнын кирешесинин жана иштеп кетүү жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келди[17].

11 Organization for Security and Co-operation in Europe. (2025). ***Safeguarding Media Freedom in the Age of Big Tech Platforms and AI*** [3Big Tech платформалары жана жасалма интеллект доорунда медиа эркиндигин коргоо]. Вена: ЕККУ. С. 7. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://rfom.osce.org/sites/default/files/f/documents/e/3/598525_1.pdf.

12 Ошол эле жерде.

13 Columbia Journalism Review. (2023, февраль). ***The challenge of platform capture*** [Платформадан көз карандылык маселеси]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://www.cjr.org/special_report/disrupting-journalism-how-platforms-have-upended-the-news-part-8.php.

14 Lee жана Umback ырастагандай, вирустук жайылуу – бул платформалардын алгоритмдик сунуштамаларынын жардамы менен контенттин тез жана кеңири таралып, колдонуучулардын көңүлүн бурдуруп, өзүнө тарта алган процесс. Вирустук жайылуу, эреже катары, кыска мөөнөттүү жана фрагменттелген болот, себеби ал дайыма өзгөрүп турган тренддердин динамикасы катары да, колдонуучулардын коомдоштуктарынын өзгөчөлүктөрү менен да аныкталат. Lee J., Umback J. (2026, февраль). ***The viral turn: rethinking virality in the creator economy on TikTok.*** [Вирустук бурулуш: TikTok'то контентти жаратуучулардын экономикадагы вирустукту кайра баамдоосу] // Continuum, 40(2), 319–344. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://doi.org/10.1080/10304312.2026.2625794.

15 Vosoughi S., Roy D., Aral S. (2018, март). ***The Spread of True and False News Online*** [Интернетте чын жана жалган жаңылыктарды жайылтуу] // Science. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 12-майы, https://www.science.org/doi/10.1126/science.aap9559.

16 Organization for Security and Co-operation in Europe. (2025). ***Safeguarding Media Freedom in the Age of Big Tech Platforms and AI*** [Big Tech платформалары жана жасалма интеллект доорунда медиа эркиндигин коргоо]. Вена: ЕККУ. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 12-майы, https://rfom.osce.org/sites/default/files/f/documents/e/3/598525_1.pdf.

17 Technologies Blog. (2021, май). ***Publishers in the Era of Platforms: How to Turn Platform Dependency Into a Business Driver*** [Платформалар доорундагы басып чыгаруучулар: платформаларга болгон көз карандылыкты бизнести өнүктүрүү факторуна кантип айландырса болот]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 12-майы, https://blog.iotechnologies.com/news-platform-dependency-opportunities-and-challenges/

Редакциялык автономдуулукту сактап калууга аракет кылып, көз карандысыз ЖМКлар эрежелерин трансулуттук технологиялык компаниялар аныктаган экосистемада калышууда. Алардын алгоритмдери колдонуучулар кайсы контентти көрүп, ал эми кайсынысы көз жаздымында каларын аныктайт, ошол эле маалда контентти модерациялоо механизмдери адатта ачык-айкын эмес, күтүүсүздөн өзгөрүп кетет жана көбүнчө алдын ала болжолдоого мүмкүндүк бербейт[18]. Автоматташтырылган модерация ката кетирип алган учурлар көп кездешет: контент платформалардын эрежелерине, ЖМКлардын стандарттарына жана эл аралык ченемдерге жооп берсе да, ал өчүрүлүп, акча табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылып, ал эми аккаунт бөгөттөлүп калууда[19]. Би-Би-Си жарыялаган жана Украинадагы согуш кылмыштарын тастыктаган материалдарды Meta'нын өчүрүп салышын мисал катары келтирсе болот[20]. Ошол эле учурда контент коом үчүн кандайдыр бир деңгээлде маанилүү болсо да же жаңылык катары баалуулугу чоң болсо да Meta'нын эрежелерине ылайык, платформа "эгерде контентти сактоо зыян келтирүү тобокелдиги (физикалык, эмоционалдык же финансылык) менен байланышта болсо же коомдук коопсуздукка тикелей коркунуч жаратса", анда өчүрөт[21]. Платформаларда модерациялоо механизмдеринин ачык-айкын эместигинин жана аярлуулугунун кошумча мисалы (мындай окуялар системалуу түрдө ачык каттоого алынбагандыктан негизинен масштабы кеңири жайылган учурлар гана белгилүү болуп калууда) Борбордук Азияда "Чек арасыз кабарчылар" (RSF) каттаган учур болду. Ошондо Казакстандын жана Өзбекстандын көз карандысыз ЖМКларынын жүздөгөн басылмалары Facebook, Instagram жана YouTube платформаларынан өчүрүлгөн. Буга L'Oréal компаниясынын өкүлдөрүн жана белгилүү журналисттерди имитациялаган адамдардын автордук укуктардын бузулушу жөнүндө жапырт жолдогон жалган даттануулары себеп болгон. RSF изилдөөсү көрсөткөндөй, даттанууларды автоматтык түрдө иштетүү механизмдери көз карандысыз ЖМКларды максаттуу түрдө цензуралоо үчүн колдонулушу мүмкүн, ал эми мындай кайрылуулар дыкат текшерилбегендиктен платформалар манипуляцияларга жана саясий максатты көздөгөн чабуулдардын алдында аяр абалда калууда[22].

Көз карандысыз журналистиканы ушундай жол менен системалуу түрдө алгоритмдер менен цензуралоо коомдун альтернативалык маалыматка жетүү укугун гана чектебестен, ошону менен бирге эркиндик мейкиндиги катары санариптик инфраструктурага болгон ишенимди да азайтууда. Ошол эле учурда санариптик платформаларда медиа жеткиликтүү даттануу жана апелляция берүү аспаптарын колдонгонуна карабастан, бул механизмдердин натыйжалуулугу чектелүү болушу ыктымал, англис тилинде болбогон контентти автоматтык түрдө модерациялоодогу кемчиликтер да кошумча түйшүк жаратууда[23]. Ошол эле маалда мындай чектөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттары адатта платформалык чөйрөнүн иштешинин кадыресе бир бөлүгү катары кабыл алышат. Натыйжада VLOP тара-

18 Gorwa R., Binns R., Katzenbach C. (2020, февраль). ***Algorithmic Content Moderation: Technical and Political Challenges in the Automation of Platform Governance*** [Контентти алгоритмдер менен модерациялоо: платформаларды башкарууну автоматташтыруунун техникалык жана саясий чакырыктары] //Sage Journals. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://journals.sagepub.com/doi/10.1177/2053951719897945.

19 Organization for Security and Co-operation in Europe. (2025). ***Safeguarding Media Freedom in the Age of Big Tech Platforms and AI*** [Big Tech платформалары жана жасалма интеллект доорунда медиа эркиндигин коргоо]. Вена: ЕККУ, 37. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://rfom.osce.org/sites/default/files/f/documents/e/3/598525_1.pdf.

20 BBC. (2023, июнь). ***AI: War crimes evidence erased by social media platforms*** [Жасалма интеллект: Согуш кылмыштарынын далилдерин социалдык тармактардын платформалары өчүрүүдө]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://www.bbc.com/news/technology-65755517.

21 Meta. (2024, ноябрь). ***Жарыялоого татыктуу контентке карата биздин мамилебиз.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://transparency.meta.com/features/approach-to-newsworthy-content/.

22 RSF. (2026, май). ***Борбордук Азиядагы санариптик коркунучтуу түш: L'Oréal компаниясынын атынан жасалган жалган даттануулар көз карандысыз ЖМКлардын социалдык тармактардагы цензурасына алып келди.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://rsf.org/sites/default/files/medias/file/2026/05/BlocageRS.pdf.

23 Poynter. (2025, апрель). ***Meta is failing to stop dangerous disinformation in the world's most spoken languages*** [Meta дүйнөдөгү эң кеңири таралган тилдердеги коопту жалган маалыматтарга каршы тура албай жатат]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://www.poynter.org/fact-checking/2025/meta-disinformation-non-english-languages/.

бынан жасалып жаткан кысымга жана цензурага карата ЖМКлардын институционалдаштырылган, жамааттык жана координацияланган реакциясы дээрлик жокко эсе. "Медиа Полиси Институту" Коомдук фондунун Кыргызстандагы пикир билдирүү эркиндигинин абалына арналган изилдөөлөрүндө катталган айрым кейстер да мындай кырдаалдарды чечүүнүн институционалдык эмес мүнөзүн ырастап жатат. Алсак, 2023-жылы GovoriTV каналына байланышкан учурда көмүскөдө кармаган банды алып салуу формалдаштырылган даттануу жол-жоболору менен иштөөгө эмес, платформанын өкүлдөрү менен бейформал коммуникацияга байланыштырылып келет, бул медианын укуктарын коргоонун институционалдык механизмдеринин чабалдыгынан кабар бериши мүмкүн[24].

Платформалардан көз карандылыктын, алардын эрежелеринин ачык-айкын эместигинин жана коргоо механизмдеринин чабал болушунун бул жыйындысы өзгөчө медиа чөйрөсү чектелген жана институттары аяр абалдагы өлкөлөрдө курчуп баратат. Маалыматты жайылтуунун салттуу каналдары тарып, ал эми көз карандысыз ЖМКлар саясий жана экономикалык кысымга[25] дуушар болуп жаткан шартта, санариптик платформалар коомдук катышуу үчүн дээрлик жалгыз мейкиндикке айланууда[26]. Бирок платформаларга таянуу автономия дегенди билдирбейт: ал аудиторияга жетүү жана финансылык туруктуулук кутүүсүз, ачык-айкын эмес алгоритмдердин чечимдеринен көз каранды болгон түзүмдүк аярлуулуктун жаңы формасын жаратууда.

Ошентип, глобалдык медиа чөйрөнүн трансформациясы көз карандысыз медианын алдына, өзгөчө пикир билдирүү эркиндиги жана ЖМК эркиндиги чектелген өлкөлөрдө кош чакырыкты коюп жатат: бир жагынан алар алгоритмдер көрө ала тургандай логикага ыңгайлашууга, ал эми экинчи жагынан кесипкөй стандарттарды жана коомдук вазыйпаны сактоого мажбур болушат. Бул контекстте платформалардын контентке тийгизген таасири гана эмес, ошону менен бирге редакциялар санариптик инфраструктурага болгон көз карандылыгын кандайча кабыл алып, институционалдаштырганы да негизги маселеге айланууда.

## Жөнгө салуунун глобалдык моделдери

VLOP'тун бийлиги кулачын жайып жаткан кырдаалда дүйнөнүн ар кандай чөлкөмдөрү аларды жөнгө салууга карата өз ыкмаларын иштеп чыга башташты. Санариптик эгемендүүлүк[27] термини улуттук жана регионалдык санариптик стратегияларда борбордук элементке айланууда. Колумбия университетинин укук профессору, глобалдык экономика жана санариптик жөнгө салуу боюнча адис Ану

24 Усенова Б. (2023). ***"Кыргызстан. Ойдон чыгарылган чындык: троллинг, жалган жалаа жабуу жана "жебелерди которуу"***. Бишкек: Медиа Полиси Институту, 20. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://www.media.kg/wp-content/uploads/2023/10/kyrgyzstan.-vymyshlennaya-realnost_-trolling-diskreditacziya-i-_perevod-strelok_avtor.pdf.

25 Саясий жана экономикалык кысым деп Reporters Without Borders (RSF) уюмунун Кыргызстан боюнча отчетунда сүрөттөлгөндөй, көз карандысыз ЖМКга саясий, укуктук жана экономикалык таасирлердин жыйындысын, анын ичинде маалыматка жетүүнү чектөөнү, мыйзамдык чектөөлөрдү, экономикалык кысымды (анын ичинде жарнама жана каржылоо аркылуу), ошондой эле журналисттерди куугунтуктоону түшүнүш керек. Reporters Without Borders (Кыргызстан). (2025). Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://rsf.org/en/country/kyrgyzstan.

26 24.kg. (2023, июль). ***"Бегаим Усенова: Кыргызстандын журналисттери үчүн социалдык тармактар – сөз эркиндигинин акыркы баш калкалоочу жайы"***. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://24.kg/vlast/269737_begaim_usenova_dlya_jurnalistovkr_sotsseti_poslednee_pristanische_svobodyi_slova/.

27 Санариптик эгемендүүлүк түшүнүгүнүн бирдиктүү аныктамасы жок, ушуга байланыштуу ар кандай акторлор аны ар кандай колдонуп, ар башкача чечмелешет. Кеңири маанисинде санариптик эгемендүүлүк мамлекеттин же чөлкөмдүн өзүнүн мыйзамдарына ылайык санариптик технологияларды өндүрүүгө (анын ичинде керектүү чийки заттарды казып алууга жана кайра иштетүүгө), аларды иштеп чыгууга, пайдаланууга жана алардын ишинин жыйынтыктарына таасир этүү, ошондой эле бул процесстерди чектөө жөндөмдүүлүгү катары аныкталат. Taylor&Francis. (2024). ***Digital sovereignty – Rhetoric and reality*** [Санариптик эгемендүүлүк – риторика жана реалдуулук]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://www.tandfonline.com/doi/full/10.1080/13501763.2024.2358984#abstract.

Брэдфорд белгилегендей, технологияларды жөнгө салуунун глобалдык саясатында акырындык менен үч негизги модель калыптанды, алардын ар бири тарыхтын, саясий системанын жана экономикалык артыкчылыктардын өзгөчөлүктөрүн чагылдырат[28].

Америкалык модель тарыхый жактан мамлекеттин мүмкүн болушунча азыраак кийлигишүүсүнө жана рыноктук өзүн-өзү жөнгө салуу артыкчылыгына багытталган деп кабыл алынат. Кытай модели болсо, тескерисинче, "Улуу Кытай файрволу" түшүнүгүнүн айланасында түзүлүп, интернетти мамлекеттин көзөмөлүндө болушу керек[29] улуттук инфраструктура катары карап, чет өлкөлүк веб-сайттарды бөгөттөп, ошол эле учурда кытай платформаларын колдонууну жана жайылтууну колдойт. Платформаларды жөнгө салуунун, кошо жөнгө салуунун жана өзүн-өзү жөнгө салуунун айкалышына негизделген европалык модель[30] санариптик чөйрөдө негизги укуктарды жана демократиялык институттарды коргоого басым жасайт. Мындай модель бир эле маалда атаандаштыкты камсыз кылуу, жеке жашоону коргоо жана функционалдык шайкештикти сактоо менен бирге отчеттуулукту камсыз кылуу максатын көздөйт. Маалыматтарды чек арасыз алмашуу үчүн түзүлгөн чөйрөдө суверенитетти кантип сактап калып, ошол эле маалда глобалдык интернеттин бөлүнүп-ажыроодон кантип сактап калса болот деген маселе негизги болуп саналат.

## Санариптик платформаларды жөнгө салуунун америкалык ыкмасы жана Коммуникацияда адептүүлүк жөнүндө Мыйзамдын (CDA) 230-бөлүмү

Санариптик чөйрөнү жөнгө салуунун америкалык ыкмасы салттуу түрдө мамлекеттин мүмкүн болушунча азыраак кийлигишүү принцибине негизделген. Мындай моделде жөнгө салуу коммуникациялардын инфраструктуралык жана рыноктук өңүттөрүнө көбүрөөк көңүл бурат, ал эми маалыматтын мазмунуна кийлигишүү Конституцияда бекитилген сөз эркиндигинен улам чектелип келген[31]. АКШда онлайн платформалардын контентин жөнгө салуунун негизги элементи – Коммуникацияда адептүүлүк жөнүндө Мыйзамдын (CDA) 230-бөлүмү[32]. Ал платформаларга модерациялоо эрежелерин аныктоодо кеңири эркиндик берет: компаниялар кайсы контентти өчүрүп, ал эми кайсынысын калтырса болорун өздөрү чече алышат. Мындан тышкары, 230-бөлүм алардын колдонуучулардын контенти үчүн жоопкерчилигин чектейт, башкача айтканда, платформа үчүнчү жактар чыгарган контент үчүн тикелей жарандык-укуктук жоопкерчиликке тартылбайт.

2023-жылы Байдендин Администрациясы Конгрессти ири технологиялык компаниялардын (Apple,

28 Oxford University Press. (2023). ***Digital Empires: The Global Battle to Regulate Technology*** [Санариптик империялар: технологияларды жөнгө салуу үчүн глобалдык кармаш]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://global.oup.com/academic/product/digital-empires-9780197649268?cc=kg&lang=en&

29 OxJournal. (2025, сентябрь). ***Digital Sovereignty and the Political Economy of Technology: A Comparative Study of U.S. and China Perspectives*** [Санариптик эгемендүүлүк жана технологиялардын саясий үнөмдөөсү: АКШ менен Кытайдын көз караштарын салыштырмалуу изилдөө]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 13-майы, https://www.oxjournal.org/digital-sovereignty-and-the-political-economy-of-technology/.

30 Horowitz M. A. (2024, май). ***A Balancing Act: EU Media Regulation, Co-Regulation and Self-Regulation in the Digital Age*** [Морт тең салмактуулук: санариптик доордо Европа Биримдигиндеги медианы жөнгө салуу, кошо жөнгө салуу жана өзүн-өзү жөнгө салуу]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://journalismresearch.org/2024/05/a-balancing-act-eu-media-regulation-co-regulation-and-self-regulation-in-the-digital-age/.

31 230-бөлүмгө ылайык берилген иммунитет автордук укукту бузган, ачыктан-ачык сексуалдык мүнөздөгү материалдарды, ошондой эле федералдык кылмыш мыйзамдарын бузган башка контенттерди өчүрүү милдетине карата чектелген.

32 230-бөлүм – Communications Decency Act of 1996 аттуу мыйзамдын алкагында кабыл алынган Communications Act of 1934 жобосу, ал Telecommunications Act of 1996 деп аталган V бөлүм жана жалпысынан интернет-платформаларга алардын колдонуучулары жасаган контентке карата иммунитет берет. АКШда Интернетти пайдалануу жаңыдан гана кеңейип, сервистердин түрү да, колдонуучулардын саны да көбөйө баштаган мезгилде кабыл алынган 230-бөлүмдү Интернеттин өнүгүүсүнө мүмкүндүк берген негизги мыйзам деп атап келишет.

Google, Amazon, Meta) таасирин чектөөгө жана санариптик тармакта монополияга каршы саясатты күчөтүүгө багытталган мыйзамдарды кабыл алууга чакырган. Өлкөнүн абалы тууралуу кайрылуусунда Байден монополияга каршы көзөмөлдү күчөтүүгө жана ири платформалардын атаандаштарынын үстүнөн адилетсиз артыкчылыгын алдын алууга багытталган эки партиялык антимонополиялык мыйзамдарды кабыл алууну колдогон[33]. Мындай аракеттердин алкагында АКШнын Юстиция министрлиги 2020-жылдын 20-октябрында Google компаниясына каршы козголгон ири монополияга каршы ишти уланткан[34]. Доо арызда Google интернетте издөө жана издөө жарнамалары рыногун мыйзамсыз монополияга алганы, муну айрыкча Android түзмөктөрүндө, Apple жана мобилдик операторлор менен кызматташтыкта жасаганы белгиленген. Соттук териштирүү 2023-жылдын сентябрь айында Колумбия округунун Аймактык сотунда башталган[35]. 2026-жылдын башында биринчи иш боюнча процесс уланууда: 2025-жылдын сентябрында издөө рыногундагы монополия тууралуу биринчи иш боюнча соттун чечими кабыл алынган (Google компаниясы Chrome же Android сатууга милдеттүү эмес, бирок эксклюзивдүү издөө келишимдеринен баш тартып, атаандаштары менен айрым маалыматтарды бөлүшүүгө милдеттендирилди).[36] Эми мындан ары тараптар апелляциялык даттануу жол-жобосунан өтүшү керек, эксперттер соттук териштирүү бир нече жылга созулушу мүмкүн деп болжолдошууда.

Ошондой эле 2023-жылы Юстиция министрлиги Google'га каршы жарнамалык технологиялар (adtech) рыногун мыйзамсыз монополдоштуруу тууралуу экинчи монополияга каршы доо арызын берген[37]; 2025-жылдын апрелинде Вирджиниянын Чыгыш округу боюнча Аймактык судьясы Google өзүнүн жарнамалык ишмердигинде мыйзамсыз монополияны түздү деп тапкан[38]. Google компаниясы пресс-релиз чыгарып, компания бул чечимге каршы даттана турганын билдирген.[39] 2026-жылдын башына карата бул иш боюнча өзүнчө биротоло чечим чыга элек. Муну менен катар башка иштерде жөнгө салуу кыйынчылыктарга туш болууда. Мисалы, социалдык тармактарды монополдоштуруу маселеси боюнча Meta компаниясына каршы антимонополиялык иште[40] сот 2022-жылы компаниянын

33 Bloomberg Law. (2023, февраль). ***Biden Calls for Antitrust Measures to Rein in Power of Big Tech*** [Байден Big Tech таасирин чектөө үчүн монополияга каршы чараларды көрүүгө чакырды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://news.bloomberglaw.com/antitrust/biden-calls-for-antitrust-measures-to-rein-in-power-of-big-tech.

34 U.S. Department of Justice. (2020, октябрь). ***Justice Department Sues Monopolist Google for Violating Antitrust Laws*** [АКШнын Юстиция министрлиги монополияга каршы мыйзамды бузгандыгы үчүн Google компаниясын сотко берди]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://www.justice.gov/archives/opa/pr/justice-department-sues-monopolist-google-violating-antitrust-laws.

35 Associated Press. (2024, август). ***Google illegally maintains monopoly over internet search, judge rules*** [Сот Google интернетте издөө рыногунда монополияны мыйзамсыз колдойт деп тапты]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://apnews.com/article/google-antitrust-search-engine-verdict-apple-319a61f20fb11510097845a30abaefd8.

36 BBC. (2025, сентябрь). ***Google not required to sell Chrome or Android, judge rules in win for tech giant*** [Сот Google Chrome же Android'ди сатууга милдеттүү эмес деп чечти, бул технологиялык гигант үчүн жеңиш болду]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://www.bbc.com/news/live/cg50dlj9gm4t.

37 Доо арыз Google'ды 1890-жылдагы Шермандын монополияга каршы мыйзамынын 1- жана 2-беренелерин бузуу менен жарнамалык технологиялар (adtech) рыногун мыйзамсыз монополдоштурду деп айыптайт. Бул доо арыз 2020-жылы башталган биринчи монополияга каршы иштен өзүнчө каралууда, анда Google издөө системаларынын рыногунда мыйзамсыз монополияга ээ болду деп айыпталган. U.S. Department of Justice. (2023, январь). ***Justice Department Sues Google for Monopolizing Digital Advertising Technologies*** [АКШнын Юстиция министрлиги санариптик жарнама технологияларын монополдоштурганы үчүн Google компаниясын сотко берди]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://www.justice.gov/archives/opa/pr/justice-department-sues-google-monopolizing-digital-advertising-technologies.

38 The New York Times. (2025, апрель). ***Google Broke the Law to Keep Its Advertising Monopoly, a Judge Rules*** [Сот Google жарнама рыногундагы монополиясын сактап калуу үчүн мыйзамды бузган деп тапты]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://www.nytimes.com/2025/04/17/technology/google-ad-tech-antitrust-ruling.html.

39 Associated Press. (2025, апрель). ***Google's Digital Ad Network Declared an Illegal Monopoly, Joining Its Search Engine in Penalty Box*** [Google'дын санариптик жарнама тармагы компаниянын издөө системасынын артынан эле мыйзамсыз монополия катары таанылды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://apnews.com/article/google-illegal-monopoly-advertising-search-a1e4446c4870903ed05c03a2a03b581e.

40 Доогер – АКШнын Федералдык соода комиссиясы (Federal Trade Commission, FTC) 1,5 триллион долларга бааланган компанияны WhatsApp мессенжерин жана сүрөттөр менен бөлүшүү үчүн Instagram тиркемесин сатып алуудан баш тартууга мажбурлоого аракет кылган.

пайдасына чечим чыгарган. Чечимдин негизинде WhatsApp менен Instagram'ды бөлүү коркунучу жокко чыккан.[41]

Монополияга каршы аракеттерден тышкары, Байдендин администрациясы алгоритмдерди жана санариптик платформаларды жөнгө салуу зарылдыгын, анын ичинде автоматташтырылган сервистердин, басмырлоочу жана зыяндуу маалыматты жайылтуу тобокелдиктерин изилдеген. 2022-жылы Ак үй бул тармактын, жөнгө салуучу органдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусунда тегерек столдорду уюштурган, анда атаандаштыктын кызыкчылыгында, алгоритмдердин ачыктыгын жана платформалардын жоопкерчилигин күчөтүү максатында ири платформаларды реформалоо принциптери талкууланган.[42]

ТОшентип, коомдук процесстерге таасирин тийгизген онлайн контентти жайылтуу ишин түзүмдөөчү өзөктүк инфраструктуралык оюнчулар катары Big Tech тармагынын ролунун күчөшү менен, АКШда Big Tech'ти жөнгө салууга аракет жасалган. Бул аракеттер саясий багыт өзгөрөрү менен (Трамптын администрациясы) жарым-жартылай же толугу менен токтоду. Монополияга каршы саясатты күчөтүүгө жана санариптик платформаларды атаандаштык жана алгоритмдер көз карашынан жөнгө салууга басым жасаган Байдендин администрациясынан айырмаланып, Трамп платформаларды жөнгө салуу боюнча демилгелерге эл аралык, өзгөчө Европа Биримдиги тарабынан айтылган сындарга басым жасады.

## АКШнын Президенттик Администрациясынын риторикасынын өзгөрүүсү жана VLOP'нын стратегиялык ыңгайлашуусу

2021-жылдын 6-январындагы окуялардан кийин Республикачыл партиянын ичинде жана консервативдик саясатчылардын арасында реакция бирдей болгон жок: Капитолийге чабуул коюуга алып келген аракеттерди айыптап, Дональд Трампты сындоо менен катар[43], санариптик платформалардын цензурасы жана алардын консервативдик добуштарды бөгөттөөдөгү ролу[44] жөнүндө талкуулар бара-бара күчөп, кийинчерээк бириктирилди.[45] ональд Трамп президенттик кызматка кайтып келген шарттарда бул талкууларда санариптик платформалардын контентке чектөөлөрү жана модерациялоо тажрыйбалары тышкы жөнгө салуучу талаптарга, атап айтканда, Европа Биримдиги тараптан жаңырган сындарга байланыштуу болушу мүмкүн деген жүйө да келтирилип жатат. Бул сын-пикир 2026-жылдын

41 Financial Times. (2025, ноябрь). ***Meta Wins US Case That Threatened Split With WhatsApp and Instagram*** [Meta WhatsApp менен Instagram'ды компаниядан бөлүү коркунучун жараткан ишти утуп алды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 14-майы, https://www.ft.com/content/f3206cf5-82d3-4b38-9999-907448b5a6d0?utm_source=chatgpt.com&syn-25a6b1a6=1.

42 Reuters. (2022, сентябрь). ***White House Unveils Principles for Big Tech Reform*** [Ак үй Big Tech чөйрөсүн реформалоо принциптерин сунуштады]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.reuters.com/technology/white-house-holding-roundtable-big-tech-concerns-2022-09-08/.

43 Schneider E. (2021, июль). ***Cheney, Kinzinger Take Center Stage at Jan. 6 Hearing as GOP Leaders Distance Themselves*** [Республикачыл партиянын лидерлери өзүн оолак кармап жаткан шарттарда Чейни жана Кинзингер 6-январдагы окуялар боюнча угууларда көңүл чордонунда болушту] // Politico. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.politico.com/news/2021/07/27/kinzinger-cheney-republican-leaders-jan-6-hearing-500847.

44 Breuninger K. (2021, май). ***Republicans Ramp Up Threats to Big Tech After Trump Facebook Ban Upheld*** [Трамп Facebook'та бөгөттөлгөнү тастыкталгандан кийин республикачылар Big Tech'ке кысымды күчөтүүдө] // CNBC. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.cnbc.com/2021/05/05/republicans-ramp-up-threats-to-big-tech-after-trump-facebook-ban-upheld.html.

45 Lambert T. A., Cooper J. C. (2026, апрель). F***ake News: Why the FTC's Campaign Against «Big Tech Censorship» is Wrong on the Facts and the Law*** [Фейк кабарлар: эмне үчүн АКШнын Федералдык соода комиссиясынын "Big Tech'ке цензурага" каршы өнөктүгү фактылардын жана укуктун көз карашынан алганда туура эмес] // U.C. Law Journal, 2027 (алдыда боло турган). University of Missouri School of Law Legal Studies Research Paper No. 2026-36; George Mason Legal Studies Research Paper No. LS Forthcoming. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://ssrn.com/abstract=6570778 же http://dx.doi.org/10.2139/ssrn.6570778

февраль айында жарыяланган АКШнын Өкүлдөр палатасынын Сот бийлиги боюнча комитетинин баяндамасында да чагылдырылган. Баяндамада[46] Европа комиссиясы контентти модерациялоо боюнча глобалдык эрежелерин өзгөртүү үчүн социалдык тармактардын ири платформаларына басым жасаганы, бул өз кезегинде америкалык колдонуучулардын АКШнын аймагындагы Интернетте пикирин эркин билдирүүсүнө тикелей таасирин тийгизгени айтылат.[47]

Бул талкуу белгилүү бир өзгөрүүлөрдөн кабар берет, себеби Дональд Трамптын биринчи администрациясынын учурунда республикачыл саясатчылардын бир бөлүгү санариптик платформалардын укуктук иммунитетин чектөөгө багытталган Section 230 реформасын талкуулоону демилгелеп, аларды консервативдик добуштарга карата саясий бир жактуулукка айыпташкан.[48] 2020-жылы президент Дональд Трамп онлайн платформаларга жөнгө салуучу көзөмөлдү күчөтүүгө жана алардын укуктук корголушун 230-бөлүмдүн алкагында кайра карап чыгууга багытталган жарлыкка кол койгон. Мындай кадам саясий көз караштагы контентти модерациялоого карата коюлган айыптоолорго негизделген.[49] Бул айыптоолор кийинчерээк “Big Tech censorship” тууралуу кеңири саясий дискурстун бир бөлүгүнө айланып, 2021-жылдын 6-январында Капитолийге кол салуу[50] контекстинде Дональд Трамптын аккаунттары бөгөттөлгөндөн кийин жана платформалардын коомдук-саясий процесстердеги ролу боюнча андан аркы дебаттардан кийин күч алган.[51]

Трамп өзү биринчи мөөнөтүндө платформаларга “корголгон сөздү цензуралоо” мүмкүнчүлүгүн бергени үчүн 230-бөлүмдү сынга алганы менен, 2022-жылдан бери өзүнүн Truth Social платформасына ээлик кылып келет. Бул платформа хостинг жана үчүнчү тараптын контентин модерациялоо үчүн 230-бөлүмдүн коргоосуна ээ. Платформасы ишке киргизилгенден кийин Трамп мыйзамды реформалоо ыктымалдуулугу жөнүндө дээрлик ооз ачкан жок.[52] Ал тургай Дональд Трамп VLOP менен буга чейинки чыр-чатактуу мамилелерин акырындык менен жөнгө салып, анын ичинде аккаунттары бөгөт-

46 U.S. House Judiciary Committee. (2026, февраль). *The Foreign Censorship Threat, Part II: Europe’s Decade-Long Campaign to Censor the Global Internet and How It Harms American Speech in the United States* [Чет өлкөлүк цензура коркунучу, II бөлүк: глобалдык интернетке цензура киргизүү боюнча Европанын он жылдык өнөктүгү жана анын АКШдагы сөз эркиндигине тийгизген таасири]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://judiciary.house.gov/sites/evo-subsites/republicans-judiciary.house.gov/files/2026-02/THE-FOREIGN-CENSORSHIP-THREAT-PART-II-2-3-26.pdf.

47 Буга жооп катары бир катар санариптик укукту изилдөөчүлөр европалык жөнгө салуунун, атап айтканда, Digital Services Act (DSA) мыйзамынын мындай чечмелениши анын укуктук табиятын бурмалап жатканын белгилешет. Алардын пикири боюнча, DSA Европа комиссиясына мыйзамдуу контентти цензуралоо боюнча ыйгарым укуктарды бербейт жана биринчи кезекте колдонуучулардын жол-жоболук укуктарын камсыз кылууга жана мыйзамсыз контентке каршы турууга багытталган бейтарап контент (content-agnostic) режим катары колдонулушу керек. Мындан тышкары, мыйзамдын негизги жоболору, анын ичинде тобокелдикке багытталган мамиле (Articles 34–35) конкреттүү саясий билдирүүлөрдү тикелей жөнгө салууга жол бербейт, ал эми тобокелдиктерди азайтуу боюнча бардык чаралар мазмунуна карата бейтарап бойдон калууга тийиш. U.S. Academic Letter. (2025). ***Hearing on «Europe’s Threat to American Speech and Innovation»*** [“Европанын америкалык сөз эркиндигине жана инновацияларга коркунучу” темасына өткөн угуулар]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://husovec.eu/wp-content/uploads/2025/09/US-Academic-Letter-DSA-Censorship.pdf.

48 Josh Hawley. (2019, июнь). ***Senator Hawley Introduces Legislation to Amend Section 230 Immunity for Big Tech Companies*** [Сенатор Хоули ири технологиялык компанияларга иммунитет берген 230-бөлүмгө түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун киргизди]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.hawley.senate.gov/senator-hawley-introduces-legislation-amend-section-230-immunity-big-tech-companies/.

49 Wilson Sonsini. (2020, июнь). *Executive Order Directed to Section 230 to Increase Regulatory Scrutiny of Online Services* [Онлайн сервистерди жөнгө салууну күчөтүү үчүн 230-бөлүмгө багытталган жарлык]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.wsgr.com/en/insights/executive-order-directed-to-section-230-to-increase-regulatory-scrutiny-of-online-services.html.

50 BBC. (2021, февраль). *Capitol Riots: Did Trump’s Words at Rally Incite Violence?* [Капитолийге кол салуу: Трамптын митингдеги сөздөрү зомбулукка козутканбы?]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.bbc.com/news/world-us-canada-55640437.

51 Monnet, S. (2024, апрель). *«Deplatforming» Donald Trump was a necessary quick fix. What now?* [Дональд Трамптын “деплатформинги” чукул чара болчу. Мындан ары эмне болот?] // Diplo (DiploFoundation). Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.diplomacy.edu/blog/deplatforming-donald-trump-was-necessary-quick-fix-what-now/.

52 Columbia Journalism Review. (2024, декабрь). *Whither Section 230 Under Trump 2.0?* [Трамп 2.0 режиминде 230-бөлүмдү кандай өзгөрүүлөр күтүүдө?]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 18-майы, https://www.cjr.org/the_media_today/section_230_trump.php.

төлгөндөн кийин анын риторикасынын багыты да өзгөрүүдө: буга чейин платформалардын өзү сынга алынып келсе, эми Европа Биримдигинин санариптик платформаларга карата жөнгө салуу демилгелери[53], анын ичинде 2020-жылдан бери кабыл алынган чаралар сындалууда.[54] ЗБул жерде атап айтканда, кабыл алынган Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө директива (DSA), ошондой эле ал күчүнө киргенге чейин колдонулган жана андан ары DSA алкагына интеграцияланган өзүн-өзү жөнгө салуу кодекстери[55] жөнүндө сөз болуп жатат. Алар: Мыйзамсыз кастык тилине каршы туруу боюнча жүрүм-турум кодекси (2016)[56] жана алгач 2018-жылы кол коюлган жана 2022-жылы кыйла күчөтүлгөн Жалган маалымат боюнча кодекс.[57]

Буга кошумча Дональд Трамптын экинчи мөөнөтү башталгандан бери VLOP'нын жаңы саясий чөйрөгө стратегиялык ыңгайлашуусу байкалууда. Алсак, 2025-жылдын январында АКШдагы президенттик шайлоодо Трамп жеңип чыккандан кийин Meta компаниясынын башкы директору Марк Цукерберг Кошмо Штаттарындагы Facebook жана Instagram платформаларындагы узак мөөнөттүү көз карандысыз фактчекинг программасы токтотулганын жарыялаган[58], бул фактыларды текшерүү менен алектенген эл аралык уюмдардын айыптоосун жараткан.[59] Meta'нын контентти модерациялоо саясатын жумшартуусу компаниянын Трамптын консервативдик контентти цензуралоого карата сын-пикирлерине ыңгайлашуусу катары караса болот; жана бул Цукерберг президентти эл алдында мактап, аны менен

53 Tauber A. (2026, февраль). *US Republicans Accuse the EU of 'Decade-Long Censorship Campaign'* [АКШда республикачылар Европа Биримдигин "он жылдык цензура өнөктүгүнө" айыпташты] // EUobserver. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://euobserver.com/201378/us-republicans-accuse-the-eu-of-decade-long-censorship-campaign/.

54 Европа бийлиги алардын жөнгө салуу ыкмасы Евбиримдикте иштеген бардык компанияларга өз эрежелерин бирдей жана адилеттүү колдонууга негизделгенин ырастоодо. CNN. (2026, январь). *Trump administration's vision of US tech dominance is colliding with Europe* [Трамптын администрациясынын америкалык технологиялык компаниялардын үстөмдүгүнө карата көз карашы Европанын позициясына каршы келет]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://edition.cnn.com/2026/01/12/tech/us-eu-tech-regulation-fight-explained. Бул жөнгө салуулардын мүнөздүү өзгөчөлүгү алардын экстерриториялык аракети болуп саналат. Алар Евробиримдиктин компанияларына гана эмес, анын жарандарынын дайындарын иштеткен чет элдик компанияларга да тиешелүү.

55 Бул кодекстерди ар кандай баскычтарда Very Large Online Platforms (VLOPs) колдоого алып, кол коюшкан. Мыйзамсыз кастык тилине каршы күрөшүү кодексине алгач 2016-жылы Google, YouTube, Facebook, Twitter жана Microsoft кол коюшкан; 2018-2019-жылдары ага Instagram, Google+, Dailymotion, Snap жана Jeuxvideo.com кошулган, бул Евробиримдиктеги онлайн платформалар рыногунун болжол менен 96% камтыган. Жалган маалымат тууралуу кодекске алгач 2018-жылы бир катар ири платформалар, анын ичинде негизги өтө ири платформалар – Google, YouTube, Facebook, Twitter жана Microsoft кол коюшкан; 2022-жылы кодекс кыйла күчөтүлүп, ал эми кошумча платформалар жана кызыкдар тараптар текшерүү процессине кошулуп, катышуучулардын масштабы жана жоопкерчилиги кеңейген. European Commission. (2025, январь). *Commission welcomes the integration of the revised Code of conduct on countering illegal hate speech online into the Digital Services Act* [Европа комиссиясы Интернеттеги кастык тилине каршы жүрүм-турум боюнча жаңыртылган кодекстин Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдын алкагына киргизилишин кубаттайт]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/news/commission-welcomes-integration-revised-code-conduct-countering-illegal-hate-speech-online-digital; *European Commission. The 2022 Code of Practice on Disinformation.* [2022-жылдагы Жалган маалыматка каршы күрөшүү боюнча практика кодекси]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/policies/code-practice-disinformation.

56 European Commission. *The EU Code of conduct on countering illegal hate speech online* [Европа Биримдигинин Интернетте мыйзамсыз кастык тилине каршы жүрүм-турум боюнча кодекси]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://commission.europa.eu/strategy-and-policy/policies/justice-and-fundamental-rights/combatting-discrimination/racism-and-xenophobia/eu-code-conduct-countering-illegal-hate-speech-online_en.

57 European Commission. (2022, июнь). *Signatories of the 2022 Strengthened Code of Practice on Disinformation* [2022-жылдагы Жалган маалыматка каршы аракеттенүү боюнча практиканын күчөтүлгөн кодексине кол койгон тараптар]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/library/signatories-2022-strengthened-code-practice-disinformation.

58 NBC News. *Meta is ending its fact-checking program in favor of a 'community notes' system similar to X's* [Meta компаниясы X платформасында колдонулган "community notes" системасынын пайдасына фактыларды текшерүү программасын токтотууда]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.nbcnews.com/tech/social-media/meta-ends-fact-checking-program-community-notes-x-rcna186468.

59 Reuters Institute. (2025, январь). *Amid war, vicious attacks and political turmoil, global fact-checkers fear the impact of the end of Meta's programme* ["Согуштун, катуу чабуулдардын жана саясий туруксуздуктун фонунда дүйнө жүзүндөгү фактчекерлер Meta'нын өз программасын токтотуунун кесепеттеринен кооптонушууда"]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://reutersinstitute.politics.ox.ac.uk/news/amid-war-vicious-attacks-and-political-turmoil-global-fact-checkers-fear-impact-end-metas.

тынбай жолугуша баштаганы менен кыйыр түрдө тастыкталууда.[60] ВФактчекингдин ордуна Meta X платформасында (мурдагы Twitter) колдонулган "community notes" деп аталган системаны киргизди, анда посттордун тактыгы тууралуу пикирлерди колдонуучулар өздөрү жазып, баа беришет; бул системаны да көптөн бери жалган маалымат менен күрөшүп келаткан эксперттер сынга алып келишет.[61]

2025-жылы бир нече VLOP Дональд Трамптын 2021-жылдын январында аккаунттары бөгөттөлгөндөн кийин (Капитолийге кол салуу 6-январда болгон) берген доо арыздарын сотко чейинки тартипте жөнгө салуу жолун тандап алышты, бирок АКШнын Конституциясына киргизилген Биринчи түзөтүү платформаларга сотто жеңишке кепилдик берген.[62] Алсак, Meta компаниясы президент Дональд Трампка 25 миллион долларга жакын,[63] X платформасы 10 миллион долларга жакын,[64] ал эми YouTube 24,5 миллион долларга жакын сумманы[65] төлөп берүүгө макул болушкан. TikTok'тун айланасындагы кырдаал мамлекеттин технологиялык тармак менен болгон мамилесиндеги ролунун күчөшүнүн кошумча көрсөткүчү болду. ByteDance компаниясына таандык платформанын америкалык сегментти реструктуризациялоо боюнча бүтүмдүн алкагында АКШнын администрациясы сүйлөшүүлөрдүн жигердүү катышуучусу катары чыгып, ЖМКларга чыккан маалымат боюнча, инвесторлорду мамлекеттин пайдасына 10 миллиард долларга чейин комиссия төлөтө алышкан.[66] Мындай учурда сөз классикалык жөнгө салуу жөнүндө эмес, мамлекеттин жеке корпоративдик бүтүмдөргө кеңири кийлигишүүсү жөнүндө болуп жатат, мында ал жөнгө салуучу катары гана эмес, ошону менен бирге процесстин иш жүзүндөгү катышуучусу катары да чыгып жатат. Бул өз кезегинде АКШ администрациясынын позициясындагы карама-каршылыкты көрсөтүүдө: бир жагынан ал Евробиримдиктеги жөнгө салуучу чараларды ачык сындаса, экинчи жагынан өлкө ичиндеги жеке корпоративдик бүтүмдөргө тикелей кийлигишип жатат. Мындай макулдашуулар VLOP'нын саясий жана жөнгө салуучу тобокелдиктерди азайтуу максатында АКШнын учурдагы администрациясы менен чатакташпагысы келгенинен кабар бере алат. Бул алардын модерациялоо саясатынын жана сунуштоо алгоритмдеринин көз карандысыздыгына гана эмес, жалпысынан эле алардын ишиндеги стратегиялык өңүттөрүнө да байланыштуу суроолорду жаратууда.

60 NPR. (2024, ноябрь). ***Zuckerberg dines with Trump in Mar-a-Lago*** [«"Цукерберг Трамп менен Мар-а-Лагодо тамактанды"]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.npr.org/2024/11/28/g-s1-36123/zuckerberg-dines-with-trump-in-mar-a-lago.

61 Center for Countering Digital Hate. (2024, октябрь). ***Rated not helpful: How X's Community Notes system falls short on misleading election claims*** [Баа: пайдасыз. X платформасынын Community Notes системасы шайлоо тууралуу адаштыруучу билдирүүлөргө ээ боло албай жата]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 11-майы, https://counterhate.com/research/rated-not-helpful-x-community-notes/; Poynter. (2023, июнь). ***Why Community Notes mostly fails to combat misinformation*** [Эмне үчүн Community Notes көпчүлүк учурларда жалган маалыматка каршы күрөшө албай жатат]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.poynter.org/fact-checking/2023/why-twitters-community-notes-feature-mostly-fails-to-combat-misinformation.

62 АКШнын Конституциясына киргизилген биринчи түзөтүү жарандарды жеке компаниялардын эмес, мамлекеттин кийлигишүүсүнөн коргойт, мындан улам бул өңүт сот процессинде компанияларды коргоодо күчтүү жүйө болуп бере алат.

63 NPR. (2025, январь). ***Meta agrees to pay Trump $25 million to settle lawsuit over Facebook and Instagram suspensions*** [Meta компаниясы Facebook менен Instagram'дын бөгөттөлүшүнө байланыштуу доомatty жөнгө салуу үчүн Трампка 25 миллион доллар төлөп берүүгө макул болду]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.npr.org/2025/01/29/nx-s1-5279570/meta-trump-settlement-facebook-instagram-suspensions.

64 The New York Times. (2025, февраль). ***Elon Musk's X Settles Trump Lawsuit*** [Илон Масктын X платформасы Трамптын доосун жөнгө салды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.nytimes.com/2025/02/12/technology/musk-x-settles-trump-lawsuit.html.

65 CBS News. (2025, сентябрь). ***YouTube to pay $22 million for White House ballroom to settle lawsuit from Trump*** [YouTube Трамптын доосун жөнгө салуу үчүн Ак үйдүн бал залын курууга 22 миллион доллар төлөп берет]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.cbsnews.com/news/youtube-settles-trump-lawsuit-white-house-ballroom/

66 The New York Times. (2026, март). ***TikTok Investors Set to Pay $10 Billion Fee to Trump Administration*** [TikTok'тун инвесторлору Трамптын администрациясына 10 миллиард доллар көлөмүндө комиссия төлөп бериши керек]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 20-майы, https://www.nytimes.com/2026/03/13/business/trump-tiktok-10-billion-fee.html?nl=breaking-news&segment_id=216644.

### Европанын Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамы (Digital Services Act)

Ушундай шартта европалык модель санариптик платформалардын иши үчүн институционалдык жана укуктук алкакты түзүүгө умтулуусу менен айырмаланып турат. Дайындарды коргоо боюнча жалпы регламент (GDPR), Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзам (DSA) жана Санариптик рыноктор жөнүндө мыйзам (DMA) коомдук кызыкчылыктар менен экономикалык жигердүүлүктүн ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууда глобалдык багыт көрсөтүүчүлөргө айланды.[67] 2024-жылы күчүнө кирген Санариптик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзам заманбап коомдук чөйрөнүн иштешинде санариптик платформалардын маанилүү ролун таануу менен алардын ишин системалуу түрдө жөнгө салуу боюнча масштабдуу аракети болду. DSA'нын алкагында өзгөчө милдеттенмелер Европа Биримдигинде 45 миллиондон ашык колдонуучусу бар ири онлайн-платформаларга (VLOP – Facebook, Tik Tok, Youtube жана башкалар) жүктөлүп жатат.

DSA кыйла коопсуз, болжолдоого мүмкүндүк берген жана ишенимге татыктуу санариптик мейкиндикти түзүүгө багытталган. DSA'нын преамбуласында ортомчулук кызмат көрсөтүүчүлөрдүн жоопкерчиликтүү жүрүм-туруму коопсуз жана ишенимдүү онлайн чөйрөнү түзүүнүн негизги шарты болуп саналаары баса белгиленет. Мындай чөйрөдө Европа Биримдигинин жарандары Европа Биримдигинин Негизги укуктардын хартиясында бекитилген негизги укуктарын, анын ичинде пикир билдирүү эркиндигин жана маалымат алуу эркиндигин, ишкердик иш жүргүзүү эркиндигин, басмырлоодон коргонуу укугун толук колдонуп, керектөөчүлөрдү коргоонун жогорку деңгээли камсыздалат.[68]

Бул принциптерге ылайык, DSA платформаларды мыйзамсыз жана зыяндуу контентти жайылтуу тобокелдиктерин азайтууга милдеттендирет, ошондой эле контентти өчүрүүдө ачык-айкындуулукка басым жасап, платформалардан мындай чечимдин себептерине түшүндүрмө берүүнү талап кылат. Колдонуучуларга платформанын ичинде да, талаш-тартыштарды сотко жеткирбей чечүү механизмдери аркылуу да модерациялоо боюнча чечимдерге даттануу мүмкүнчүлүгү берилет. Бул талаптардын аткарылышына көзөмөлдү Европа комиссиясы санариптик кызмат көрсөтүүлөрдүн координаторлору – мүчө мамлекеттердин деңгээлинде мыйзамдардын сакталышына көз салган улуттук органдар менен биргеликте жүзөгө ашырууда.

Платформалардын Code of Practice on Disinformation мыйзамына кеңири кошулуп жатканына жана анын Digital Services Act мыйзамынын алкагына интеграцияланганына карабастан, иш жүзүндө кол коюучунун расмий статусу менен милдеттенмелерди иш жүзүндө аткаруунун ортосунда олуттуу ажырымды көрүүгө болот. Бир катар платформалар өздөрүн Кодекстин катышуучулары катары көрсөтүүнү улантууда, ошол эле учурда негизги милдеттенмелерин аткарууну азайтып же толугу менен токтотууда. Евробиримдиктеги фактчекинг стандарттарынын сакталышына жана Жалган маалымат боюнча кодексинин аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча эксперттик тармактын, European Fact-Checking Standards Network (мындан ары – EFCSN) маалыматы боюнча, Google'дын фактчекерлер менен мурдагыдай келечектүү кызматташтыгына карабастан, компания YouTube сыяктуу фактчекинг коомдоштугу менен өз байланыш түзүү бөлүмүнөн баш тартты. YouTube фактчекингди өз платформаларына интеграциялоого аракет кылган жок, ал эми Google өзүнүн абдан ийгиликтүү ClaimReview фактчекинг белгилерин өчүрүп салды.[69] TikTok'тун фактчекинг программасы бар жана

67 OECD. *Productivity and business dynamism* [Бизнестин өндүрүмдүүлүгү жана динамикасы]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://www.oecd.org/en/topics/productivity-and-business-dynamism.html.

68 European Commission. (2026, май). *Supervision of the designated very large online platforms and search engines under DSA* [DSA алкагында белгилүү бир өтө ири онлайн платформаларга жана издөө каражаттарына көзөмөл]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/policies/list-designated-vlops-and-vloses.

69 European Fact-Checking Standards Network. (2025). *The moment of truth for the Code of Conduct on Disinformation.* [Жалган маалыматка каршы туруу боюнча практика кодекси үчүн чындыктын учуру]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://efcsn.com/policy/report-released-the-moment-of-truth-for-the-code-of-conduct-on-disinformation/.

Кодекстин тиешелүү главасына кол койгон, бирок 2025-жылдын январындагы жазылуу жөнүндө документте башка платформалардын катышуусуна жараша милдеттенмелерди койгон шилтеме бар болчу. Meta'нын үчүнчү тараптын фактчекинг программасы көп жагынан өз классындагы мыкты программалардын бири, бирок 2025-жылдын башында АКШда токтотулуп, Community Notes моделине өткөндүгү жарыялагандан кийин EFCSN анын келечегине абдан тынчсызданып жатат. Community Notes модели X/Twitter'де жаралган көйгөйлөрдүн белгилерин көрсөтүүдө.

Академиялык адабияттарда санариптик платформаларды жөнгө салуунун кесепеттери боюнча бирдиктүү мунаса пикир жок: бир катар авторлор бийликтин бир жерде топтолушуна жана ченемдик талаптарды сактоого кеткен чыгымдардын өсүшүнө байланышкан ыктымалдуу түзүмдүк натыйжаларга шилтеме жасашууда. Санариптик саясат жана технологиялык жөнгө салуу жаатындагы эксперт Кори Доктороу санариптик платформаларды жөнгө салуунун айрым формалары ири технологиялык компаниялардын рыноктогу бийлигин байкабастан күчөтүп коюушу мүмкүн деп ырастайт. Анын баамында, бул жөнгө салуу фактысынын өзүнөн эмес, мисалы, контентти модерациялоо жана ченемдерди сактоо чөйрөсүндөгү татаал талаптарды аткаруу негизинен рынокто үстөмдүк кылуучу оюнчулар үчүн жеткиликтүү болгон олуттуу ресурстарды жана технологиялык инфраструктураны талап кылгандыктан болуп жатат. Натыйжада мындай чаралар кирүүдө тоскоолдуктарды көбөйтүп, атаандаштыктын деңгээлин төмөндөтүшү мүмкүн. Альтернатива катары ал үчүнчү тараптын сервистерине ири платформалар менен өз ара байланыш түзүүгө жана муну менен атаандаштыктын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, альтернативалык сервистердин пайда болушунун эсебинен алардын монополиялык бийлигин азайтууга мүмкүндүк берген интероперабелдүүлүктү өнүктүрүүнү сунуштайт.[70] Юрист жана санариптик платформаларды жөнгө салууну изилдеп жүргөн Дефна Келлер санариптик сөздүн үстүнөн бийликти борборлоштуруунун окшош көйгөйүн көтөрүп, онлайн контентти башкаруунун өзөктүк моделдери платформалар аркылуу да, мамлекеттик жөнгө салуу аркылуу да пикирлерди билдирүүгө көзөмөлдү күчөтүүгө алып келерин белгилейт. Анын талдоосунда модерациялоону толугу менен платформаларга өткөрүп берүү да, мамлекеттик жөнгө салуу системасы да оптималдуу чечим болуп бербей турганы баса белгиленет, себеби эки ыкма тең сөздүн үстүнөн борборлоштурулган көзөмөлдү күчөтөт. Ал колдонуучулардын тандоосун кеңейтүүгө негизделген моделдерди, анын ичинде "middleware" моделин артыкчылыктуу ыкма катары карайт.[71] Бул модель – колдонуучуларга контентти чыпкалоо жана керектөө эрежелерин интероперабелдүүлүктүн негизинде платформалар менен ыктымалдуу түрдө интеграцияланган, атаандаш үчүнчү тараптын модерациялоо сервистери аркылуу өз алдынча аныктоого мүмкүндүк берген чечимдер.

### ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык акт (European Media Freedom Act)

Эгерде DSA биринчи кезекте санариптик коммуникациянын инфраструктурасы катары платформаларды жөнгө салууга багытталган болсо, анда европалык жөнгө салуу архитектурасын талдоонун алкагында ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык актыны (European Media Freedom Act, мындан ары – EMFA) да карап чыгыш керек. Ал медианы жана журналистиканы өзүнчө институт катары коргоого

70 The Economist. (2019, июнь). *Regulating Big Tech makes them stronger, so they need competition instead* [Big Tech тармагын жөнгө салуу аларды күчтүү кылат, ошондуктан анын ордуна атаандаштык керек]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://www.economist.com/open-future/2019/06/06/regulating-big-tech-makes-them-stronger-so-they-need-competition-instead?fsrc=gp_en?fsrc=scn/tw/te/bl/ed/regulatingbigtechmakesthemstrongersotheyneedcompetitioninsteadopenvoices.

71 Keller D. (2022, июнь). *Lawful but Awful: Control over Legal Speech by Platforms, Governments, and Internet Users* [Мыйзамдуу, бирок кооптуу: Платформалардын, мамлекеттердин жана интернет колдонуучулардын мыйзамдуу сөздөрүнө көзөмөл] // University of Chicago Law Review Online. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://lawreview.uchicago.edu/online-archive/lawful-awful-control-over-legal-speech-platforms-governments-and-internet-users.

багытталган кошумча механизмдерди киргизет. Бул актынын негизги жоболорунун бири 18-берене болуп саналат. Бул беренеде кесиптик стандарттарга ылайык түзүлгөн журналисттик контентти онлайн платформаларда эч жүйө келтирбестен өчүрүүдөн коргоонун конкреттүү механизмдери каралган.[72] Бул жоболорго ылайык, VLOP медиа-провайдерлерге алардын журналисттик материалдарын өчүрүү ниети жөнүндө алдын ала кабарлоого жана мындай чечимдин себептерин түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Мындан тышкары, контентти өчүрүү тууралуу чечим күчүнө киргенге чейин медиа-провайдерлерге 24 саат убакыт берилет.

Бул кепилдиктерден пайдалануу үчүн медиа-провайдерлер, ушул мыйзамга ылайык, EMFA талаптарына ылайык платформалар өз интерфейстерине киргизүүгө милдеттүү болгон атайын декларациялык функциясы аркылуу белгилүү бир критерийлерге шайкештигин ырасташы керек. Бул функция анкета түрүндө түзүлсө болот. Медиа-провайдерлер анкетаны толтуруп, аны боттор толтурбашы үчүн электрондук кол тамга же башка ыкма менен ырастай алат.[73] Тактап айтканда, медиа-провайдерлер өздөрүнүн редакциялык көз карандысыздыгын, кесипкөй стандарттарга шайкештигин жана көзөмөлдүн же өз алдынча жөнгө салуу механизмдеринин бар экендигин ырасташы керек, ошондой эле жарыяланган контент (анын ичинде жасалма интеллектти колдонуу менен түзүлгөн контент) редакциялык көзөмөлдөн өтөрүн билдирүүгө тийиш. Мындан тышкары, медиа-провайдерлер өздөрүнүн юридикалык жана байланыш маалыматтарын, ошондой эле тиешелүү жөнгө салуучу органдардын же өзүн-өзү жөнгө салуучу түзүмдөрдүн байланыш маалыматтарын бериши керек, бул VLOP'ко көрсөтүлгөн статусту текшерүүгө мүмкүндүк берет.[74]

Өз кезегинде VLOP декларацияларды алгандыгын тастыктоого жана медиа-провайдерлер алар менен түздөн-түз жана ыкчам байланыша алышы үчүн зарыл маалыматтарды берүүгө милдеттүү. Декларацияларды кабыл алуу, четке кагуу же жокко чыгаруу жөнүндө чечимдер VLOP'нын өзүнүн шарттарына жана эрежелерине эмес, 18 (1)-берененин критерийлерине шайкеш келүүсүнө гана негизделиши керек. Бул чаралардын бардыгы платформалардын алгоритмдик бийлигинин чектерин институционалдаштырууга, ошондой эле санариптик маалыматтык чөйрөдө кесипкөй журналистиканын өзгөчө ролун таанууга багытталган.

Ошону менен бирге 18-берененин жоболору кесипкөй жана эксперттик коомчулукта кызуу талкууларды жаратты. Айрым изилдөөчүлөр жана медиа тармагынын өкүлдөрү, анын ичинде фактчекер уюмдар медиага өзгөчө статус берүү ачык-айкындуулукту жетиштүү деңгээлде жогорулатууну камсыз кылбастан, жалган маалыматты жайылтууга же жашыруун маалыматтык операциялар үчүн колдонулушу мүмкүн деп кооптонуп жатышат.[75] Башкалар "медиалык артыкчылык" деп атала жүргөн концепциянын өзүнөн күмөн санашат жана EMFAда колдонулган "медиа-провайдерлер" деген аныктаманы сындап, ал өтө кууш маанисинде берилип калган деп эсептешет, себеби бул аныктама журналисттик иштин ар

72 European Commission. (2022, июнь). ***Guidelines under Article 18 of the European Media Freedom Act (EMFA)*** [ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык актынын (EMFA) 18-беренесине ылайык жетектөөчү принциптер]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://digital-strategy.ec.europa.eu/en/library/guidelines-under-article-18-european-media-freedom-act-emfa.

73 Global Policy Watch. (2026, февраль). ***European Commission Issues Guidelines on Article 18 of the European Media Freedom Act*** [Европа комиссиясы ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык актынын 18-беренесине ылайык жетектөөчү принциптерди чыгарды]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 21-майы, https://www.globalpolicywatch.com/2026/02/european-commission-issues-guidelines-on-article-18-of-the-european-media-freedom-act/.

74 Official Journal of the European Union. (2024, апрель). ***Regulation (EU) 2024/1083 of the European Parliament and of the Council of 11 April 2024 establishing a common framework for media services in the internal market and amending Directive 2010/13/EU (European Media Freedom Act), Article 18*** [Европа Парламентинин жана Кеңешинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги ички рыноктогу медиа кызмат көрсөтүүлөр үчүн жалпы алкакты белгилөө жана 2010/13/ЕБ Директивасына (ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык акты) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (ЕБ) 2024/1083 Регламенти, 18-берене]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://eur-lex.europa.eu/legal-content/EN/TXT/HTML/?uri=OJ:L_202401083.

75 Cesarini P., De Gregorio G., Pollicino O. (2023). ***The Media Privilege in the European Media Freedom Act*** [ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык актысындагы медианын артыкчылыгы] // MediaLaws. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.medialaws.eu/wp-content/uploads/2023/09/EMFA_Rev-1.pdf.

кандай формаларын коргоо чөйрөсүнөн чыгарып салууда.[76]

Белгилей кетүүчү нерсе, Евробиримдиктин санариптик платформаларга карата жөнгө салуучу архитектурасын күчөтүү платформалык компаниялардын жигердүү каршылыгы менен коштолуп келатат. Бул платформалар жөнгө салуучу күн тартибин түзүүгө таасир этип, ыктымалдуу чектөөлөрдү жумшартуу үчүн өздөрүнүн финансылык жана институционалдык ресурстарын колдонушат. Amnesty International уюмунун отчетуна ылайык, 2024-жылы Meta компаниясы АКШда эле 24 миллион доллардан ашык суммага лоббилик кылууга кеткен чыгымдар тууралуу билдирген[77]. Европа Биримдигинин Айкындуулук реестриндеги маалыматтарды, Европа парламентинин аккредитацияланган өткөрмө ээлери тууралуу дайындарын жана Европа комиссиясынын лоббисттер менен жогорку деңгээлдеги жолугушуулары тууралуу маалыматтарын бириктирген LobbyFacts сайтынын маалыматы боюнча, Meta 2024-жылы өзүнүн лоббилик кылууга кеткен чыгымдарынан тышкары, консалтингдик фирмалар жана юристтер аркылуу лоббилик ишке 725 миңден 1,5 миллион еврого чейин сарптаган.

Сын-пикирлерге карабастан, платформаларды жөнгө салуу жаатындагы европалык демилгелерди платформалардын үстөмдүк кылуучу бийлиги үчүн институционалдык чектерди орнотуп, алгоритмдер менен башкарылган маалыматтык чөйрөдө коомдук кызыкчылыкты көздөгөн журналистиканы коргоо максатындагы аракет катары кароого болот. Кеңири маанисинен алып караганда, бул – санариптик маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны жөнгө салууну укуктук жана демократиялык отчеттуулук мейкиндигине кайтаруу аракети.

Көз карандысыз ЖМК саясий кысымга, экономикалык чектөөлөргө кабылган жана маалыматты жайылтуунун салттуу каналдары азайып жаткан мамлекеттерде глобалдык санариптик платформалардан көз карандылык өзгөчө маанилүү болуп жатат. Мындай шарттарда алгоритмдик чечимдер жана модерациялоонун ачык эмес тажрыйбалары коом үчүн маанилүү журналисттик контенттин көп көрүлгөнүнө, аудиторияга жетүүгө, медиа уюмдардын туруктуулугуна жана журналисттердин коопсуздугуна олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн.[78]

Дал ушундай маанисинен алганда, көз карандысыз медианын санариптик платформалар менен өз ара байланыш түзүүсүн, маалыматты бөлүштүрүүнүн жана көрсөтүүнүн алгоритмдер менен башкарылуучу платформалык инфраструктурасына өзүнүн көз карандылыгын кандайча кабыл алып жатканын талдоо өзгөчө маанилүү болуп турат.

76 European University Institute. (2025). *The media privilege is finally unfolding: now what? Discussing the implementation of Article 18 of the European Media Freedom Act* [Медианын артыкчылыгы акыры ачыла баштады: мындан ары эмне болот? ЖМКнын эркиндиги жөнүндө европалык актынын 18-беренесинин аткарылышын талкуулоо]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.eui.eu/events?id=577436.

77 Amnesty International. (2025). ***BREAKING UP WITH BIG TECH: A Human Rights-Based Argument for Tackling Big Tech's Market Power*** [PBig Tech менен ажырым: Big Tech рыноктук бийлигин чектөөнүн пайдасына адам укуктарына негизделген жүйө]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.amnesty.fr/wp-content/uploads/2025/10/aL_-MmGNHVfTO09W_Rapport_Breaking_Up_With_Big_Tech.pdf#:~:text=Social%20media%20platforms%20shape%20what,next%20frontier%20of%20technological%20development.

78 Organization for Security and Co-operation in Europe. (2025). ***Safeguarding Media Freedom in the Age of Big Tech Platforms and AI*** [Big Tech платформалары жана жасалма интеллект доорунда медианын эркиндигин коргоо]. Вена: ЕККУ. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://rfom.osce.org/sites/default/files/f/documents/e/3/598525_1.pdf.

# Кыргызстандын контексти

Эл аралык уюмдар көз карандысыз медианын иштөө шарттары начарлаганын, анын ичинде Кыргыз Республикасында ой жүгүртүү, пикирин эркин айтуу жана маалымат таратуу эркиндиги Конституцияда бекитилген кепилдиктерге карабастан бийликке сын айтууга байланышкан укуктук жана институционалдык тобокелдиктер көбөйгөнүн белгилеп жатышат.[79] 2026-жылы Кыргызстан "Чек арасыз кабарчылар" (RSF) уюмунун Дүйнөлүк басма сөз эркиндиги индексинде 146-орунду ээлеп, ЖМКнын эркиндиги жаатында "кырдаал өтө оор" өлкөлөрдүн категориясына кирди.[80]

**Дүйнөлүк басма сөз эркиндиги индексинде (RSF) Кыргызстандын позициясы**




2-сүрөт. **2020-жылдан 2026-жылга чейин Дүйнөлүк басма сөз эркиндигинин индексинде (RSF) Кыргызстандын абалынын динамикасы. 2022-жылы RSF индексти эсептөө методологиясын өзгерткөн.** Булак: RSF World Press Freedom Index, 2020-2026.

Рейтингдеги бул позиция журналисттерге, активисттерге жана социалдык тармактардын колдонуучуларына кысым күчөгөнүн чагылдырат. Бул кысым мыйзамдар менен чектөөлөрдү ырааттуу кеңейтүү жана аларды институционалдаштыруу аркылуу ишке ашып, учурдагы жөнгө салууга чектөөчү чараларды жаңы түрлөрүн кошуп жатат. Натыйжада жөнгө салуунун комплекстүү системасы калыптанып келатат, анын алкагында бир эле учурда ар кандай укуктук аспаптар колдонулушу мүмкүн.

Алсак, 2025-жылы жалаа жабуу жана мазактоо үчүн кайрадан жоопкерчилик киргизилди: күчүнө кирген "Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүн-

79 Кыргыз Республикасынын Конституциясы. (2021-жылдын 11-апрелинде референдум (бүткүл элдик добуш берүү) менен кабыл алынган. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru.

80 Reporters Without Borders. *RSF World Press Freedom Index* [RSF Дүйнөлүк басма сөз эркиндигинин индекси]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://rsf.org/en/index.

дө" Мыйзам жалаа жабуу жана мазактоо, анын ичинде ЖМКларда жана интернетте жарыялоо үчүн жоопкерчиликти белгилейт, жеке жактарга 20 000 сом, юридикалык жактарга 65 000 сом өлчөмүндө айып пул салынат.[81] Мыйзам ички иштер органдарына (ИИО) жабырлануучунун макулдугусуз, башкача айтканда, ал даттанбаса да, иликтөөнү баштоого жол ачууда. Бул өзгөчө коомдук ишмерлерге сын пикирин айткандар үчүн тобокелдиктерди жаратууда. Мындан тышкары, анык эмес (жалган) маалыматтарды тараткандыгы үчүн жоопкерчиликти караган мыйзам да күчүнө кирди, анда да жеке жактарга 20 000 сом, юридикалык жактарга 65 000 сом айып каралган.[82] Бирок, мыйзамда так эмес маалыматтын кайсынысы жоопкерчиликке алып келери такталган эмес: конкреттүү адамдарга тиешелүү маалыматпы же жалпысынан эле иш жүзүндөгү жагдайларга тиешелүү маалыматпы? Бул ченемдик укуктук акт ошондой эле ыйгарым укуктуу органдардын жабырлануучу деп болжолдонгон адамдын кайрылуу же макулдугу болбосо да кийлигишүүгө мүмкүндүк берет.

Мыйзамдар менен жаңы чектөөлөр киргизилип жаткандан тышкары, сөз эркиндигин жана ЖМКнын эркиндигин чектөө тенденциялары укук колдонуу практикасында, атап айтканда, сайтты бөгөттөөнү жана уюмду жоюу жол-жобосун демилгелөөнү камтыган, "Клооп Медиа" Коомдук фондуна байланышкан учурларда да байкалууда. Алсак, 2021-жылы КР Конституциясын бузуу менен кабыл алынган, аткаруучу органга (КР Маданият министрлигине) интернет-ресурстарды сотко чейин бөгөттөө[83] боюнча кеңири ыйгарым укуктарды берген "Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө" Мыйзамды[84] бетине кармап, 2023-жылы Маданият министрлиги www.kloop.kg сайтын бөгөттөө жөнүндө чечимди кабыл алган. Бул "Клооп Медианын" редакциясы Министрликтин "Саясатчы Равшан Жээнбеков СИЗО-1де кыйноого кабылганын билдирди" деген аталыш менен чыккан макаланы өчүрүү талабын канааттандыруудан баш тарткандан кийин болду. Редакция материал коомдук адамдын Фейсбуктагы баракчасына жарыяланган билдирүүсүнө негизделгенин жүйө келтирген.[85] Биринчи инстанциядагы сот сайтты бөгөттөөнү мыйзамсыз деп тапканына карабастан, 2024-жылдын 3-июнунда Бишкек шаардык соту бул чечимди жокко чыгарып, доо арызды канааттандыруудан баш тартып, муну менен иш жүзүндө Маданият министрлигинин сайтты бөгөттөө боюнча иш-аракеттерин мыйзамдуу деп тапты.[86] Ошондой эле 2023-жылы прокуратура "Клооп Медиа" коомдук фондун жоюу боюнча доо арыз берген. Уюмдун соттук чечимдерге даттануу аракеттерине карабастан, процесс олуттуу процессуалдык тоскоолдуктар менен коштолду, анын ичинде апелляциялык даттануу формалдуу негиздер боюнча кайтарылды, даттануу мөөнөттөрүн калыбына келтирүүдөн баш тартылды жана датта-

81 2025-жылдын 27-январындагы №30 "Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://cbd.minjust.gov.kg/4-5478/edition/25920/ru

82 Токтом. (2025). ***Анык эмес (жалган) маалыматтарды тараткандыгы үчүн жоопкерчилик киргизилди.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://online.toktom.kg/NewsTopic/7398.

83 Медиа Полиси Институту (2021, июнь). ***"Жалган жана анык эмес маалыматтардан коргоо жөнүндө" КР мыйзамынын долбооруна талдоо.*** . Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://media.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz-k-proektu-zakona-kr-o-zashhite-ot-lozhnoj-i-nedostovernoj-informaczii-analiz.pdf,
Медиа Полиси Институту (2021, июль). ***"Жалган жана анык эмес маалыматтан коргоо жөнүндө" ("Маалыматты манипуляциялоо жөнүндө") четке кагылган мыйзам долбоору 2022-жылдын январынан эрте мөөнөттө кайра каралышы мүмкүн.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.media.kg/wp-content/uploads/2021/07/povtornoe-rassmotrenie-otklonennogo-zakonoproekta-o-zashhite-ot-lozhnoj-i-nedostovernoj-informaczii-o-manipulirovanii-informaczii-vozmozhno-ne-ranee-yanvarya-2022-goda.pdf.

84 2021-жылдын 23-августундагы №101 "Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://cbd.minjust.gov.kg/112282/edition/1083610/ru.

85 24.kg. (2024, март). ***"Клооп" сайтын бөгөттөө. Сот Маданият министрлигинин чечимдерин жараксыз деп тапты.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/obschestvo/289325_blokirovka_sayta_kloop_sud_priznal_resheniya_minkulta_nedeystvitelnyimi/.

86 Kaktus.media. (2024, июнь). ***Шаардык сот Kloop.kg сайтын бөгөттөө жөнүндө чечимди мыйзамдуу деп тапты.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://kaktus.media/doc/502638_gorsyd_poschital_reshenie_o_blokirovke_kloop.kg_zakonnym.html.

нууларды маңызы боюнча кароо мүмкүнчүлүгү чектелүү болду.[87] “Клооп Медиа” КФнын жоюлушуна байланыштуу сайтты бөгөттөө тууралуу чечимди андан ары талашуу аракеттери жасалган жок.

2024-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 278-беренесинин 3-бөлүгү боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында бир эле маалда TemirovLive, “ПолитКлиника” жана “Арча Медиа” редакцияларынын 11 журналисти кармалып, бул акыркы жылдарда медианын өкүлдөрүн куугунтуктоонун эң ири учурларынын бири болуп калды. Тартип коргоо органдарынын пресс-релизинде расмий түрдө журналисттерди кылмыш жоопкерчилигине тартууга YouTube’да жарыяланган материалдардын бири негиз болгону, анда мамлекеттик эксперттердин корутундусу боюнча “өлкөнүн учурдагы жетекчилигин каралоо белгилери, нааразычылык акцияларына жана жапырт башаламандыктарга чакырыктар” табылганы маалымдалган.[88] 2024-жылдын 10-октябрында Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун чечими менен 4 журналист күнөөлүү деп табылып, ар кандай мөөнөткө эркинен ажыратылган: Махабат Тажибек кызы алты жылга; журналист жана төкмө акын Азамат Ишенбеков беш жылга; журналисттер Айке Бейшекеева жана Актилек Капаров үч жылга пробациялык көзөмөл менен беш жылга эркинен ажыратылган (сот залынан бошотулушту). Калган журналисттер иш-аракеттеринде кылмыштын курамы жок деп акталышты.[89] Кийинчерээк мамлекет башчынын жарлыгы менен Азамат Ишенбековго ырайым берилген.[90] 2026-жылдын март айында КР Жогорку соту Махабат Тажибек кызынын адвокаттарынын жаңы ачылган жагдайлар боюнча кылмыш ишин кайра кароо жөнүндө өтүнүчүнүн негизинде биринчи инстанциядагы сотко ишти жаңыдан кароого жөнөткөн. 23-мартта биринчи инстанциядагы сот иш боюнча өндүрүштү жандандырып, Махабат Тажибек кызынын баш коргоо чарасын өзгөртүп, эч жакка кетпөө тил каты менен бошоткон.

Кийинки жылдары да көз карандысыз медианын өкүлдөрүнө карата жазык-укуктук жана процессуалдык чаралар колдонулган учурлар улана берди. Алсак, 2025-жылы “Клооп Медиа” редакциясынын кызматкерлери кармалып, адвокаттарсыз суракка алынып, бийликти сындаган басылмаларды даярдоого катышкан деп айыпталышкан.[91] Кийинчерээк редакциянын кармалган кызматкерлеринин бир бөлүгүнө Болот Темиров Temirov Live YouTube каналында жарыялаган беш видеоматериалга байланыштуу КР Кылмыш-жаза кодексинин 278 (3)-беренеси (“Бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына баш ийбөө жана жапырт башаламандыкка чакыруу”) боюнча айып коюлган; ошол эле маалда “Клооп Медианын” кызматкерлери бул материалдарга тиешеси жок экенин билдиришкен, ал эми Б.Темиров “Клооп Медианын” мурдагы кызматкерлери менен байланышты четке кагып, бардык контентти өз алдынча чыгарганын белгилеген.[92] Жарым жылдан кийин “башаламандыкка чакырууга”

87 Медиа Полиси Институту. (2025). ***“Медиа Полиси Институту” Коомдук фондунун катышуусу менен 2024-жылы өткөн соттук иштер.*** 26-пункт. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://media.kg/wp-content/uploads/2025/10/26-marta-25g-tablicza-sudebnyh-del-2024-g.pdf.

88 Kaktus.media. (2024, январь).***Temirov Live’дын журналисттеринин кылмыш ишинде эмнелер туура эмес? Юристтин комментарийи.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://kaktus.media/494034.

89 Kaktus.media. (2024, октябрь). ***Сот 11 журналист боюнча чечим чыгарды. Алар эмнелерди айтышты (видео).*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://kaktus.media/510895.

90 Kaktus.media. (2025, апрель). ***Президент активист Зарина Төрөкулова менен журналист Азамат Ишенбек уулуна ырайым берди.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://kaktus.media/521454.

91 Amnesty International. (2025, май). ***Kloop Media’нын кызматкерлеринин кармалышы Кыргызстанда эркин журналистикага каршы репрессия күч алганын айгинелейт.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.amnesty.org/ru/latest/news/2025/05/zaderzhanie-sotrudnikov-kloop-media-svidetelstvuet-ob-usilenii-repressii-protiv-nezavisimoj-zhurnalistiki-v-kyrgyzstane/; Настоящее Время. (2025, ноябрь). ***Бишкек шаардык соту Kloop’тун мурдагы эки кызматкерине “жапырт башаламандыкка чакыруу” иши боюнча өкүмүн жеңилдетти: алар үч жылга шарттуу эркинен ажыратылды.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.currenttime.tv/a/kloop-duulatov-aleksandrov/33605156.html.

92 Deutsche Welle. (2025). ***Кыргызстанда көз карандысыз ЖМКнын кызматкерлери беш жылдан эркинен ажыратылышты.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.dw.com/ru/sotrudniki-nezavisimogo-smi-kloop-v-kyrgyzstane-polucili-po-pat-let-kolonii/a-74033851.

айыпталган “Клооптун” кызматкерлеринин иши каралып бүтүп, берилген апелляциянын жыйынтыгы боюнча аларга үч жылдан пробация дайындалган. 2026-жылдын февраль айында көз карандысыз журналисттер өлкөнүн бийлигине кайрылып, журналисттерге жана активисттерге карата КР Кылмыш-жаза кодексинин 278 (3)-беренесин жана башка ченемдерди колдонуу практикасына тынчсызданусун билдиришти, ошондой эле айрым кылмыш иштерин кайра карап чыгууга, сот өкүмдөрдүн негиздүүлүгүн текшерүүгө, негиз болбосо, куугунтуктоону токтотууга, ошондой эле жарандардын укуктары бузулган учурларда реабилитациялоо жана компенсация берүү чараларын карап чыгууга чакырышты.[93]

Ошол эле жылы “Апрель ТВ” телеканалы прокуратуранын доо арызы боюнча соттун чечими менен жабылган. Доо арызда редакциянын иши жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамдардын талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 96-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорун бузган деп белгиленген. Мындай учурда мыйзамдарды бир нече жолу бузган же юридикалык жактын уставдык максаттарына карама-каршы келген ишти системалуу түрдө жүргүзө берсе, соттун чечими боюнча юридикалык жакты жоюу мүмкүндүгү каралган. Доо арыздын негиздемесинде телеканалдын контенти бир тараптуу мүнөздө болгону жана коомдук-саясий кырдаалды туруксуздаштырууга көмөктөшүшү мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн. Ушундан улам бийлик муну мамлекеттин беделин түшүрөт деп баалаган.[94] Башкы редактор Дмитрий Ложников бийликти сындоо кылмыш болбогонун жана мажбурлап жабылганына карабастан, ЖМКнын негизги функцияларынын бири бойдон кала берерин баса белгиледи.[95]

Көз карандысыз медиага жана пикир билдирүү эркиндигине кысым көрсөтүү ал тургай өтө ири платформаларды (VLOP) бөгөттөөнүн соттун тышындагы механизмдерин колдонууда, ошондой эле ЖМКнын материалдарын жана ЖМКнын жетекчилеринин ишин жарандык соттун чечими менен экстремисттик деп таануу учурларында да байкалып жатат. Алсак, 2023-жылдын сентябрь айында КР УКМК Кыргызстандагы интернет-провайдерлерге TikTok’ко кирүүнү чектөөнү тапшырган жана платформа соттун тышында цензурага кабылган биринчи социалдык тармак болуп калды.[96] Мунун алдында ЖМКлардын сайттары бөгөттөөнүн негизги буталары болуп келген. TikTok ошол учурда күчүндө болгон “Байланыш жөнүндө” мыйзамдын 21-1-беренесинин 5-пунктуна ылайык КР УКМКнын кызмат адамынын соттун тышында кабыл алган чечиминин негизинде бөгөттөлгөн. Кийинчерээк бул ченем КР Санарип кодексине (13-14-беренелер) көчүрүлгөн.[97] 2025-жылы биринчи инстанциядагы сот прокуратуранын доосу боюнча өзгөчө өндүрүш тартибинде Темиров Болот менен Тухватшин Ринаттын ишмердигин жана Temirov Live, Kloop Media жана “Айт Айт десе” интернет-басылмаларынын маалыматтык мате-

93 *КРнын көз карандысыз журналисттери коопсуздук органдарынын системасындагы соңку кадрдык жана түзүмдүк өзгөрүүлөргө байланыштуу журналисттердин жана активисттердин иштери боюнча соттук чечимдерди кайра карап чыгуу тууралуу билдирүү жасашты.* Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://media.kg/news/nezavisimye-zhurnalisty-kr-vystupili-s-zayavleniem-o-peresmotre-sudebnyh-reshenij-po-delam-zhurnalistov-i-aktivistov-v-svyazi-s-poslednimi-kadrovymi-i-strukturnymi-izmeneniyami-v-sisteme-organov-bezop/.

94 24.kg. (2025, июль). *Бишкектин Октябрь райондук соту “Апрель ТВ” телеканалын жоюу тууралуу чечим чыгарды.* Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/proisshestvija/335757_oktyabrskiy_raysud_bishkeka_vyines_reshenie_olikvidatsii_apreltv/.

95 24.kg. (2025, апрель). *“Апрелдин” башкы редактору: Иштей беребиз жана сотто өз чындыгыбызды далилдейбиз.* Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/obschestvo/327194/.

96 Eurasianet. (2025, август). *As ban hangs over TikTok in U.S., Kyrgyzstan’s block isn’t going as planned* [АКШда TikTok’ко тыюу салуу коркунучу жаралып жаткан чакта, платформанын Кыргызстандагы бөгөттөөсү пландагыдай эмес]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://eurasianet.org/as-ban-hangs-over-tiktok-in-us-kyrgyzstans-block-isnt-going-as-planned.

97 2025-жылдын 31-июлундагы №178 Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://cbd.minjust.gov.kg/3-48/edition/35412/ru?lang=ru.

риалдарын экстремисттик деп тапкан.[98] Муну менен сот жарандардын аракеттерине жазык-укуктук баа берген, бул болсо жарандык соттун компетенциясынын чегинен чыгууда, себеби жарандык процессуалдык мыйзамдарда өзгөчө өндүрүштүн тартибинде жеке жактардын ишин экстремисттик деп таануу мүмкүнчүлүгү каралган эмес.[99] 2026-жылдын 9-мартында КР Жогорку соту кассациялык даттанууну кароосуз калтырып[100] жогоруда аталган басылмалардын материалдарын жайылтууга (анын ичинде жарыялоого, бөлүшүүгө, түз шилтемелер менен цитата берүүгө ж.б.) болбойт деп тапкан. Ал тургай материалды ачып окууга мүмкүн болсо, аны бөлүшүү, "лайк" басуу же түпнускага шилтеме жасоо да экстремисттик материалды жайылтуу катары таанылышы мүмкүн, бул өзүн-өзү цензуралоонун таасирин кыйла күчөтүүдө.

Ошентип, Кыргызстандагы эркин ЖМКлар кош көз карандылык шартында иштеп жатышат:

- глобалдык платформалардын алгоритмдеринин инфраструктурасынан көз каранды;
- мамлекеттик көзөмөл аспаптарынын кеңейиши менен мүнөздөлгөн улуттук укуктук жана укук колдонуу чөйрөсүнөн көз каранды.

Бул көз карандылыктардын таасири көз карандысыз ЖМКлардын финансылык туруктуулугуна да терс таасирин тийгизүүдө. Бир жагынан, эгерде глобалдык платформалардын алгоритмдери контентти башкалардын көрө алышын чектесе же укуктук басымдан улам ЖМКлар кайсы бир темаларды чагылдырууну чектөөгө аргасыз болсо, бул окурмандардын же көрүүчүлөрдүн санынын азайышына алып келет. Өз кезегинде бул аудиториянын масштабына жана тартылганына негизделген жарнамалык келишимдерге жана өнөктөштүктөргө тикелей таасирин тийгизиши мүмкүн. Экинчи жагынан, 2023-жылы көз карандысыз ЖМКлар финансылык чыгымга учурашкан: мамлекеттик органдар жарнамаларды жайгаштырууга расмий тыюу салган эмес, бирок административдик ыкмалар менен көз карандысыз басылмалардын ири мамлекеттик компаниялардын жарнамалык бюджеттерине жетүү мүмкүнчүлүгү чектелген.[101] Ошондой эле жарнама рыногундагы өзгөрүүлөр саясатка тиешеси болбогон факторлор менен шартталган: акыркы жылдары жарнамага буйрутма бергендер барган сайын платформалар жана инфлюенсерлер менен түз иштешүүдө, натыйжада көз карандысыз медиа жарнамадан түшчү кирешесин жоготуп, гранттарга кыйла көз каранды бойдон калууда.[102] Ошол эле учурда гранттык каржылоого жеткиликтүүлүк 2024-жылы КЭУ жөнүндө мыйзамга ("чет өлкөлүк өкүлдөр" жөнүндө мыйзам) киргизилген түзөтүүлөргө байланыштуу да азайып жатат, ал эксперттердин баалоосу боюнча жарандык коомду жана көз карандысыз медианы[103] каржылоонун кыскарышына, ошондой эле 2025-жылдан баштап америкалык өнүктүрүү боюнча донорлордун гранттык програм-

98 24.kg. (2025, октябрь). ***Кыргызстанда Temirov Live жана "Клооп Медиа" экстремисттик деп таанылды.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/proisshestvija/348739_vkyirgyizstane_Temirov_Live_ikloop_media_priznanyi_ekstremistskimi/.

99 24.kg. (2025, октябрь). ***Адвокат Temirov Live жана Kloop боюнча чечимдерди жокко чыгарууга негиз бар деп эсептейт.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/obschestvo/349255_advokat_schitaet_chto_est_osnovaniya_dlya_otmenyi_resheniya_poTemirov_Live_iKloop/.

100 Kaktus.media. (2026, март). ***Жогорку сот Kloop басылмасынын экстремизмге айыптоо боюнча апелляциясын карап чыкты.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://kaktus.media/doc/542029_verhovnyy_syd_kr_rassmotrel_apelliaciu_izdaniia_kloop_po_obvineniu_v_ekstremizme.html.

101 24.kg. (2023, август). ***Садыр Жапаров эмне үчүн айрым медиа каражаттары аны сындап жатканын айтып берди.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://24.kg/vlast/272876_sadyir_japarov_rasskazal_pochemu_ego_kritikuyut_nekotoryie_smi/.

102 IREX. (2024). *Vibrant Information Barometer: Kyrgyzstan 2024* [Маалыматтык чөйрөнүн туруктуулугунун барометри: Кыргызстан 2024]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.irex.org/sites/default/files/VIBE_2024_Kyrgyzstan.pdf.

103 Radio Free Europe/Radio Liberty. (2024, апрель). *Law Targeting Foreign-Funded NGOs Sends Chill Through Kyrgyz Civil Society* [Чет өлкөдөн каржыланган өкмөттүк эмес уюмдарга каршы багытталган мыйзам Кыргызстандын жарандык коомуна кедергисин тийгизүүдө]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.rferl.org/a/kyrgyzstan-foreign-agents-chill/32893000.html.

маларды токтотуусуна алып келиши мүмкүн.[104] Соттук териштирүүлөрдө камсыздоо чарасы катары көз карандысыз ЖМКлардын банк эсептерин бөгөттөө тобокелдиктери[105] олуттуу басым жасап жатат, бул редакциялардын экономикалык туруктуулугуна терс таасирин тийгизүүдө.

Бул деңгээлдердин кесилишинде изилдөөгө тиешелүү суроолор жаралат: редакциялар өздөрүнүн санариптик көз карандылыгын кандай кабыл алышууда, алгоритмдердин басымына жооп катары кандай стратегияларды түзүшөт жана мындай түзүмдүк аярлуулук шартында институционалдык субъективдүүлүктү кармануу мүмкүнбү?

104 Times of Central Asia. ***Shifting Priorities: The Demise of USAID and Media Funding in Central Asia*** [Артыкчылыктар өзгөрдү: USAID'дин айланасындагы окуялар жана Борбордук Азияда медиаsuccessive каржылоонун кыскаруусу]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://timesca.com/shifting-priorities-the-demise-of-usaid-and-media-funding-in-central-asia/.

105 Азаттык Азия. (2023, июль). ***Шаардык сот Маданият министрлигинин доосу боюнча "Азаттыкты" жабуу тууралуу чечимди жокко чыгарды.*** Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.azattyqasia.org/a/32500372.html.

# Методология

Бул изилдөөнү жүргүзүү үчүн сапаттык усул тандалып алынды, себеби ал көз карандысыз ЖМКлардын санариптик платформалар менен өз ара байланышындагы тажрыйбасын жана кабылдоосун терең изилдөөгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн максаты – Кыргызстандын көз карандысыз медиа редакциялары санариптик платформалар менен өз ара байланышты кандай кабыл аларын, бул процессте кандай ички чечимдер жана стратегиялар калыптанарын жана редакциялар бул өз ара байланышта өз автономдуулугун жана субъективдүүлүгүн кантип баалай турганын түшүнүү. Изилдөө төмөнкү блоктор боюнча түзүлгөн:

1. Редакциянын ички чечимдери – редакцияларда контентти өндүрүү жана санариптик платформаларды пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алуу процесстерин изилдөө.
2. Бөгөттөө жана даттануу жол-жоболорунун тажрыйбасы – редакциялардын платформалардын санкцияларына кабылышынын себептерин жана алар бул санкцияларды кантип алдырарын изилдөө.
3. Алгоритмдердин ыңгайлашуусу жана платформалык таасирдин чектери – редакциялар ыңгайлашуу менен алгоритмдердин редакциялык чечимдерге тийгизген таасиринин ортосундагы чекти кантип өткөрөрүн изилдөө.
4. Көз карандылыкты психологиялык жактан кабылдоо – редакциялык жамааттар платформаларга көз карандылыгын кандай сезип жатканын жана бул ишти кабылдоого кандай таасир этерин түшүнүү.
5. Стратегиялык туруктуулук – платформаларда иштөө стратегияларын пландоо жана ыңгайлашуу ыкмаларын изилдөө.
6. Башка медиа менен өз ара байланыш түзүү – платформалар менен иштөө процессинде редакциялардын ортосундагы биргелешкен практикаларды жана тажрыйба алмашууну талдоо.
7. Редакциянын субъективдүүлүгү – платформалар менен иштөөдө редакциялардын автономдуулук даражасын жана өз чечимдерин коргоо жөндөмдүүлүгүн баалоо.

### Ылгап алуу

Адабияттарга жасалган баштапкы сереп, ошондой эле Кыргызстандын медиа чөйрөсүндөгү авторлордун кесипкөй тажрыйбасы көрсөткөндөй, санариптик платформалар медианын ишинин борбордук инфраструктурасына айланды, бул болсо алардын медиа өндүрүүчүлөрдүн ар кандай түрлөрү менен өз ара байланышын талдоо зарылдыгын шарттайт. Бул изилдөөнүн алкагында мамлекеттик эмес медиа өзгөчө кызыгууну жаратууда, себеби алар кысым жана аярлуулук, анын ичинде кылмыш куугунтуктоо коркунучу жогору болгон шарттарда иштешет. Буга кошумча алар координацияланган онлайн чабуулдарга, анын ичинде “тролллор фабрикасы” деп айтылып жүргөндөрдүн куугунтук өнөктүктөрүнө дуушар болушат. Мындай шарттарда санариптик платформалар менен өз ара байланыш түзүү өзгөчө мааниге ээ болот, себеби платформалар бир эле учурда контентти жайылтуу мейкиндигине да, ага басым жасоо чөйрөсүнө да айланат.

Тандоо дизайны эки компоненттти камтыды: фокус-топту жана максаттуу сурамжылоону (маектешүүнүн элементтери менен). Төмөнкүлөр тандоонун критерийлери болду: коом үчүн маанилүү темалар менен иштөө; жаңылыктарды туруктуу негизде чагылдыруу; контентти жайылтуу максатында санариптик платформаларды жигердүү колдонуу; онлайн чабуулдарга же басымдын башка түрлөрүнө туш болуу тажрыйбасы.

Фокус-топтун бардык катышуучулары изилдөөнүн максаттары жана баарлашууну жаздыруунун себептери тууралуу оозеки түшүндүрмө алышты, ушундан кийин алар изилдөөнүн максаттары үчүн гана жазууга оозеки макулдук беришти. Фокус-топтогу талкуулар изилдөөнүн максаттарын баяндоодон жана катышуучулар айрым суроолорго жооп бербөөгө же каалаган баскычта катышуудан толугу менен баш тартууга укуктуу экендигин түшүндүрүү менен башталып жатты. Бардык катышуучулардын аты-жөнү жашырылып, ал эми маалымат транскрипциялар жана цитаталар түрүндө берилди, ошондуктан респонденттерди аныктоого мүмкүндүк бербейт.

Сурамжылоо Google Forms аркылуу жүргүзүлүп, жабык да, ачык да суроолорду камтыды. Ачык суроолор респонденттерге өз пикирин кеңири билдирүүгө мүмкүндүк берди, бул сурамжылоого сапаттуу маектешүүнүн өзгөчөлүктөрүн берди жана ЖМКнын санариптик платформалар менен өз ара байланышы жөнүндө тереңирээк маалыматтарды чогултууга шарт түздү. Катышуучулардын жеке маалыматтары чогултулган эмес, ошондуктан ким кандай жооп бергенин аныктоо мүмкүн болбойт.

Фокус-топтун алкагында мамлекеттик эмес ЖМКлардын жети өкүлү, анын ичинде онлайн редакциялардын, билим берүү жана агартуу ишин жүргүзгөн медиа долбоорлорунун редакторлору жана жооптуу кызматкерлери чакырылды. Ар кандай кесиптик ролдору бар катышуучуларды тартуу санариптик платформалар менен өз ара байланыштын редакциялык жана башкаруучулук тажрыйбаларын эске алууга мүмкүндүк берди.

Сурамжылоого (маектешүүнүн элементтери менен) 16 респондент катышты. Ылгап алууга 16 мамлекеттик эмес ар кандай форматтагы коом үчүн маанилүү медиа долбоорлор, анын ичинде социалдык тармактарда аккаунттары бар, үзгүлтүксүз негизде жаңылыктарды, макалаларды жана аналитиканы, анын ичинде видео контентти жарыялап турган, каттоодон өткөн ЖМКлар киргизилген.[106] Географиялык жактан ылгап алуу Бишкек шаарынын жана бир нече аймактык журналистиканын эл аралык деңгээлде таанылган кесипкөй жана этикалык стандарттарын сактоого, жергиликтүү жана коом үчүн маанилүү маселелерди, анын ичинде саясатты, социалдык көйгөйлөрдү, адам укуктарын, экологияны жана коррупцияны чагылдырууга багытталган. Сурамжылоого чектелген сандагы аймактык медиалар катышканын белгилей кетүү зарыл, себеби акыркы мезгилде мамлекеттик эмес медиа долбоорлордун саны кескин төмөндөдү. Сурамжылоо ошондой эле жеке авторлор же командалар YouTube, TikTok жана Instagram сыяктуу санариптик платформаларда аккаунттарын жүргүзгөн жеке медиа долбоорлордун арасында жүргүзүлгөн жок, себеби жеке авторлордун жигердүүлүгү эреже катары фрагменттелген, бул дайындарды жалпылоону кыйындатат. Ошону менен бирге өзгөчө кыргыз тилдүү авторлордун тажрыйбасы чоң кызыгууну жаратууда жана келечекте өзүнчө изилдөөнүн предмети болуп бере алат.


106 Европа Кеңешинин Министрлер Кеңешинин CM/Rec (2011)7 Мүчө мамлекеттердин Министрлер Комитети берген медианын жаңы түшүнүгү жөнүндө сунуштамага ылайык. Бул түшүнүк өзүнө ыктымалдуу түрдө көп сандагы адамдардын арасында контентти (мисалы, басма, аудио, визуалдык, аудиовизуалдык же башка формада маалыматты, талдоону, комментарийлерди, пикирлерди, билим берүүнү, маданиятты, искусствону) өндүрүү жана жайылтуу менен байланышкан бардык катышуучуларды жана колдонуу ыкмаларын камтыйт. Бул аракеттер "интерактивдүү массалык коммуникацияларга (мисалы, социалдык тармактарда) же контентке негизделген башка кеңири масштабдуу интерактивдүү иш-аракеттерге (мисалы, "онлайн" режиминдеги оюндар) көмөктөшүүгө багытталган. Ошол эле маалда редакциялык көзөмөлдү же контенттин үстүнөн көзөмөлдү сактап калат. Refworld. (2011). *Министрлер комитетинин мүчө мамлекеттерге ЖМКнын жаңы түшүнүгү жөнүндө CM/Rec(2011)7 сунуштамасы.* Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.refworld.org/ru/legal/resolution/coeministers/2011/ru/137823.

Ылгап алууга киргизилген бардык редакциялар контентти жайылтуунун көп платформалуу стратегиясын колдонушат. Эң көп айтылган платформалар Instagram жана YouTube (бардык 16 редакция колдонот), андан кийин Facebook жана TikTok (13 редакция колдонот) болду, ал эми Telegram'ды 10 редакция колдонот. Threads жана X бирден гана айтылды.

Ылгап алуу ошондой эле редакциялардын уюштуруучулук көп түрдүүлүгүн чагылдырат:

- 6 редакцияда 5тен 10го чейин кызматкер иштейт;
- 4 редакцияда 10дон 20га чейин кызматкер бар;
- 4 редакцияда 5 кызматкер иштейт;
- 2 редакцияда 20дан ашык кызматкер бар.

Редакциялардын басымдуу бөлүгү (16нын ичинен 11и) санарип платформалар менен иштөөдө беш жылдан ашык тажрыйбага ээ, ал эми калган бешөө үч жылдан беш жылга чейин платформалар менен иштешет.




3-сүрөт. **Ылгап алуунун курамы: редакциялардын штаттык саны жана алар колдонгон санариптик платформалар боюнча бөлүштүрүлүшү** (n = 16).

Ошентип, тандалып алынган ылгоо стратегиясы басым күчтүү болгон шарттарда санарип платформалар менен өз ара байланыш түзүүнүн тастыкталган тажрыйбасы бар катышуучуларды кошуунун эсебинен маалыматтын каныктыгын, актуалдуулугун жана аналитикалык тереңдигин камсыз кылат. Бул Кыргызстандагы көз карандысыз ЖМКлардын санариптик платформалардын стратегиялык жана операциялык деңгээлдердеги өз ара байланыш түзүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ар тараптан талдоого мүмкүндүк берет.

.

Аналитикалык бөлүк

# 01 - БЛОК

# РЕДАКЦИЯНЫН ИЧКИ ЧЕЧИМДЕРИ

**Бул блок редакциялар платформаларда иштөөгө байланыштуу тобокелдиктерге кандай жооп берерин, контентти түзүү жана аны жарыялоо боюнча чечимдерди кантип кабыл аларын жана бөгөттөө тажрыйбасы редакциялык чечимдерге кандайча таасир этерин талдоого багытталган.**

## ПЛАТФОРМАДАГЫ ТОБОКЕЛДИКТЕР ҮЧҮН ЖООПТУУЛАР

Фокус-топтогу талкуу көпчүлүк редакцияларда социалдык платформалар менен иштөө милдети аккаунттарды башкарууга тикелей тартылган кызматкерлерде – биринчи кезекте SMM-адистерде экенин көрсөттү. Дал ушул кызматкерлер социалдык тармактар менен тынымсыз иштеп, статистиканы көзөмөлдөп, алгоритмдерге көз салып, "кайсы пост же видео бир заматта жайылып кетери, ал эми кайсылар бөгөттөлүп калышы мүмкүн экендиги" жөнүндө практикалык билимге ээ болгондор. Белгилей кетсек, телеканалдардын биринде оператор-монтажчы социалдык тармактарга жооптуу болуп дайындалган. Ошол эле учурда эмнени жарыялаш-жарыялабаш керектиги тууралуу редакциялык чечимдер айрым редакцияларда "жамаат менен акылдашып" кабыл алынат, ага редакторлор, SMM-адистери, жарнама бөлүмүнүн кызматкерлери, оператор-монтажчы катышат. Фокус-топко катышкан ЖМКлардын биринде редакциялык чечимдерди башкы редактор, ал эми башкасында – SMM-адиси кабыл алат, анын ролу техникалык эмес жана редакциялык саясатка таасир этиши мүмкүн. Ошол эле учурда бир редакцияда чечим табылбай жаткан же жаңжалдуу кырдаалдарда "оор артиллерия" – системалуу чечимдин бир бөлүгү катары эмес, көбүнчө кризистик чара катары башкы редактор кошулат.


*"СММ адис [SMM адис – социалдык тармактагы маркетинг боюнча адис] кээде бизге эмне беришибиз керектигин айтып турат. Себеби ал платформаларда отурат жана кайсы макала көп окуларын билет жана редакторлор ошого жараша иш алып барышат".*

*"Редакторлор монтаж жасаган кызматкер жана SMM адистери менен кеңеше алат. "Балким ушуну чыгарабыз?" дегенде "алар "Жок, бул үчүн бөгөттөп салышат" дешет. Жамааттын ичинде акылдашуу ушундай болот".*

*«СММ адиси өзү чечет, мен азыр ага толугу менен ишенип калдым, ал эмнени жарыяласа болорун, эмнени жарыялабаш керектигин өзү чечет".*

*"Контент боюнча акыркы чечимди башкы редактор кабыл алат. Ал ошондой эле социалдык тармактарда көйгөйлөр болбошу үчүн да жооптуу".*

Сурамжылоонун дайындары ролдордун жана функциялардын бөлүштүрүлүшү бирдей эместигин тастыктайт. Алсак, редакциялардын 37,5% платформалар менен иштөөдө тобокелдиктерди баалоого жооптуу өзүнчө адиси болбогонун, дагы 43,8% мындай роль бар болгонун (эң көп кездешкен жооп: редактор жана/же SMM адиси), ал эми 18,8% тиешелүү функциялар жарым-жартылай гана аткарыларын белгилешти.




4-сүрөт. **Платформалар менен иштөөдө тобокелдиктерди баалоого жооптуу кызматкердин болушу** (n = 16).

## ПЛАТФОРМАЛАР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИ

Фокус-топтогу талкуу ошондой эле страйктар, бандар, узак убакытка көмүскөдө кармаган чектөөлөр болгон редакцияларда санариптик коопсуздуктун атайын протоколдору түзүлөрүн көрсөттү.

*"Страйк берилген учурлар болду, ушундан кийин биз санариптик жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыгып, кандай контентти жарыялабай турганыбызды аныктап алдык. [...] Санариптик коопсуздук протоколу пайда болду".*

*"Коопсуздук протоколдорун жазып чыууга мажбур болдук. Бизде ким кайсы платформалар менен иштейт деп бөлүп койгон. Бизде милдеттенмелер, башкача айтканда, жоопкерчилик бар. Мурда бизде бир жооптуу адам бар болчу. Анан ал адам эч кандай чара көрбөй калганда бизде көйгөйлөр келип чыкты, бирок эми биз ким эмне үчүн жооп берерин билип калдык".*

Башка редакцияларда, мурда бандарды алганына карабастан, социалдык тармактарда пост жарыялоо тууралуу чечимдер ички туюмга таянып, формалдуу эрежелерсиз кабыл алынат.

*"Ички туюмга таянабыз. Жазылган эрежелер жок".*

## 1-БЛОККО ТАЛДОО

**Фокус-топтун жана сурамжылоонун дайындарын салыштыруу сурамжылоого катышкан бардык редакцияларда социалдык тармактар менен өз ара байланыш түзүү боюнча өзүнчө кызматкер же функция бар болгонун көрсөттү. Редакциялардын бир бөлүгүндө бул роль SMM-адистерине бекитилген, ал эми көпчүлүгүндө социалдык тармактарда пост чыгарууга же чечимдерге даттануу процессине тиешелүү чечимдерди жамааттык түрдө кабыл алуу принциби бар. Бир жагынан, бул редакциялар бара-бара платформалар менен өз ара байланыш түзүү форматтарын – тобокелдиктерди башкаруунун ички тажрыйбаларын түзүп жатышканын көрсөтөт, бирок бул функция азырынча жетиштүү деңгээлде так институционалдаштырылбаганы анык. Экинчи жагынан, редакцияларда мындай функциянын болушу редакциялардын түзүмү өзгөрүп жатканынан жана бир катар учурларда SMM-адистеринин ролу контентти техникалык жактан жайылтуунун чегинен чыгып, редакциялык чечимдерге таасир эте баштаганынан кабар берет. Ошол эле маалда платформалар менен өз ара байланыш түзүүнүн эрежелери теориялык түрдө эмес, ар дайым өзгөрүп турган конкреттүү тажрыйбага жооп катары түзүлөрүн түшүнүш керек.**

# 02 - БЛОК

# БӨГӨТТӨӨЛӨРДҮН ЖАНА ДАТТАНУУЛАР ЖОЛ-ЖОБОЛОРУНУН ТАЖРЫЙБАСЫ

**Бул блок редакциялар платформалардын санкцияларына туш болуп-болбогонун жана алар адилетсиз деп эсептеген чечимдерди жокко чыгаруу үчүн кандай кадамдарды жасаганын аныктоо максатын көздөйт.**

Фокус-топтун талкуусу бардык катышуучулар санкциялардын ар кандай формаларына туш болгонун көрсөттү. Алар: бөгөттөө, страйктар, көмүскөдө калтырган бандар жана контенттин өчүрүлүшү.

*“Биздин баракчаларыбызга негизинен тролльдор даттанышат. [...]Биздин көйгөйдү чечүү үчүн үч ири эл аралык уюмга кайрылдык [...] Биз маселени [Фейсбуктагы баракчаны бөгөттөөгө байланышкан маселени] алты айдын ичинде чече алдык, анан алар [Мета] кечирим сурашты. [...] Баары бир, кечирим сурагандан кийин деле бандан чыккан жокпуз. Башкача айтканда, бандан бир жылдан кийин гана чыктык”.*

*“Бизде Фейсбукта бөгөттөө тажрыйбасы болгон. [Биз] да жаза бердик, жаза бердик. Акыры Meta бардык администраторлорду алып салууну талап кылды”.*

*“TikTok өтө эле сезимтал платформа экен, ал жерде кандайдыр бир көрүнүштөр болгондо көрүнбөй тургандай кылып салат экен. Балким, мушташтын кадрлары көрүнүп калганда же жетиштүү деңгээлде блюр кылбай койгондо ушундай болот”.*

*“YouTube’дагы страйкка байланыштуу биз да кайрылып, бир нече жолу кат жаздык, бирок YouTube эч жооп берген жок. Страйк автордук укуктарга байланыштуу берилди”.*

*“Бизде азыр эки баракча бар [...] кыргыз жана орус тилдүү жана Tik Tok бири-бирин кайталап жатат деп [контентти] өчүрө баштайт”.*

*“Экинчи көйгөй адатта – бул YouTube. Платформанын китепканасынан алынганына карабастан, музыканы бөгөттөп салышууда. Көпчүлүк учурларда бул калыбына келбейт, биз кайра жүктөп, музыканы өзгөртөбүз. Бирок кайра жүктөп чыгаргандан кийин деле көргөндөрдүн саны өтө аз болот”.*

Олуттуу санкциялар киргизилген учурда фокус-топтун катышуучулары колдоо кызматтарына кайрылышат. Платформалардын даттанууларга жооп кайтаруу мөөнөтү бир нече сааттан (TikTok - айрым учурларда) айларга жана жылдарга чейин болушу ыктымал (Facebook, YouTube). Натыйжада катышуучулар же такыр жооп алышпаганын, же жооп алты айдан кийин келгенин, же расмий кечирим сурап чектелишкенин айтышты. Ошол эле учурда ал тургай даттанууга канааттандырарлык жооп болгон күндө да (платформа баштапкы чечимди туура эмес деп тапты, чектөөлөр расмий түрдө алып салынды) ошол контентти көргөндөрдүн статистикасы дайыма эле калыбына келе бербейт.


*“TikTok негизинен бир жумушчу күндүн ичинде чечет. YouTube’да узагыраак созулат. Алар кээде жооп бербей да коюушу ыктымал”.*

*“Instagram’дагы баракчабызды уурдап кетишти. Буга даттангандан кийин жарым жыл өткөн соң гана жооп кайтарышты. Алар ошол замат реакция беришпейт экен. Ошондуктан аларга жазып отуруунун эч кандай мааниси жок”.*

*“Биз ошол замат [YouTube’га] жазабыз, бир жерде дароо түшүнүшөт, бөгөттөн чыгарышат, ал эми өткөндө жазсак, реакция болгон да жок. Андан кийин декабрдын ортосунда бизди бөгөттөн чыгарышы керек болчу, бирок ноябрда эле чыгып калдык. Бирок баары бир ошол кезде видеону канча адам көргөнү тууралуу статистика калыбына келген жок”.*

*“Биз Google’дын өзү менен байланышып, жардам сурадык, бирок Google’дан экинчи жооп болгон жок. Башкача айтканда, бул бизге, биздин редакцияга көз каранды эмес маселе экен”.*

Сурамжылоо платформалардын чечимдерине даттануу аракеттери олуттуу ресурстарды талап кыларын кошумча көрсөттү: редакциялардын 18,8% даттануу жол-жоболоруна кээде кайрыларын белгилешти, бирок бул кыйла көп убакытты жана адам ресурстарын талап кылган олуттуу жүктөм болуп саналат. Дагы 18,8% муну сейрек жана өзгөчө учурларда гана жасашарын билдиришти; респонденттердин 12,5% ресурстарды үзгүлтүксүз сарпташарын жана бул олуттуу жүк экенин белгилешти. Ошол эле учурда дагы 12,5% даттанууга ресурстарды таптакыр коротпостугун же кээде муну олуттуу жүктөмсүз жасашарын билдиришти. Буга кошумча 6,3% акыркы бир жарым жылда мындай жагдайларга туш болбогонун, бирок туш болгон учурда мындай жол-жоболорду жүргүзүү үчүн ресурстары жоктугун билдиришти. Дагы 6,3% платформалардын алар адилетсиз деп эсептеген чечимдерине даттануу зарылдыгына туш болбогонун айтышты же бул суроого жооп бере алышкан жок.




5-сүрөт. **Платформалардын чечимдерине даттанууга редакциялардын ресурстары сарптаган чыгымдар** (n = 16).

Ошентип, редакциялардын олуттуу бөлүгү (жарымына жакыны) платформалардын чечимдерине даттануу жол-жоболоруна тигил же бул деңгээлде кайрылышат жана алардын олуттуу үлүшү үчүн бул кыйла көп убакытка жана кадрдык чыгымдарга байланыштуу болот, бул редакциялык процесстерге кошумча жүктү түзүшү мүмкүн.

Катышуучулардын айтымында, бөгөттөөгө байланышкан көйгөйдү чечүүнүн натыйжалуу ыкмасы – Meta'нын ичиндеги жеке байланыштар же процесске эл аралык уюмдарды жана элчиликтерди тартуу.

> *"Көрсө, бул маселени Meta'да таанышың болсо гана чечсе алат экенсиң. Башкача айтканда, бул жалгыз вариант. Тааныштарга да башка тааныштар аркылуу жетишиң керек".*

> *"Бул маселени чогуу [Медиа Полиси Институту] менен чечтик. Үч ири эл аралык уюмду биздин көйгөйдү чечүүгө тарттык. Жада калса элчилик да катышты".*

## 2-БЛОККО ТАЛДОО

**Фокус-топтун жана сурамжылоонун жүрүшүндө алынган дайындардын негизинде, редакциялардын басымдуу бөлүгү платформалардын адилетсиз санкцияларына туш болушкан жана алардын жарымына жакыны даттанууга аракет кылышкан деген тыянак чыгарууга болот. Даттануу тажрыйбасын респонденттер узакка созулган, күтүлбөгөн жана көп учурда жыйынтык бербеген аракет катары кабыл алышат. Айрым учурларда адилетсиз санкциялар көйгөйү платформаларды колдоонун формалдуу механизмдери аркылуу эмес, институционалдык эмес каналдар – жеке байланыштар же эл аралык уюмдарды ЖМКлар менен платформалардын ортосунда ортомчулукка тартуу аркылуу чечилет. ЖМКнын редакциялары платформаларды модерациялоонун ачык эмес эрежелерине жана даттануу жол-жоболоруна бирдей эмес жеткиликтүүлүккө туш болгон шартта, алар платформалардын эрежелерине ыңгайлаша башташат..**

# 03 - БЛОК

# АЛГОРИТМДЕРГЕ ЫҢГАЙЛАШУУ ЖАНА ПЛАТФОРМАЛЫК ТААСИРДИН ЧЕКТЕРИ

**Бул блок платформаларды алгоритмдер боюнча модерациялоо эрежелерине ыңгайлашуу кандайча жүрөрүн, редакциялар алгоритмдерди буйтап өтүүнүн кандай тактикаларын колдонорун, бул процесс редакциялык саясатта кандайча чагылдырыларын түшүнүү милдетин өз алдына коёт. Ошондой эле бул блок ЖМКлардын пикири боюнча, алгоритмдерге ыңгайлашуу менен платформалардын редакциялык саясатка кийлигишүүсүнүн ортосундагы чек кайсы жерден башталат деген суроого жооп табуу максатын көздөйт.**

## АДАПТАЦИЯ РЕДАКЦИОННЫХ ПРАКТИК

ЖМКлардын ою боюнча адилетсиз бөгөттөөлөргө даттануунун узакка созулган жана айрым учурларда жоопсуз калган аракеттеринин көптөгөн мисалдары редакциялар контентти жаңы санариптик чындыкка ыңгайлаштыруусуна алып келет. Фокус-топтордун катышуучуларынын айтымында, платформалардын эрежелери бузулган болушу ыктымал деген эскертүүлөрдү алганда, алар адатта контентти оңдоп чыгууну же аны жарыялоодон баш тартууну туура көрүшөт.

> *"TikTok'ко контентти жүктөгөндө ошол замат эскертүү келет. Эгерде эскертүүнү көрсөк, страйк алып калбоо үчүн бул контентти жарыялабай койгонубуз туура болот".*

> *"Instagram'да да ушундай эле. Башкача айтканда, эгерде биз автордук укук же мисалы, зордук-зомбулук, [...] боюнча [көйгөйлөрдү] көрө турган болсок, анда биз аларга блюр жасаганга аракет кылабыз. Эгерде бул да жардам бербесе, анда жарыялабайбыз".*

> *"Жалпысынан алганда, биз [контент] болбой турганына көзүбүз жеткенде ошол замат [материалды] өчүрүп, [...] музыкасын өзгөртүп, кайра жүктөйбүз".*

> *"Бизге бан берилген эмес, болгону пост өчүрүлдү. Биз "макул, кийинки жолу баарын туура кылабыз, же болбосо даттанууга аракет кылабыз" дедик. Бирок, жалпысынан бардык редакция социалдык тармактарга көз каранды болгондуктан, бул видеого байланыштуу көйгөйлөр жараларын сезе баштаганда, биз алардан озуп, биринчи болуп чара көрүүгө аракет кылабыз".*

Сурамжылоо маалында берилген жооптор көрсөткөндөй, редакциялардын жарымынан көбү (56,3%) платформадан санкцияларды алып калбаш үчүн алдын ала темаларды жарыялоодон баш тарткан кырдаалга туш болушкан эмес. Ошол эле учурда сурамжылоого катышкан респонденттердин 31,3% мындай тажрыйбаны кээде колдонорун белгилешти, ал эми 12,5% муну үзгүлтүксүз жасай турганын айтышты. Алардын ичинен постту жарыялоодон баш тартуу зарылдыгына туш болгон респонденттердин 43,8% өз жоопторун түшүндүрүп жатып, төмөнкүлөрдү белгилешти:

> *"Платформалардын алгоритмдери болгону жакшы, себеби алар бизге аудиториябызды жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Бирок, бул алгоритмдер адатта белгилүү бир темаларды жасалма түрдө андан ары жайылтып, муну менен редакцияларга иш жүзүндө кайсы маселелерди чагылдырыш керектигин, ал эми кайсы темалар көрүлбөй кала турганын айтып тургандай болушат".*

> *"Мета ЖМКнын камтуусун кыскартып, муну платформаларда көп негативди каалабастыгын, адамдардын бири-бири менен баарлашуусуна шарт түзүүгө умтулат деп жүйө келтирүүдө. Бул болсо ЖМКлардын баракчаларынын өсүшүн чектейт, контентти цензуралоого мажбурлайт".*

"Редакциялык саясатты өзгөртүүгө мажбур болгон учурлар болду беле?" деген ачык суроого жооп берип жатып, редакциянын өкүлдөрүнүн 32,5% контентти платформалардын саясатына ыңгайлаштыруу учурларын кеңири сүрөттөп, санкцияларга кабылбоо үчүн контенттин айрым элементтерин алдын ала өзгөртүүгө мажбур болгонун белгилешти.

*"Мисалы, Meta зордук-зомбулук тууралуу контентка тиешелүү саясатын катаалдаштыргандан кийин SMM бөлүмү айрым сөздөрдөгү тамгаларды өздөрү эле өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алышкан"*[107]

*"Зордук-зомбулукту, канды камтыган контентти жарыялоодон; балдар бар жерде медициналык багыттагы жарнамалык контентти жайгаштыруудан баш тартабыз"*

Бирок, респонденттердин көпчүлүгү (62,5%) редакциялык саясаты формалдуу түрдө өзгөрбөгөнүн белгилешет:

*"Өзүбүз тууралуу айта турган болсок, биз редакциялык саясатты өзгөрткөн жокпуз. Instagram же TikTok биздин контентти өзү өчүрүп салган учурлар да болгон эмес. Бирок биз алдын ала чара көргөн учурлар болот. Дайыма материалды чыгарардын алдында биринчи кезекте темаларды тандоо этабында биз ар бир жолу талаштуу маселелердин кесепеттери кандай болушу мүмкүн экендигин ойлонобуз"*

Балким, бул этапта алгоритмдерге шайкеш келүү максатында редакциялоо практикасы, материалдарды өчүрүү же жарыялоодон баш тартуу редакциялык принциптерди кайра карап чыгуу катары эмес, кырдаалга жараша кабыл алынган чечимдер катары каралса болот. Буга кошумча, редакциялардын бир бөлүгү платформалардын санкцияларына тикелей туш болбогону да бул кабылдоого таасир этиши мүмкүн. Алсак, *Бөгөттөө жана даттануу жол-жоболорунун тажрыйбасы бөлүмүндө* респонденттердин үчтөн бири акыркы бир жарым жылда мындай учурлар болбогонун же платформалардын чечимдерине даттануу зарылдыгы келип чыкпаганын көрсөтүшкөн.

Ошентсе да, редакциялардын айтымында, редакциялык саясат формалдуу түрдө өзгөрбөгөнүнө карабастан, алар берген жооптор алгоритмдердин таасири алдында контентти тандоого байланышкан редакциялык чечимдер иш жүзүндө өзгөрүп жатканын көрсөтүүдө. Мындан тышкары, бул бөлүмдөгү жоопторго жасалган талдоо көрсөткөндөй, ыңгайлашуу көп учурларда санкциядан качуу гана эмес, алгоритмдердин күтүлбөгөн шарттарына ыңгайлашуу максатында алдын ала чара көрүү үчүн да иш-аракеттердин топтому болгонун көрсөтүп жатат.

107 Социалдык тармактарда тыюу салынган сөздөрдү колдонгондугу үчүн посттун бөгөттөлүшүн, статистиканын түшүп кетүүсүн болтурбоо же бан алып калбоо максатында колдонуучулар сөздөрдү жазууда орфографиялык эрежелерди атайылап бузуп, айрым тамгаларды калтырып коюшат же аларды сандарга жана символдорго алмаштырышат. Мисалы, "п_дофилия", "зордук_оо", "P@l3st1ne".

## АЛГОРИТМДЕРДИ БУЙТАП ӨТҮҮ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Фокус-топтун катышуучуларынын айтымында, платформалык санкциялардан качууга мүмкүндүк берген айрым бир сөздөрдү колдонбоо практикасы мындай чаралардын бири болду. Ошол эле учурда катышуучулар платформалардын расмий эрежелеринде мындай талаптар болбогонун жана бул билимдер башкалардан угуп, билип калып алынганын белгилешти. Натыйжада, коом үчүн маанилүү айрым темалар коддолуп чагылдырылат же сайттарда эле "жашай берет". Мисалы, фокус-топтун бир катышуучусунун айтымында, өз жанын кыйган балдар туралуу жаңылыктар сайтта гана жарыяланат. "Жаныбарларга карата жасалган зомбулук" темасын да платформаларда чагылдырууга болбойт. Редакция колдонбоого аракет жасаган сөздөрдүн арасында "өз жанын кыюу", "зордук-зомбулук", "зордуктоо", "курал" деген сөздөр бар.

*"Кимдир бирөө баштады, "биз да ушуларды жасашыбыз керек, бирок кандай болгон күндө да [...] Бул алгоритмдерде жок жана бул колдоо кызматы менен сүйлөшкөндө да жок. Бирок, биз эмнеси болсо да ушундай чектөөлөрдү киргизип жатабыз".*

*"Биз зордук-зомбулук жөнүндө албетте жазабыз, болгону биз [...] кандайдыр бир сөздөрдү коддоп коебуз".*

*"Курал-жарак, ок атышуу, өз жанын кыюу – мунун баарын такыр чыгарбай калдык. Бул өлкөдөгү Instagram'да эч ким өлбөй калды. Азыр балдарды мурдагы жылдарга салыштырмалуу азыраак өлтүрүп жатат деп ойлойсузбу? Жок, алардын өлүмү тууралуу маалымат сайтка гана чыгат".*

*"Биз деле чындыгында ушундай кылабыз. Бирок бул канчалык натыйжалуу экенин билбейбиз. Балким, биз кандай болсо, ошондой чыгарсак, бул үчүн эч нерсе болмок да эмес".*

Алгоритмдерди буйтап өтүүдө негизги ыкмалар редакциялар тамгаларды алмаштырышат (жылдызчаларды, боштуктарды коюу), сөздөрдү коддошот, видеолордо айрым сөздөрдү угулбай тургандай кылышат, сүрөттөрдөн жана видеолордон баш тартышат. Кыргыз тилинде иш алып барган редакциялар Мета "азырынча кыргыз тилин тааный электигине" байланыштуу сөздөрдү алмаштыруу көйгөйүнө туш болуша элек.

*"Видеодо биз айрым сөздөрдү угулбай тургандай кылабыз, же субтитрлер бар болсо, анда биз жылдызчаны коебуз же бир жерин өзгөртөбүз. TikTok – ал катаал карайт".*

*"Биздин эң көп материалыбыз TikTok'то өчүрүлдү. Башында 5-6 материал өчүрүлгөн [...] Себеби биз "кан", "зордук-зомбулук", адам өлтүрүү деген сөздөрдү коддогон эмеспиз, бирок кийин эрежелерди түшүнүп калган соң азыр өчүрүлгөн материалдар аз болуп калды".*

*"Алсак, өлүм, фемицид жөнүндө жасалма интеллектти колдонуу менен материал жасоого аракет кылдык. Жалпысынан окшошкондой болду".*

*"Биздин бардык контентибиз кыргыз тилинде болгондуктан, мындай учурларга азыраак туш болгондойбуз"*

Фокус-топтогу талкуу ошондой эле кээ бир редакцияларда айрым бир сөздөрдү жана темаларды колдонууга тиешелүү жазылган эрежелер бар экенин көрсөттү. Бул эрежелер көпчүлүк учурларда платформалар менен иштөөнүн жеке тажрыйбасына негизделген (буга чейин санкция салынган).


> *"Бизде тажрыйбанын негизинде монтаждоочулар үчүн чек-листтер бар. Бизге бан берилгенден кийин мындай кылбаш керектигин бир заматта үйрөндүк. Негизинен, чынын айтсам, бул зомбулук менен байланыштуу болчу"*

Ошол эле маалда фокус-топтун айрым катышуучулары аяр темадагы контентти чектөөсүз жарыялап, бул үчүн эч кандай жаза берилбегенин белгилешти, бул платформалардын эрежелери адатта ар кандай колдонуларын айгинелейт.

> *"Көрсө, биз негизинен эле бейкапар, ашыкча маани бербеген адамдар экенбиз. Бизди банга салышы мүмкүн деп такыр ойлонбойбуз, этияттык чараларын такыр көрбөйбүз. Себеби бизде өз жанын кыйган адамдар жөнүндө эки материал бар болчу жана биз эч жеринде сөздөрдү өзгөртпөстөн, кандай болсо, ошол бойдон чыгарганбыз [...] YouTube, TikTok, Instagram, айтор, бардык платформаларга чыгарганбыз. Балким, жолубуз болуп, бизди байкабай калышкандыр".*

Сурамжылоонун жыйынтыктары сөздөн качуу практикасы кеңири жайылганын тастыктоодо. "Сиздин редакцияңыз кайсы бир сөздөрдү чыгаргандан канчалык өзүн алыс кармайт?" деген суроого жооп берип жатып, редакциялардын 31,3% айрым бир сөздөрдү колдонуудан (мисалы, "согуш", "зордук-зомбулук", "өз жанын кыюу") өтө көп качат, 31,3% – сейрек колдонот, 18,8% – кээде гана колдонот, 12,5% – көп колдонот, 6,3% гана эч качан колдонбойт. Ачык жооптордо айрым редакциялар кээ бир сөздөрдөн качкандыктан кандайдыр бир темаларды чагылдырууда кыйналышарын белгилешти:

> *"Гендердик зомбулукка тиешелүү бардык материалдарды жарыялаганда кыйналабыз. Мисалы, TikTok'то "зордуктоо", "киши өлтүрүү", "өз жанын кыюу" жана башка сөздөргө тыюу салынган. Ал эми бул сөздөрсүз Кыргызстандагы гендердик зомбулукту чагылдыруу абдан кыйын. Ошондой эле балдар жөнүндө контентке тиешелүү темаларды да жарыялоо оңой эмес".*




6-сүрөт. **Редакцияларда айрым сөздөрдү колдонбоонун жыштыгы** (n = 16).


Сурамжылоонун дайындары ошондой эле алгоритмдик чектөөлөр көз карашынан алганда коом үчүн маанилүү темалар эң аярлуу экендигин көрсөттү. Тактап айтканда[108]:

- саясат жана шайлоо - 75%;
- социалдык маселелер жана адам укуктары - 43,8%;
- коррупция - 37,5%;
- экономика жана бизнес - 18,8%;
- окуялар - 6,3%

Респонденттердин 6,3% ден соолук темасына карата чектөөлөрдү өзүнчө белгилешти (мисалы, эмчек рагы жана аялдардын башка оорулары өңдүү темалар), аны алгоритмдер жылаңач сүрөткө байланышкан эрежелерди бузуу катары чечмелешүүдө.

Ошол эле учурда респонденттердин 6,3% алардын тажрыйбасында мындай чектөөлөр эч качан болбогонун белгилешкен.

Сурамжылоо ошондой эле редакциялар алгоритмдердин чектөөлөрдү же чыпкаларды (мисалы, сөздөрдү башкача түзүү, синонимдерди, эвфемизмдерди колдонуу) буйтап өтүү үчүн ар кандай ыкмаларды канчалык көп колдонушарын аныктоого мүмкүндүк берди: респонденттердин жарымы (50%) атайын ыкмаларды үзгүлтүксүз колдонорун ырасташты, 37,5% – ыкмаларды кээде колдонорун, 12,5% – сейрек колдонорун жана 6,3% – такыр колдонбой турганын айтышты.





7-сүрөт. **Алгоритмдик чектөөлөрдү буйтап өтүү ыкмаларын колдонуу** (n = 16).

*"Контенттин бир бөлүгү (мисалы, зомбулук, өз жанын кыюу, адам өлтүрүү ж.б.) өчүрүлөт деген тобокелдиктен улам бардык платформаларда жарыяланбайт. Мисалы, Telegram'да жарыяланат, себеби ал жерде өчүрүлөт деген коркунуч жок, бирок бул көргөндөрдүн санын чектейт"*

Ошол эле учурда аудиторияны сактоо же банга түшүп калбоо максатында мындай ыкмалардын натыйжалуулугун респонденттер жарым-жартылай деп баалашты: 62,5% алар жарым-жартылай жардам берет деп эсептешет, 25% – абдан жардам берет жана 12,5% – таасири чабал деп эсептешет.

108 Бул суроого жооп берип жатып, сурамжылоого катышкандар жооптордун бир нече вариантын тандай алышкан.




8-сүрөт. **Алгоритмдерди буйтап өтүү ыкмаларынын натыйжалуулугун баалоо** (n = 16).

**Дайындарды талдоо көрсөткөндөй, алгоритмдер ар кандай платформаларда темаларга жете алууга таасирин тийгизет, ошондой эле айрым коом үчүн маанилүү темалардын коомдук талкуусуна кыйыр түрдө таасирин тийгизет.**

## АЛГОРИТМДЕРДИН КОНТЕНТТИН САПАТЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Фокус-топтун катышуучулары алгоритмдердин пайдасы жана көрүүчүлөрдүн масштабын кеңейтүү үчүн контентти, анын форматын жөнөкөйлөтүү жана узундугун кыскартуу трендин белгилешти. Катышуучулардын айрым бөлүгү вирустук жана “чуулгандуу” контентке болгон мындай тенденцияны терс катары кабыл алышат, себеби ал ЖМКнын “аудиторияны өзгөртүү” деген баштапкы миссиясына каршы келет.

*“Биздин вазыйпа аудиторияны өзгөртүү болчу, эми болсо аудитория бизди өзгөртүүдө”.*

*“Бир жерде өзүн-өзү цензуралоо бар, бир жерде, тескерисинче, жакшыртууга жардам берет, ал эми дагы бир жерде [...] бул алгоритмдер үчүн гана түзүлгөн контент. Биз анын вирус катары жайыларын билебиз: кандайдыр бир крокодил Австралиянын бир жерине кирип кеткен. Ооба, бул чын-чынына келгенде чуу жаратуу үчүн контент”.*

*“Ооба, жөнөкөйлөштүрүүгө мажбурбуз, себеби чындап абдан кызыктуу контентти табыш керек, бирок аны мындай түрүндө көрүшпөй турганын билесиң”.*

*“Биз кадыресе материалды даярдайбыз, ишибизди жасайбыз. Бир маалда жакшылап баамдап көрсөк бир орунда эле жылбай кала бергендей болот. Мына ошондой учурда чуулгандуу бир кабарды таратабыз. Материалдарыбыз мындай болбошу керек, бирок биз кээде аны иш процессин жандандыруу үчүн кошобуз”.*

*"TikTok уруксат бербегени үчүн биз өзүбүздү цензуралап жатабыз. Башкача айтканда, SMM-адис бизге "TikTok'то зомбулукту көрсөткөн контентке жол берилбейт, TikTok мушташкан видеону өткөрбөйт, TikTok'то канды көрсөтпөш керек" деп айта берет. Анан иш жүзүндө биз ал жакка эч нерсе чыгарбайбыз. Ошондой эле ал бизге "бул контент Instagram'да көрүлбөйт" деп айтат. [...] Биз анан бул видеону ал жакка чыгарбайбыз, себеби алар бизди бөгөттөп коюшу мүмкүн. Акыр соңунда эч көрүлбөй турган, окулбаган контентти даярдоого убакытты, күчтү жана каражатты текке кетирүүнүн кажети барбы?".*

Катышуучулардын башка тобу мындай өзгөрүүлөрдү аудиториянын өзгөрүп жаткан каалоолоруна жооп катары карашат. Катышуучулар алгоритмдердин оң таасирин да белгилешти: контенттин айкындыгын жогорулатуу үчүн узун материалдар кыскартылууда, каракчылык (башкалардан уурдалган) контенттен баш тартышууда, балдардын укуктарын коргоо алдыңкы катарга чыгат.

*"Социалдык тармактар алгоритмдерге, аудиторияга ылайыкташат. Алар муну жөн эле алышпайт да. Аудитория видеону 90 секундадан ашык көрбөйт экен. Ошондуктан биз да ушуну эске алууга аракет кылып жатабыз. Менимче, өз ара түшүнүшүү ушундай болот".*

*"Биз Facebook'та, Youtube'да каракчылыкты толугу менен жокко чыгардык"*

"Сиздин редакцияңыздын санариптик платформалардан көз карандылыгы контенттин сапатына таасир этет деп эсептейсизби?" деген суроого жооп берип, сурамжылоого катышкандардын 50% "таасир этпейт", 25% "сапатты төмөндөтөт" деп жооп беришти, ал эми 12,5% материалдардын сапаты кыйла оңолгонун белгилешти. Дагы 6,3% аудиториянын көңүлүн ээлеп алуу үчүн кыска видеоматериалдарды чыгарууга мажбур болушканын, муну сапатын жоготпостон жасоо "өтө кыйын" болгонун белгилешти. Башка 6,3% социалдык тармактардын эрежелеринин алгоритмдерине жана форматтарына ыңгайлашып жатышканын, бирок бул "жашоонун чындыгы" экенин айтышкан.

Контентти жөнөкөйлөтүү жана вирустук форматтарды кошуу боюнча сүрөттөлгөн процесстер редакцияларды аудиторияны тартууга жана контентти кеңири жайылтууга багытталган алгоритмдердин логикасына ыңгайлаштырууну көрсөтөт. Алгоритмдердин логикасын эсепке алган редакциялык чечимдер ЖМКнын күн тартибин түзүүдөгү салттуу ролу өзгөргөнүн айгинелейт, себеби бул күн тартиби коомдун гана эмес, платформалардын да кызыкчылыктарына кызмат кылат. Изилдөөнүн жыйынтыктарынан көрүнүп тургандай, редакциялардын алгоритмдик таасирге болгон мамилеси амбиваленттүү: редакциялардын бир бөлүгү мындай кырдаалга макул эместигин билдиришсе, башка бир бөлүгү контентти жөнөкөйлөтүүнү аудиториянын муктаждыктарына ыңгайлаштыруу катары чечмелешет. Алгоритмдер койгон талаптарды чектөө катары эмес, нейтралдуу же ал тургай позитивдүү катары кабыл алуу алгоритмдердин кысымын нормалдаштыруу дегенден кабар бериши мүмкүн же, анын ичинде, айрым редакцияларда платформалардын өзүм билемдик менен киргизилген санкциялары менен түз кагылышуу тажрыйбасынын жоктугуна байланыштуу болушу ыктымал.[109]

109 *Бөгөттөө жана даттанууну жиберүү тажрыйбасы* бөлүмүнүн дайындары.

## АЛГОРИТМДЕРДИ КАБЫЛДОО


“Редакциялар платформалардын алгоритмдерин алдын ала божомолдоо же өзгөртүү мүмкүн эмес, ошондуктан платформалардын чечимдерине каршылык көрсөтүүнүн кажети жок деп эсептейби?” деген суроого жооп берип жатып, респонденттер эки ача көз караштын билдиришти:

43,8% – кээде мүмкүн эмес деп эсептешет;
18,8% – көп учурда мүмкүн эмес деп эсептейт;
18,8% – алгоритмдерди алдын ала божомолдоо же өзгөртүү мүмкүн деп эсептеп, терс жооп беришти;
18,8% – алгоритмдерди алдын ала божомолдоого же өзгөртүүгө болот деп эсептешет, бирок кээде гана.

Респонденттердин олуттуу бөлүгү платформаларды алдын ала болжолдой алуу деңгээлинин төмөндүгүн белгилешкенин редакциялар алгоритмдер таасир этүү үчүн чектелген жеткиликтүү катары кабыл алынган белгисиздик атмосферасында иштей турганын тастыктайт. Бул өз кезегинде медиа менен платформалардын ортосундагы структуралык асимметрияны таануудан кабар берет.

Сурамжылоонун жүрүшүндө редакцияларга “Платформалар – бул жеке бизнес, демек, алар ар кандай эрежелерди киргизүүгө укуктуу, ал эми медиа ага жөн гана ыңгайлашуусу керек” деген ырастоого баа берүү сунушталды. Респонденттердин жооптору бул билдирүүгө эки башка мамиледе экенин көрсөттү, мында респонденттердин көпчүлүгү (62,6%) бул билдирүүгө кошулбай турганын билдиришти:

Респонденттердин 43,8% бул билдирүүгө макул эмес;
31,3% - дээрлик макул;
18,8% - толугу менен макул эмес;
6,3% - толугу менен кошулат.




9-сүрөт. **Редакциялардын платформалардын ар кандай эрежелерди киргизүүгө болгон укугу жөнүндө билдирүүгө карата мамилеси** (n = 16).

Ошентип, платформалардын санкцияларына жана контентти ыңгайлаштыруу зарылдыгына туш болгон редакциялардын арасында басымдуу бөлүгү платформалардын учурдагы иштөө принциптерине макул эмес. Респонденттердин олуттуу бөлүгүнүн санариптик платформалардын толук автономияда болуу идеясын колдобогондугу алардын отчеттуулугунун ченемдик күтүүсүн сактоо дегенден кабар берет.

## ЫҢГАЙЛАШУУ VS ТААСИР

Алгоритмдерге ыңгайлашуу менен редакциянын ишине кийлигишүүнүн ортосунда өткөн чек форма боюнча эмес, мазмун боюнча өтөт – фокус-топтун катышуучулары ушундай тыянакка келишти. Катышуучулар кийлигишүү деп эсептелиши мүмкүн учурларды санап беришти: платформа коом үчүн маанилүү маселелерди (мисалы, окуяларды) чагылдырууга тыюу салса, же платформа редакциянын позициясына таасирин тийгизе алса (мисалы, сөз эркиндиги темасын чагылдырууга тыюу салуу) же ЖМКнын аккаунтун кайрадан бөгөттөө.

*"Аккаунтту бөгөттөөнү мен корпорациянын кийлигишүүсү катары баалайм".*

*"Окуяны алалы – бул журналистикалык көз караштан алганда, коом үчүн маанилүү контент. Ал Meta'нын тыюу салуусуна киреби? Жок жана ооба. Meta бардык контентти тааныйбы? Ар дайым эмес. Бул орус рулеткасы сыяктуу. Мына бул – олуттуу көйгөй".*

*"Бир жарым жыл бою Инстаграмда түз эфирге чыга албай калдык. Эмгек министрлигинин пресс-релизинен улам биз алты ай көмүскө банга кеткенбиз, себеби мигранттарды кандайдыр бир окутуу боюнча Орусиянын миграция кызматы менен меморандумга кол коюлганы тууралуу кабарды чыгарганбыз. Цукерберг муну адам сатууга үгүттөө деп эсептегендиктен биз санкцияга кабылдык".*

*"Аккаунтту бөгөттөө адилетсиз, ал эми жоготуулар абдан олуттуу болушу мүмкүн. Бул, менимче, өтө эле аша чапкандык".*

*"Менин оюмча, биз үчүн платформаларга ыңгайлашуу биздин редакциялык саясатыбызга эч кандай таасир этпейт, себеби биз форматты гана өзгөртөбүз. Биз мазмунун өзгөртпөйбүз".*

Фокус-топтун катышуучуларынын бир бөлүгү платформалык цензураны сезбегенин белгилешти, себеби алар платформалардын эрежелерине окшош этикалык ченемдерге ылайык иштешет.

*"Бизде бүтүндөй бир этикалык кодекс, стандарттар, редакциялык саясат бар жана биз андан четтебейбиз. Биз глобалдык платформалар бизди цензуралап жатканын сезбейбиз, себеби коомдоштуктун эрежелери негизинен бирдей эле".*

Сурамжылоонун катышуучулары форманы ыңгайлаштыруу (посттун узундугун өзгөртүү же аталышты социалдык тармакка ылайыкташтыруу) менен платформанын саясатын иш жүзүндө кысымга алуу же таңуулоо (аккаунтту бөгөттөө, постту түшүндүрбөстөн өчүрүү, легитимдүү контент үчүн страйк берүү) ортосундагы айырманы белгилешти:

*"Социалдык тармактардагы алгоритмдерден улам биз адатта статистиканы жасай албаган айрым темалардан баш тартышыбыз керек, бирок алар биздин аудиториябыз үчүн абдан пайдалуу болмок деп ойлойм".*

*"Окурмандын көңүлүн ээлеп алган аталыштарды жазганга мажбурбуз"*

Алгоритмдердин чектөөсүнүн себептерин баалоодо сурамжылоого катышкандардын 37,5% чектөөлөр айрым посттордү "басып салууга" багытталганын белгилешти, дагы 37,5% алардын максаттарын баалоодо кыйналышты. Сурамжылоого катышкандардын төрттөн бири (25%) чектөөлөрдү алгоритмдердин кокустук каталары катары кабыл алышат, ал эми 18,8% чектөөлөр бүтүндөй редакциянын же жалпы ЖМКнын таасирин азайтууга багытталышы мүмкүн деп эсептешет.

Респонденттердин пикири боюнча, алгоритмдердин чектөөлөрүнүн жергиликтүү контентке тийгизген таасирин азайтуунун кыйла натыйжалуу чаралары болуп төмөнкүлөр саналат[110]:

- контентти алгоритмдердин талаптарына жараша кайра түюндүрүү жана ыңгайлаштыруу - 56,3% (16нын ичинен 9у);
- альтернативалык платформаларды жана жайылтуу каналдарын колдонуу - 50% (16нын ичинен 8и);
- редакцияларды санариптик сабаттуулукка жана алгоритмдердин стратегияларга окутуу (43,8%) (16нын ичинен 7си);
- платформалардын due prominence принцибин сактоо – платформаларда коом үчүн маанилүү контенттин кеңири аудиторияга көрүнөт деген кепилдик - 25% (16нын ичинен төртөө).

Талдоо көрсөткөндөй, ыңгайлашуу менен кийлигишүүнүн ортосундагы айырмачылык практикалык эмес, көбүрөөк теориялык мүнөзгө ээ. Дал ушул форманы өзгөртүү аркылуу (сөздөрдү коддоо, жайылтуунун айрым каналдарынан баш тартуу ж.б.) айрым темалар коомдук дискурстан чыгып калууда же азыраак чагылдырылып жатат. Маанилүүсү, редакциялардын баалоосу боюнча, коом үчүн маанилүү темалар алгоритмдердин чектөөлөрүнүн алдында өзгөчө аяр абалда калышууда. Бул ошондой эле платформанын таасири контенттин форматына гана эмес, жаңылыктардын мазмунуна да таасирин тийгизерин көрсөтүүдө.

## 3-БЛОКТУ ТАЛДОО

**Бул изилдөөлөр "ыңгайлашуу" менен "кийлигишүүнүн" ортосундагы чектин бүдөмүк болгонун ачык көрсөттү. Редакциялардын айтымында, алар жарыяланган контенттин формасын гана өзгөрткөнүнө карабастан, айрым сөздөрдөн баш тартуу, санкциялардан качуу үчүн айрым темаларды көтөрбөө же жаңылыктар түрмөгүнө вирустук контентти кошуу сыяктуу тажрыйбалар платформалардын редакциялык саясатка жашыруун таасирин көрсөтүүдө. Бул факт социалдык тармактардагы дискурстун калыптануу процессине да таасирин тийгизип жатат, мында колдонуучулар коом үчүн маанилүү маалыматтарга жетпей калышы мүмкүн (мисалы, балдардын өз жанын кыюу темасы). Ошондой эле тигил же бул контентти жарыялоо жөнүндө чечимдер санкциялар киргизилгенге чейин ыктымалдуу чектөөлөр күтүлүп жатканына жана "камтуунун экономикасына" жараша кабыл алынат. Акыркысын алгоритмдердин таасир этүүчү аспабына да киргизүүгө болот. Алгоритмдик чектөөлөрдүн себептери жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн дайыма эле айкын боло бербейт. Ыңгайлашуунун жана "алдын ала" чечимдерди кабыл алуунун туруктуу зарылдыгы, балким, контентке гана эмес, редакциялардын эмоционалдык абалына да таасирин тийгизүү менен, стресстин белгилүү бир деңгээлин жаратат. Платформалардын санкцияларына жана контентти ыңгайлаштыруу зарылдыгына туш болгон респонденттердин арасында алардын олуттуу бөлүгү платформалардын учурдагы иштөө принциптерине макул эмес. Респонденттердин олуттуу бөлүгүндө санариптик платформалардын толук автономиясы идеясын колдобогондугу алардын отчеттуулугунун чанемдик күтүүсү сакталып калганын ырастайт.**

110 Бул суроого жооп берип жатып, сурамжылоого катышкандар жооптордун бир нече вариантын тандай алышкан.

# 04 - БЛОК

# КӨЗ КАРАНДЫЛЫКТЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН КАБЫЛДОО

**Бул блок платформалардын редакцияларын ишине психологиялык таасирин жана платформаларга көз карандылыкты жана аны менен байланышкан тобокелдиктерди жараткан стресстин деңгээлин талдайт**

## СТРЕССТИН БУЛАКТАРЫ

Фокус-топтогу талкуу платформаларды модерациялоо механизмдеринин ачык-айкын эместиги стресстин булактарынын бири болгонун көрсөттү, мында алар менен өз ара байланыш адатта кайра-кайра сыноонун жана каталардын негизинде түзүлөт. Айрым учурларда редакциялар жиберген даттануулары на жооп ала албай, платформалардын чечимдерин кабыл алууга жана санкциялардын аякташын күтүүгө мажбур болушат.

*"Тролддордун жапырт чабуулу [... ] жана [...]көмүскөдө кармачу банга кетүү, бөгөттөөлөр, бузуп кирүү аракеттери сыяктуу олуттуу санкциялар. Башкача айтканда, бул биз үчүн стресс. Мына ушул эки багыт".*

*"Биздин оператор-монтажчы дайыма стресс абалында жүрөт, себеби ал Youtube менен түз иштейт. Автордук укукка байланыштуу страйктар көп келет [...] Бул биз үчүн катуу стресс. Биз контентти каналдан өчүрүүгө, бул контентти ачылбай тургандай кылууга мажбурбуз".*

*"Ооба, баракчабызды алдырып койгон учур болгон. Мен Meta'нын өкүлү менен 45 мүнөт сүйлөштүм, бирок ал менден, ал эми мен андан эмне алганымды такыр түшүнбөдүм. Андан кийин ал жөн эле жок болуп кетти, болду. Баракчаны кайтарып беришкен жок".*

Ошол эле учурда редакциялардын бир бөлүгү үчүн платформалык тобокелдиктер жергиликтүү мыйзамдарды ыктымалдуу бузуулар менен байланышкан тобокелдиктерге салыштырмалуу экинчи даражалуу болуп саналат.[111] Атап айтканда, катышуучулар тролддордун жана фейк аккаунттардын координацияланган чабуулдары посттордун алдына жазылган пикирлердин кескин көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн экенин белгилешти. Мындай пикирлердин айрымдары козутуучу болушу мүмкүн жана бийлик аларды "улуттардын ортосундагы кастыкка чакырыктар" катары баалашы ыктымал. Ошентип, платформалык жана саясий тобокелдиктер дайыма чырмалышып келет.

*"Биз үчүн чоң стресс – бул жергиликтүү мыйзамдар. Платформанын санкциялары анчалык стресс кылбайт".*

*"Контентти жүктөөрүн жүктөп коюп, унутуп каласың, анан кокустан ача салсаң эле ал жакта үчүнчү дүйнөлүк согуш жүрүп жаткан болот. Анан ойлойсуң: дагы эмне үчүн страйк берилди? Анан пикирлерди көрүнбөй тургандай кыла баштайсың. Кимден сөгүш угасың? Платформаданбы? Бийликтенби?".*

*"Фейктер чабуул кое баштайт [...] анан биздин СММ-адисибиз ошол заматта комага түшөт. СММчиде көйгөй пайда болот: эмне кылыш керек, реакция жасасамбы же бөгөттөп салсамбы?" дейт".*

*"Контент үчүн жооптуу ар бир журналист модератордун деңгээлинде кире алат, ал өзү пикирлерди тазалайт, бирок кээде биз жетишпей калабыз. Башкача айтканда, ал жерде миңден ашык пикир болот жана ар бир жолу адам физикалык жактан мунун баарын карап чыгууга жетишпей калат. Бул биз үчүн чоң стресс".*


*"Стресстер көбүрөөк мыйзамдарды аткаруу менен байланыштуу болот".*

111 Жыйынтыктарды чечмелөөдө өткөн жылдагы журналисттерди куугунтуктоо менен мүнөздөлгөн саясий контекстти эске алуу керек, ал фокус-топтун катышуучуларынын баалоолоруна таасир этүүдө.

Ошондой эле статистиканын өспөгөнү, жарнама бергендерде кызыгуунун жоктугу жана мурда баракчага жазылган колдонуучулардын жазылуудан баш тартуусу бир катар редакциялар үчүн стресстин кошумча булактары болуп саналат. Киреше туруктуу болгон күндө да, аудиториянын саны көбөйбөй жатса, бул аярлуулук катары кабыл алынат.

> *"Бизди камтуунун жоктугу стресс кылууда. Бизди тармактарда такыр окушпайт. Ошондуктан жарнама бергендер бизге келгиси келбейт".*
>
> *"Платформалар менен өз ара байланыш биз башыбыздан өткөрүп жаткан стресстин 35-сабында турат деңизчи, бирок баары бир метрикалар жүрөктү өйүткөн көрүнүш".*
>
> *"Эгерде бул көйгөйлөрдүн ичинен ала турган болсок, анда [...] метрикалардын начардыгынан улам пайда болгон басым жана платформаларга көз карандылык бар".*
>
> *"Ал эми YouTube'га байланыштуу да ушундай эле көйгөй бар: контентти жүктөп жатканда Youtube скрин кылып, баары жайында дейт. Бирок жүктөп бүтүп, чыгарганда, YouTube "бул контент үчүн акча төлөнбөйт" деп коет. Мындай жагдайды алдын ала болжолдоого болбойт"*

Сурамжылоонун дайындары окшош көрүнүштү көрсөттү[112]. Респонденттер үчүн стресстин эң олуттуу булагы – алгоритмдерди алдын ала болжолдоого мүмкүн эместик, алардын капыстан өзгөрүшү (81,3%; 16нын ичинен 13ү). Маанилүүлүгү боюнча стресстин экинчи булагы катары респонденттер ачык чабуулдарды, троллингди жана жапырт даттанууларды аташты (62,5%; 16нын ичинен 10у). Ошондой эле сурамжылоого катышкандар платформалардын чечимдеринин адилетсиздигин (контенттин өчүрүлүшүн, чектөөлөрдү) сезишкендигин (37,5%; 16нын ичинен алтоо); метрикалардын[113] басымын жана контентти туруктуу негизде чыгарып туруу зарылдыгын (37,5%; 16нын ичинен алтоо) белгилешти. Бир-эки негизги платформадан көз карандылык (31,3%; 16нын ичинен бешөө) жана колдоо кызматтарынын жообун көпкө күтүү же алардын жооп бербей коюшу (18,8%; 16нын ичинен үчөө) чыңалуунун кошумча булактары болуп саналат.




10-сүрөт.
**Редакциялардын ишинде стресстин булактары**
(n = 16, бир нече жооп болушу мүмкүн).

Сурамжылоонун жүрүшүндө респонденттер кыйла маанилүү операциялык тобокелдиктер катары санкцияларга алып келиши мүмкүн болгон координацияланган жапырт даттанууларды белгилешти (56,3%), андан кийинки орунда жаңылыштык менен чектөөлөр же контентти өчүрүү (25%) жана статистикадагы түшүнүксүз кескин өзгөрүүлөр (18,8%) турат.

112 Бул суроого жооп берип жатып, сурамжылоого катышкандар жооптордун бир нече вариантын тандай алышкан.

113 Метрикалар – бул стратегиянын жана аудитория менен өз ара ара байланыштын ийгилигин баалоо үчүн сандар менен өлчөнгөн SMM ишинин натыйжалуулугунун сандык көрсөткүчтөрү.

Ошентип, бардык редакциялар стресстин тигил же бул булагына туш болушат деп айтууга болот. Редакциялардын бир бөлүгү үчүн стресс саясий-укуктук мүнөзгө ээ, ал эми башкалары алгоритмдердеги белгисиздикти жана ыктымалдуу экономикалык кесепеттерди, анын ичинде кирешелердин төмөндөшүн стресс катары белгилешкен.

## АККАУНТТУ ЖОГОТУП АЛУУ ТОБОКЕЛДИГИН КАБЫЛДОО

Негизги платформадагы аккаунтту жоготуп алуу тобокелдиги – олуттуу санкциялардын ыктымалдуу кесепеттеринин бири. Муну редакциялар жогорку жана көзөмөлдөнбөгөн тобокелдик катары кабыл алышат. Айрым катышуучулардын пикири боюнча, бул тобокелдик биринчи кезекте редакциянын катасына эмес, дайыма өзгөрүп туруучу алгоритмдерге байланыштуу болгондуктан стресс абалын курчутат.

> *"Тобокелдиктер жогору. Себеби бул чоочун платформалар жана алар ал жерде каалаганын кылышат. Алгоритмдер тынбай өзгөрүп жатат, ал эми биз бул өзгөрүүлөргө үлгүрбөй калуудабыз. Биз бир нерсени эми гана өздөштүрө баштаганда, артынан жаңы алгоритмдер пайда болот".*

> *"Фейсбукту анча-мынча жөнгө салууга болот. Кандайдыр бир коргоо койсоң да болот. TikTok болсо чытырман бир токойго окшош. Ал кытай алгоритминдей эле".*

> *"Ал жерде баары ушунчалык кеңири жазылгандыктан кийинкисинде эмне үчүн жаза берилерин же эмнени такыр кылбаш керектигин билбейсиң. Кээде ашыкча кадам жасагандан да коркосуң"*


Сурамжылоонун жүрүшүндө да ушундай эле жооп алынды. "Редакцияңызда аккаунтту жоготуп алуу коркунучу стресстин кандай деңгээлин жаратат?" деген суроого респонденттердин 75% олуттуу стресс, орточо стресс деп 18,8% жана анча-мынча стресс жаратат деп 6,3% жооп беришти.

Ошол эле учурда сурамжылоонун маалыматтарына ылайык, аккаунтту жоготуп алуу ыктымалдыгы жөнүндө жооптор кабылдоонун кеңири масштабын көрсөтүүдө: респонденттердин 25% тобокелдикти минималдуу деп баалашты (себептери түшүнүксүз болгон страйктар берилет, аккаунт бөгөттөлүшү мүмкүн); 25% баа бере албай кыйналышты; 18,8% страйктарга карабастан тобокелдикти төмөн деп сүрөттөштү (кээде страйктар болот, бирок олуттуу жоготуу тобокелдиги дээрлик жокко эсе), дагы 18,8% орточо деп баалашты. 12,4% гана тобокелдикти жогору деп баалашкан, себеби алардын аккаунту буга чейин бир нече жолу бөгөттөлгөн.

Алынган дайындар аккаунтту жоготуп алуу ыктымалдыгын баалоо менен аны эмоционалдык жактан кабылдоонун (пайда болгон стресстин деңгээлинин) ортосундагы айырманы көрсөтүшү мүмкүн. Сурамжылоодо респонденттердин басымдуу бөлүгү аккаунтту жоготуп алуу ыктымалдыгын төмөн деп баалаcа, фокус-топтогу жооптор тобокелдикти кыйла сезишерин көрсөтүүдө. Бир катар изилдөөлөргө[114] ылайык, фокус-топтор форматында биргелешип талкуулоо эмоционалдык сезимдерди күчөтүшү мүмкүн. Ушуга байланыштуу катышуучулар фокус-топтун форматында маселени кененирээк талкуулап, тажрыйбалары менен бөлүшүп, талкуунун негизинде тобокелдикти жогору деп баалашкан деп

114 Guest G., Namey E., Taylor J., Eley N., McKenna K. (2017). *Comparing focus groups and individual interviews: findings from a randomized study* [Фокус-топторду жана жеке маектешүүлөрдү салыштыруу: рандомайзердин жардамы менен жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары] // International Journal of Social Research Methodology, 693–708. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.tandfonline.com/doi/abs/10.1080/13645579.2017.1281601.

болжолдоого болот. Ошентип, баалоодогу айырма дайындарды чогултуунун ар кандай форматтары менен түшүндүрүлөт.




11-сүрөт. **Аккаунтту жоготуп алуу ыктымалдыгын рационалдуу баалоо менен ага байланыштуу стрессти эмоционалдык жактан кабылдоонун ортосундагы айырма** (n = 16).

Ошондой эле сурамжылоонун дайындары көрсөткөндөй, аккаунтту жоготкон учурда редакцияларда өзгөчө көп стрессти төмөнкү факторлор жаратмак[115] : негизги аудиторияны жоготуп алуу тобокелдиги (62,5%; 16нын ичинен 8и), платформалардын чечимдерине даттануунун ачык-айкын механизмдеринин жоктугу (56,3%; 16нын ичинен 9у) жана санкцияларды салуунун айкын болбогон жол-жоболору (50%; 16нын ичинен 8и). Респонденттердин олуттуу бөлүгү редакциялардын жүйөлөрүн эске албаган машиналык модерациялоо көйгөйүн да белгилешти (37,5%; 16нын ичинен алтоо), ошондой эле статистиканын төмөндөшүн жана анын кирешелерге тийгизген таасирин (31,1%; 16нын ичинен бешөө) айтышты. Буга кошумча аккаунттардын андан ары бөгөттөлүшүнө алып келген страйктардын топтолушу өңдүү тобокелдик белгиленди (25%; 16нын ичинен төртөө); ресурстарды даттанууга жана контентти калыбына келтирүүгө кайра бөлүштүрүп чыгуу зарылдыгы да тобокелдик катары бааланды (25%; 16нын ичинен төртөө).

## 4-БЛОККО ТАЛДОО

**Бул блоктун алкагында алынган жооптор көз карандылыкты психологиялык жактан кабылдоо бир нече деңгээлдерде пайда болорун көрсөтүүдө. Биринчиден, платформалык жана улуттук саясий тобокелдиктердин айкалышы бар, алар редакциялардын күнүмдүк ишинде бирин бири күчөтүп турат. Экинчиден, алгоритмдердин жана модерациялоо механизмдеринин ачык эместиги жана өзүм билемдик менен колдонулушу стрессти жана аярлуулук сезимин күчөткөн маанилүү фактор болуп саналат. Санкциялар эмне себептен колдонулганына так түшүндүрмөлөрдүн жоктугу жана даттануу жол-жоболорунун натыйжа бербегени редакцияларды белгисиздик шартында чечимдерди кабыл алууга мажбурлап жатат, бул болсо ЖМКларда санариптик чөйрөнү көзөмөлдөө сезимин азайтууда. Аккаунтту жоготуп алуу тобокелдигин эмоционалдык жактан кабылдоо менен мындай жоготуунун ыктымалдуулугун рационалдуу баалоонун ортосундагы айырма стресстин жогорку деңгээлде болушу аккаунтту жоготуп алуу фактысына гана эмес, анын кесепеттерине да байланыштуу экенин көрсөтүп турат, бул болсо ЖМКнын ишине таасирин тийгизиши мүмкүн. Бул платформадан көз карандылыкка байланышкан коркунучтарды кабылдоонун бирдей эместигин көрсөтүүдө.**

115 Бул суроого жооп берип жатып, сурамжылоого катышкандар жооптордун бир нече вариантын тандай алышкан.

# 05 - БЛОК

# СТРАТЕГИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУК

**Бул блоктун максаты – негизги платформаларды жоготуп алган учурда редакциялардын пландарын, ошондой эле негизги аккаунт бөгөттөлгөн учурда редакциялардын туруктуулугун аныктоо.**

## ПЛАТФОРМАЛАРДАН КӨЗ КАРАНДЫЛЫКТЫН ДЕҢГЭЭЛИ

Фокус-топтогу талкуу редакциялардын басымдуу бөлүгү платформалардан көз карандылыгын жогору деп кабыл аларын көрсөттү. Бул өзгөчө өзүнүн сайты болбогон, социалдык тармактарда иш алып барган ЖМКларга мүнөздүү. Жоопторго караганда, бир нече платформада аккаунттун болушу көз карандылыкты жана тобокелдиктерди азайта албайт.

> *"Бизде сайтыбыз болбогонун эске алганда, глобалдык платформалардан көз карандылык 100% түзөт. Эгерде бизде ар кайсы платформаларда 4 аккаунт бар экенин эске алсак, анда ар биринен көз карандылык 25% түзөт. Айталы, алардын бири иштебей калса, анда биз калган үч платформадан чыга беребиз. Бул платформалардын ар бири биз үчүн маанилүү. Ал жерде чындыгында эле өзүнүн ишенимдүү аудиториясы бар, алар бизди көрүшөт, баалашат жана күтүшөт".*
>
> *"Эгерде ошол эле Instagram'ды же TikTok'ту корпорациялар бөгөттөп салса, бул биз үчүн чоң сокку болот. [...]биз аларга абдан көз карандыбыз".*
>
> *"Бизде Instagram'дан көз карандылык бар. Негизинен Instagram бизге жарнамадан киреше алып келет, ошол себептен, айткан жерден алыс, баракчабыз жабылып калса, анда иштин бүткөнү ошол".*
>
> *"Чынын айтсам, TikTok'то жана Youtube'да бан берилсе, баары бир жеңил кабыл алат экенсиң, себеби бул биз үчүн киреше берүүчү платформа эмес".*
>
> *"Бирок биз [платформалардан] көз карандыбыз, себеби, чынын айтсам, биз азыр ошонун эсебинен жашап жатабыз, ал эми донорлор контент канчалык көп көрүлгөнүнө жана бренддин таанымалдыгына, башкача айтканда, биздин редакцияга карашат".*

Сурамжылоонун дайындары мындай кабылдоону тастыктап турат: 68,8% платформалык көз карандылык кубулушун санариптик чөйрөнүн кадыресе бир бөлүгү жана редакциялардын иштөө шарты катары кабыл алышат. 18,8% аны адилетсиз жана медианын туруктуулугун чектөөчү фактор катары баалашууда, ал эми 12,5% динамикада ал күчөгөнүн белгилешет.


> *"Көптөгөн платформалар азыр эле монополист (Meta, Google) болуп алганын эске алсак, биз алардын чечимдеринен толугу менен көз карандыбыз, бул болсо алар биздин укуктарыбызды каалаган убакта буза алат дегенди билдирет".*
>
> *"Google жана анын жасалма интеллекти эми басылманын конкреттүү макалаларын же баракчаларын эмес, жыйынды маалыматты гана берип калды. Мындай көрүнүш улана берсе, аудитория басылманын платформалардагы баракчаларына кире албай калышы мүмкүн".*

Жоопторлун ар түрдүүлүгү редакциялардын ортосунда платформалык көз карандылыктын бирдиктүү чечмеленүүчү алкагынын жоктугун көрсөтүүдө, мунун өзү анын аныкталбаган жана көп өлчөмдүү мүнөзүн чагылдырып жатат.

## ПЛАТФОРМАДАН КӨЗ КАРАНДЫЛЫК САКТАЛСА, МУНУН КАНДАЙ ТОБОКЕЛДИКТЕРИ БАР?

Сурамжылоонун жыйынтыктары ошондой эле редакциялар платформалар менен байланыш түзүүнүн учурдагы моделине байланышкан тобокелдиктерди баамдай турганын көрсөттү. "Эгерде санариптик платформалардан көз карандылык азыркыдай абалында кала берсе, анда көз карандысыз медиа үчүн кандай тобокелдиктерди көрүп турасыз?" деген суроого жооп берип жатып, респонденттер платформалардын эрежелерине жана алгоритмдерине көз карандылыктын күчөшүн эң маанилүү тобокелдик катары аташты – 81,3% (16нын ичинен 13ү).

Аккаунттарды бөгөттөө тобокелдиги (75%) (16нын ичинен 12си) жана аудитория менен түз байланышты жоготуп алуу (62,5%) (16нын ичинен ону) маанилүүлүгү боюнча салыштырууга боло турган катары белгиленген. Респонденттердин жарымы (50,0% же 16нын ичинен 8и) алгоритмдерге ыңгайлашуу жана санкциялардан качуу (темалардан жана сөз айкаштарынан качуу) зарылдыгына байланышкан өзүн-өзү цензуралоо күчөгөнүн белгилешти. Буга кошумча өз сайттарына трафиктин жана жарнамадан түшкөн кирешенин төмөндөшү белгиленди – 25% (16нын ичинен төртөө), чыгармачылык жана редакциялык эркиндиктин чектелиши – 25% (16нын ичинен төртөө).




12-сүрөт. **Платформалык көз карандылыктын учурдагы моделин сактап калуунун тобокелдиктери** (n = 16, жооптордун бир нече вариантына жол берилет).

## АККАУНТ БӨГӨТТӨЛГӨН УЧУРДА КОЛДОНУЛА ТУРГАН Б ПЛАНЫ

Фокус-топтун катышуучуларынын көбү аккаунт бөгөттөлгөн учурга "Б" планы жок экенин айтышты. Катышуучулар кризис учурунда кандай кадамдарды жасаш керектигин ички туюму менен түшүнүп турушат (мисалы, чечимге даттануу, маселени Meta'дагы жеке байланыштар аркылуу чечүү, жаңы аккаунт түзүү), бирок аларда кризиске каршы так планы жок.[116] Жаңы аккаунтту түзүү аргасыз, бирок майнапсыз кадам катары кабыл алынууда, себеби редакциялар аудиториясын да, киреше булагын да жоготуп жатышат – мунун баары ЖМКнын платформалардан көз карандылыгын жана аяр абалда болгонун белгилеп турат.

116 Аккаунт бөгөттөлгөн учурда натыйжалуу жана ыкчам аракеттенүү үчүн алгоритмдердин чечимдерине даттануунун жол-жоболорун үйрөнүп, мисалы, платформалар менен иштеген Access Now сыяктуу уюмдар менен байланышта болуп, резервдик аккаунтту түзүш керек.


*“Ар бир кадамы көрсөтүлгөн план жок, бирок биз эмнелерди жасай турганыбызды шарттуу түрдө билебиз. Башкача айтканда, бул чечимге каршы даттанабыз, эгерде ал да жардам бербесе, анда акыр соңунда жаңы аккаунтту түзөбүз”.*

*“Бизде да так жазылган план жок, биз муну жасайлы деп эле жүрөбүз, бирок негизинен түшүнүк бар. Биринчи кезекте чечимге даттанабыз жана Meta’да иштеген тааныштарды жардамга тартабыз. Эгерде мындан да майнап чыкпаса, анда жаңы аккаунт түзөбүз”.*

*“Бизде, албетте, чыгымдарды жана штатты 30 пайызга кыскартуу планы бар”.*

*“Бизде мындай план жок экен. Жалпысынан биз эмне кыларыбызды болжол менен билебиз, бирок так план жок”.*

Сурамжылоонун жыйынтыгы редакциялардын негизги платформалардын бөгөттөлүшүнө карата даярдыгы чектелүү экенин көрсөттү. Респонденттердин басымдуу бөлүгү (68,8%) иш-аракеттердин жарым-жартылай гана планы бар экенин билдиришкен, ал эми 18,8 пайызында гана так план бар. Ошол эле учурда редакциялардын 12,4 пайызында кандайдыр бир план такыр жок. Муну менен катар респонденттер адам ресурстарынын жана убакыттын жетишсиздигинен улам план даяр болбой жатканын белгилешти.




13-сүрөт. **Негизги платформа бөгөттөлгөн учурга карата иш-аракеттер планынын даярдыгы** (n = 16).


Фокус-топ көрсөткөндөй, негизги платформа бөгөттөлсө, учурдагы диверсификациялоонун жардамы менен редакциялар башка ресурстарда бир айдан бир нече айга чейин иштей алышат. Бирок, муну кыска мөөнөттүү жашоо стратегиясы катары караш керек, себеби ал кирешенин азайышы жана статистиканын төмөндөшү менен коштолот.

*“Азыркы чыгымдар менен бир ай жашай алабыз. Бирок, күтүп отурбастан, ошол замат кыскартуу туура чечим болот”.*

*“Биз кандай болгон күндө да ишибизди уланта беребиз, себеби бизде каржылоонун ар кандай булактары бар. Жалпысынан алганда, бул санариптик платформада болбосо, башкасынан табабыз”.*

Сурамжылоонун жүрүшүндө редакциялар негизги платформасыз канча убакыт иштей алат деген суроого берилген жооптор белгисиздиктин үлүшү жогору болгонун көрсөттү. Респонденттердин көпчүлүк үлүшү (37,5%) өздөрүнүн туруктуу абалына баа берүүдө кыйналышты, мунун өзү эле реакция жасоо-

нун так сценарийи болбогонунан кабар берет. Өзүнүн туруктуу абалын баалай алгандардын ичинен 25% ишин бир айдан ашык убакытка уланта аларына ишенсе, 18,8% бир нече күн гана иштей алам деп эсептешет. Дагы 12,4% бир ай, ал эми 6,3% эки жумадан үч жумага чейинки мөөнөттү көрсөтүштү.




14-сүрөт. **Редакциянын негизги платформасы бөгөттөлсө, болжол менен иштей ала турган убактысы** (n = 16).

## 5-БЛОККО ТАЛДОО

**Алынган дайындар редакциялардын стратегиялык туруктуулугу ыңгайлашууга негизделгенин жана көп учурда тобокелдиктерди системалуу башкарууга ээ эместигин тастыктап турат. Бул блоктун алкагында берилген суроолорго алынган жооптор редакциялардын платформалардан көз карандылыгы жогору жана аң-сезимдүү, ал эми медианын кризистик кырдаалдарга, анын ичинде аккаунттарды калыбына келтирүү пландарына даярдыгы төмөн деңгээлде болгонун көрсөтүп турат. Көп платформада иш алып баруу аккаунт бөгөттөлгөндө жеңилдетүүчү фактор болуп бериши мүмкүн, ал редакциянын ишин бир нече айга узартканы менен, маселени чече албайт. Тобокелдиктерди башкаруунун стратегиялык ыкмаларынын ордуна, редакциялардын басымдуу бөлүгүндө мүмкүн болгон иш-аракеттерди ички туюм менен түшүнүүгө негизделген ыкма басымдуулук кылат. Бир жагынан, бул редакциялардын өздөрү көрсөткөндөй, чектелген ресурстарга жана атайын компетенциялардын жетишсиздигине байланыштуу болушу мүмкүн. Экинчи жагынан, аккаунтту жоготуп алуу тобокелдигин салыштырмалуу төмөн баалоо (респонденттердин 43,8% аны минималдуу же төмөн деп баалашат – (Аккаунтту жоготуп алуу тобокелдигин кабылдоо бөлүмүн караңыз) бул тобокелдиктерге реакция жасоо стратегияларын иштеп чыгууга мотивацияны төмөндөтөт.**

**Белгилей кетсек, платформага көз карандылыкты сактоого байланышкан тобокелдиктерди баалоодо редакциялар аккаунттун бөгөттөлүү тобокелдигин эң маанилүүлөрдүн бири катары бөлүп көрсөтүшөт (75%). Бул жыйынтык бир караганда өз аккаунтун жоготуп алуу ыктымалдуулугунун жогоруда белгиленген төмөн баасына карама-каршы келет. Ошого карабастан бул маалыматтар бири-бирин толуктап, редакциялар бүтүндөй ЖМК экосистемасынын платформалардын алдындагы аяр абалын көрүп жатканын, бирок олуттуу санкцияларды башынан өткөрбөгөндүктөн бул бааны азырынча баамдай албай жатканын көрсөтүп турат.**

# 06 - БЛОК

# БАШКА МЕДИА МЕНЕН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮҮ

**Бул блок платформалар менен өз кызыкчылыктарын сүрөө үчүн ЖМКлардын коалицияларын жана альянстарын түзүү мүмкүнчүлүктөрүн баалап, ошондой эле ЖМКлардын ортосундагы тажрыйба алмашуу процесстерин түшүнүү максатын көздөйт.**

## ЖМКЛАР ОРТОСУНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК

Фокус-топтордогу талкуу редакциялардын ортосунда платформалардын басымы жөнүндө формалдуу талкуу болбогонун көрсөттү. Талкуунун жоктугу убакыттын жана ресурстардын жетишсиздиги, ошондой эле "чабалдыгын көрсөтүп алуудан" коркуу сезими менен түшүндүрүлөт. Бөгөттөө темасы боюнча редакциялардын ортосундагы байланыштар бөгөттөн чыгуу үчүн чечимдерди издөө куралы катары техникалык адистердин деңгээлинде жүрөт. ЖМКлардын редакторлорунун формалдуу эмес жолугушуулары көбүнчө монетизациялоо, статистиканы көбөйтүү жана башка коммерциялык маселелерге арналат. Ошентип, бөгөттөөлөр жалпынын эмес, жеке көйгөй катары кабылданып келет. Бул өз кезегинде редакциялардын бөгөттөөлөргө жана санкцияларга жамааттык каршы туруу мүмкүнчүлүгүн азайтат жана платформалардын кысымын кадыресе көрүнүшкө айландырып жатат.

> *"Эч ким эч жерде муну талкуулабайт. Тескерисинче, бул жашыруун сыр башкаларга белгилүү болуп калат деп коркушат...".*
>
> *"Жолугушууларда биз паровоздун артында калып кетпеш үчүн кандай жаңы форматтарды киргизсе болорун талкуулайбыз".*
>
> *"Биз чоң көйгөйлөрдү талкуулабайбыз. Бирок аудиторияны кеңейтүүгө, форматтарга тиешелүү теманы өткөн жылдын этегинен тарта талкуулай баштадык. Биз үч айдан бери кызматташып, аудиторияны кантип жакшыраак тартса болорун, кандай форматтарды сынап көрүүгө болорун талкуулап жатабыз".*

"Санкциялар маселесин же платформалардын көйгөйлөрүн кантип чечсе болору тууралуу башка редакциялар менен тажрыйба алмашып турасыңарбы?" деген суроого жооп берип жатып, респонденттердин басымдуу бөлүгү (62,5%) тажрыйба алмашуу сейрек көрүнүш экенин, 31,3% кээде болуп турарын, ал эми 6,3% гана бул маселелер боюнча башка редакциялар менен эч качан байланыш түзбөгөнүн белгилешти.

Тажрыйба алмашуу болгон күндө да ал конкреттүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталат. Мисалы: аккаунттарды бөгөттөө жана бузуу, санкциялардын себептери, статистиканын түшүшү, көмүскөдө калтырган бандар, алгоритмдердеги өзгөрүүлөр, ошондой эле платформалар менен өз ара байланыш түзүүнүн техникалык өңүттөрү, анын ичинде колдоо кызматынан жооп алуу. Ошол эле учурда туруктуу негизде тажрыйба алмашуунун жоктугу убакыттын жана ресурстардын тартыштыгы же "туура атаандаштык" менен түшүндүрүлөт.

## ЖАМААТТЫК МЕХАНИЗМ ТАЖРЫЙБА АЛМАШУУ АЯНТЧАСЫ КАТАРЫ

Фокус-топтогу талкуу катышуучулардын пикири экиге бөлүнгөнүн көрсөттү. Катышуучулардын бир бөлүгү платформалар менен өз ара байланыш түзүүнүн ыктымалдуу жамааттык механизмин колдосо, башка бир бөлүгү мындай демилге чындап натыйжалуу болорунан күмөн санашты. Алардын баамында, жергиликтүү альянстар глобалдык платформалардын чечимдерине олуттуу таасирин тийгизе албайт. Мындан тышкары, мындай механизмге ЖМКлар гана эмес, платформаларга басым жасай ала турган эл аралык уюмдар да кирсе, кыйла натыйжалуу болмок деген идея айтылды.

*“Мисалы, бир медианын бул тууралуу жазганы менен каттоодон өткөн бардык ЖМКлардын чогуу жазганынын ортосунда айырма чоң да. Мындай учурда маселе көз жаздымында калбайт”.*

*“[Meta] ушунчалык эби жок механизм. Бул социалдык тармактардан башка кимге болсо да жетүүгө болот. [...] Мына, биз альянс түзөлү деп чечтик. Анан эмне болот? Meta'га баары бир – башы да оорубайт”.*

*“Менимче, тажрыйба алмашуу үчүн гана байкап көрсө болот. Кимдир бирөө кандайдыр бир көрүнүшкө туш болду, көйгөйү менен бөлүштү дейли, бирок платформа менен диалог түзүү үчүн жамааттык механизм маанилүү эмес. Бул жакта мамлекет турат, ал эми бул жакта каяктагы бир колдонуучулар бар. Менимче, биз жерде колубуздан эч нерсе келбейт”.*

*“Бул Борбордук Азиянын деңгээлинде, башкача айтканда, деңгээлде эмес, сапатта болсо жакшы идея болуп бермек. Себеби, Кыргызстан жөнүндө көптөр уккан эмес [...], ал эми Кыргызстан Борбордук Азияда десең, көңүл бурушу ыктымал [...]. Анын үстүнө, азыр Өзбекстандын жана Казакстандын ушул көйгөйлөрдү чечүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрү бар”.*

Катышуучулар ошондой эле мындай механизм психологиялык колдоо таап, алгоритмдердин иши жөнүндө тажрыйба жана билим алмашууга мүмкүндүк берген аянтчанын ролун ойносо, бул механизмдин идеясын позитивдүү кабыл алышты.

*“Бул коалиция алгоритмдерге, платформаларга байланыштуу кандайдыр бир окуялар болгон учурда бири-бирине психологиялык колдоо көрсөткөн кызмат сыяктуу болмок”.*


*“Буга муктаждык бар деп эсептейм, себеби кандай болгон күндө да бул эч нерсеге милдеттендирбейт, бирок маалымат алмашуу үчүн шарт түзүп бермек”.*

*Башка медиа менен өз ара байланыш* бөлүмүндө сөз болгон редакциялардын ортосундагы учурдагы байланыштын чектелген деңгээлине карабастан, сурамжылоонун жыйынтыктары платформалар менен диалогдун жамааттык механизмдерине суроо-талап бар болгонун көрсөтүүдө. Респонденттердин жарымы (50%) мындай форматтарга катышуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгууга даяр, дагы 43,8% тикелей кызыгуусун билдиришти жана 6,2% гана каршы болду.

*“Support кызматы билбеген, начар жасалып жаткан айрым нерселерди жеткириш керек. Цукербергге жакын жүргөн жакшы эмеспи”.*

*“Менин оюмча, мындай талкуулар пайдалуу, себеби башка редакциялардын тажрыйбасын жана ыкмаларын билүүгө мүмкүндүк берет”.*

*“Платформалар натыйжалуу диалог баштайт деген ыктымалдуулук өтө аз. Бирок альянстар тажрыйба алмашуу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн”.*




15-сүрөт. **Редакциялардын платформалар менен диалогдун жамааттык механизмине катышууга даярдыгы** (n = 16)

Катышуучулар мындай механизмдерге өз кызыкчылыктарын сүрөп, платформаларды колдоо кызматтары менен байланышуу механизми катары карашат, бул болсо платформаларга кыйла айкын чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Респонденттер ошондой эле регионалдык ЖМКлардын кызыкчылыктарын коргоп, жергиликтүү көйгөйлөрдү кыйла жогорку деңгээлге жеткирүү үчүн жамааттык механизмдин маанилүүлүгүн баса белгилешти.

> *"Жамааттык диалог (альянс же коалиция) медианын үнүн бириктирүүгө мүмкүндүк берет, платформаларга таасирин күчөтөт, ачык-айкын жана адилеттүү чечимдерге жетишүүгө жардам берет".*
>
> *"Биргелешип даттануу менен жооп алса болот".*
>
> *"Балким, мындай диалогдо өз ара пайдалуу шарттар тууралуу макулдаша алмакпыз".*

## 6-БЛОККО ТАЛДОО

**Фокус-топтун жана сурамжылоонун жыйынтыктары платформалык басым маселелери боюнча ЖМКлардын ортосунда өз ара байланыш түзүүнүн формалдуу механизмдери болбогонун көрсөттү. Буга убакыттын жана ресурстардын тартыштыгы, атаандаштык чөйрөсү, ошондой эле бул тармакта иштеген кесиптештерине өзүнүн аяр абалын көрсөтүүдөн коркуу себеп болуп саналат. Мунун баары бөгөттөөлөр жана санкциялар жалпынын көйгөйү эмес, жеке маселе деген ойду бекемдейт. Мындай механизмдин натыйжалуулугунан күмөн саноо бар болгонуна карабастан, көйгөйлөрдү жамааттык талкуулоого жана өз ара колдоого суроо-талап айкын болуп турат. Бирок, алардын натыйжалуулугу редакциялардын бөгөттөө көйгөйлөрүн айрым редакцияларга гана эмес, бардык ЖМКларга тиешелүү болгон системалуу көйгөй катары кароо жөндөмдүүлүгүнө, ошондой эле медиа өкүлдөрүнүн бөгөттөө көйгөйлөрүн аудитория үчүн атаандаштык кармаштын маанисинен кароону токтотууга даярдыгына жараша болот..**

# 07 - БЛОК


# РЕДАКЦИЯНЫН СУБЪЕКТИВДҮҮЛҮГҮ

**Бул блок ЖМКлар өздөрү иштеген санариптик чөйрөгө ээ болгон көзөмөлдүн деңгээлин изилдейт, ошондой эле платформаларды жөнгө салуу маселесине ЖМКлар кандай мамиле кыларын түшүнүү максатын көздөйт.**

## ЖМКЛАРДЫН ЖАНА ПЛАТФОРМАЛАРДЫН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮҮСҮ

Фокус-топтогу талкуу редакциялардын санариптик платформалардын чечимдерине таасир этүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экенин көрсөттү. Катышуучулар адилетсиз чечимдерди кайра карап чыгуунун айрым мисалдарын келтиришти (мисалы, бөгөттөн чыгаруу), бирок бул мисалдар системалуу практика катары каралган жок.

Бул сезимди сурамжылоонун жыйынтыктары да тастыктап турат: респонденттердин жарымы (50%) алардын редакциясы платформалардын эрежелерине дээрлик таасир эте албасын, дагы 31,2% таасир этүүнүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгонун, ал эми 18,8% таасирдин таптакыр жок экенин белгилешти.




16-сүрөт. **Редакциялардын платформалардын эрежелерине жана чечимдерине таасир этүү мүмкүнчүлүктөрү** (n = 16).

Сурамжылоодогу ачык суроолорго берилген жооптор көрсөткөндөй, бул таасир эте албоо сыяктуу алсыздыкты кабылдоо бир нече факторлор менен шартталган:

- Регионалдык ЖМКлардын чектелген ресурстары жана айрыкча чакан өлкөлөрдө платформалар менен редакциялардын ортосундагы бийликтин асимметриясы;
- Глобалдык платформалардын Кыргызстандын жергиликтүү контекстин (тилин, саясатын ж.б.) түшүнбөгөнү;
- Платформалардын контентти модерациялоо тууралуу чечимдердин ачык-айкын эместиги;
- Платформалардын модераторлору менен түз байланыш каналдарынын жоктугу.

*"Натыйжада, ЖМКнын платформалар менен өз ара байланыш түзүүсү – бул реалдуу таасирге караганда көбүрөөк реакция жана ыңгайлашуу".*

## ПЛАТФОРМАЛАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУ КАБЫЛДОО

Фокус-топтун катышуучулары бир добуштан платформаларды жөнгө салууга, айрыкча жөнгө салуучу болуп мамлекеттин чыгышына каршы болушту. Мамлекеттик жөнгө салуу ЖМКлар үчүн түз тобокелдик катары кабыл алынат, себеби ал кысымды жана көзөмөлдү күчөтүү менен байланышкан. Атап айтканда, катышуучулар мамлекеттик жөнгө салуу болгон учурда платформалардын өлкөдө

өкүлчүлүгү болушу керектигин белгилешти. ЖМКнын өкүлдөрүнүн баамында, бул бийликке алардын ишине көбүрөөк кийлигишүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда катышуучулар жергиликтүү мыйзамдарды кабыл алуу натыйжасыз аспап болгонун белгилешти, себеби мындай мыйзамдар трансулуттук компаниялар үчүн эч кандай салмакка жана мааниге ээ болбойт.

*"Эч кимге ишенбейм, негизи эле жөнгө салуунун ар кандай түрүнө каршымын".*

*"Кимдир бирөөнүн жөнгө салуусу, балким, кандай болгон күндө да мындай эркин медиа, анын ичинде мамлекет үчүн да абдан зыяндуу".*

*"Биз, ал тургай кандайдыр бир мыйзамдарды түзүп, иштеп чыга албайбыз, алар баары бир таасир эте алышпайт".*

*"Мындай учурда мамлекет бул жерде алардын өкүлчүлүгүн ачууга милдеттендирет. Мунун өзү эле тобокелдик. Бул жерде болуу – бул кошумча милдеттенме, ага кошумча дагы бир кысым көрсөтүү аспабы дегенди билдирет".*

Мындай кабылдоонун себептери учурдагы саясий контекстке байланыштуу болушу мүмкүн. Катышуучулардын айтымында, сот системасы чабал болгон жана укук өзүм билемдик менен колдонулган шарттарда жөнгө салуу "бизге каршы" багытталган катары каралууда. Журналисттердин ишине "абадан жана жерден" "дээрлик ар бир секунда сайын" мониторинг жүргүзүлүп жаткан азыркы кырдаалда мамлекет тарабынан жөнгө салуунун ар кандай формасы коркунуч катары кабыл алынып келет. Бул ошондой эле "өз максаттарын" көздөгөн коммерциялык түзүмдөр катары платформаларга ишенимдин жоктугуна да байланыштуу болууда.

*"Биз ансыз деле жөнгө салынып бүттүк. Биз адилетсиз соту болгон, мыйзамдары өзүм билемдик менен чечмеленген жана укук колдонуунун адилетсиз практикасы көп авторитардык өлкөдө жашап жатабыз. Башкача айтканда, бул бизге гана каршы кандайча колдонуларын так билебиз".*

*"Башкача айтканда, биз азыр аккаунттарыбызга адамдарды киргизе алабыз, азыр алар бизге жардам бериши мүмкүн, бирок бир аз убакыт өткөндөн кийин алар бул маалыматты бизге каршы колдонушат. Башкача айтканда, аларга чындап ишеним жок".*

*"Биз бул санариптик платформалар баары бир ишкерлерге таандык экенин жана алар өз максаттарын көздөгөнүн түшүнүп турабыз. Ошондуктан, биз аларга 100% ишенебиз деген түшүнүктүн өзү жок".*

Натыйжада, ЖМКлар платформалардын алдында өзүнүн аяр абалын баамдап турганына карабастан, өз кызыкчылыктарын коргоону ишенип тапшыра турган коопсуз жөнгө салуучуну көрө албай жаткан кырдаал түзүлүүдө. Бул редакциялардын ыңгайлашууга багыт алышын күчөтөт жана бийликтин асимметриясын күчөтүшү мүмкүн.

## КӨЗӨМӨЛДӨӨ СЕЗИМИН ЭМНЕЛЕР КАЙТАРА АЛАТ?

Ушундай шарттарда фокус-топтун катышуучулары жана сурамжылоонун респонденттери редакциялардын субъективдүүлүгүн калыбына келтирүү жөнгө салууга эмес, платформалардын өздөрүнүн практикасын өзгөртүүгө байланышкан деген пикирге келишти. Ал өзгөртүүлөр мындай болушу мүмкүн: алгоритмдерди алдын ала болжолдоого боло тургандай жаңыртуу, бөгөттөөлөр жана санкциялар жөнүндө чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын механизмдери, колдоо кызматтары менен "түз өз ара байланыш түзүү" мүмкүнчүлүгү, ошондой эле фейктердин жана тролдордун чабуулдарына каршы туруу боюнча платформанын ишин күчөтүү жана санкцияларга даттануунун жумушчу механизмдери.

Мындай элементтердин таңкыстыгы жана платформалардын иш-аракеттеринин ачык эместиги алсыздык, стресс абалын жана платформалардын чечимдеринен көз карандылык сезимин жаратат.

Айрым катышуучулар ошондой эле аккаунттардын "градациясын" түзүү зарылдыгын айтышты, бул көйгөйлөрдү чечүүнүн кыйла проактивдүү механизмдери иштеген медиа аккаунттардын атайын категориясын түзүүгө мүмкүндүк берет.

> *"Платформа менен түз өз ара байланыш түзүү мүмкүнчүлүгү, албетте, болбойт. Башкача айтканда, адам менен WhatsApp'тагыдай сыяктуу сүйлөшүү жок".*

> *"Алдын ала божомолдоого мүмкүнчүлүк берип, фейк даттанууларга, маңызы жок даттанууларга, тролдордун фабрикаларына каршы туруу жаатында, улам кайталанган аккаунттарды бөгөттөшү үчүн платформанын ишин күчтөтүү зарыл".*

> *"Пайдалануунун ачык-айкын шарттары, башкача айтканда, алгоритмдердин түшүнүктүү жана алдын ала болжолдоого мүмкүнчүлүк берген жаңыртуулары. [...] ачык-айкын санкциялар, санкциялардын механизмдери".*


> *"Тозоктон өткөндөй болбостон, даттануунун жакшы мүмкүнчүлүгү болсо, жакшы болоор эле".*

> *"Балким, эгерде алар кандайдыр бир өзгөчө учурду, аккаунттарды градациялоону жасашса, башкача айтканда, сенде [...] медиа аккаунт болгондо, ага башка эрежелер жана башка мүмкүнчүлүктөр колдонулса жакшы болор эле".*

Сурамжылоонун жыйынтыктары бул көрүнүштү толуктап, көзөмөлдөө сезими төмөнкүдөй факторлор менен да тикелей байланышта болгонун көрсөттү[117]:

- адилеттүү монетизациялоо жана журналистиканы каржылоо (68,8%)
- редакцияларды санариптик сабаттуулукка жана алгоритмдердин стратегияларына окутуу (56,3%);
- платформалар адилетсиз мамиле жасаган учурларынын жалпы дайындар базасын түзүү (56,3%);
- коалицияларды жана тажрыйба алмашуу тармактарын өнүктүрүү (43,8%);
- эл аралык ортомчуларды тартуу (ЕККУ, ЮНЕСКО, RSF ж.б.) (37,5%).

117 Бул суроого жооп берип жатып, сурамжылоого катышкандар жооптордун бир нече вариантын тандай алышкан.




17-сүрөт. **Редакцияларда көзөмөл сезимин калыбына келтирүүгө жөндөмдүү факторлор** (n = 16, жооптордун бир нече вариантына жол берилет).

Ошондой эле төмөнкүлөрдүн маанилүүлүгү белгиленди:

- коом үчүн маанилүү контент башкаларга көрүнөт деген кепилдик (37,5%);
- платформалардын өз эрежелерин сакташы жана даттануунун натыйжалуу механизмдеринин болушу (31,3%);
- онлайн опузалоодон жана координацияланган чабуулдардан коргоо (31,3%);
- отчетторду жарыялоо жана дайындарды ЖМКнын эркиндигинин эл аралык индекстерине интеграциялоо – 31,3%
- жеке сайттарды, таратмаларды, күзгүлөрдү, борбордон ажыратылган платформаларды колдонуу – 12,5%
- альтернативалык форматтар аркылуу контентти илгерилетүү – 12,5%.

## ЖӨНГӨ САЛУУНУН ЭЛ АРАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРИН КАБЫЛДОО

Платформаларды жөнгө салуунун эл аралык ыкмаларын (атап айтканда, Европа Биримдигинде киргизилген моделдерди) колдонуу мүмкүнчүлүгүн баалоо этият оптимизмди көрсөттү.

Респонденттердин жарымынан көбү (56,3%) мындай ыкмаларды Кыргызстанда ыңгайлаштырууга болот деп эсептешет. Ошол эле учурда 31,3% ачык-айкындуулугуна жана адилеттүүлүгүнө карабастан, мындай моделдерди жергиликтүү контекстте иш жүзүндө жасоо кыйын болгонун белгилешет.

Репонденттердин 6,3% мындай ыкмаларды негизинен эле колдонууга болбойт деп эсептешет же жооп бере алышкан жок, ал эми 12,5% глобалдык платформаларга карата улуттук органдардын чектелген ыйгарым укуктарына басым жасап, жергиликтүү жөнгө салуу демилгелерине ишенбестигин билдиришти.

Ошентип, жөнгө салуунун эл аралык моделдери ыктымалдуу түрдө кыйла натыйжалуу жана адилеттүү катары кабылдап, бирок аларды ыңгайлаштыруу саясий контекстти, анын ичинде мамлекеттик түзүмдөргө болгон ишеним деңгээлин эске алууну талап кылат.

## 7-БЛОККО ТАЛДОО

**Фокус-топтун жана сурамжылоонун жыйынтыктары редакциялардын санариптик платформалар менен өз ара байланыш түзүүдө субъективдүүлүктү сезүүсү кыйла төмөн экенин көрсөттү. Катышуучуларда платформалардын чечимдерине таасир этүү мүмкүнчүлүгүн жок, ошондуктан платформалар менен өз ара мамилелерди ассиметриялуу катары карашат. Мындай шарттарда платформалардын эрежелерин өзгөртүүгө аракет кылбастан, аларга ыңгайлашуу негизги стратегия болуп калат. Фокус-топ жана сурамжылоо ошондой эле платформаларды жөнгө салуунун ар кандай формаларына, айрыкча мамлекет жөнгө салуучу катары чыкканына терең ишенбестигин көрсөттү. Жөнгө салууну коркунуч катары кабыл алуу Кыргызстандагы саясий кырдаалга тикелей байланыштуу. Катышуучулардын жооптору редакцияларга көзөмөл сезимин тышкы жөнгө салуу эмес, платформалардын иштөө эрежелеринин өзгөрүүсү, мисалы, алдын ала болжолдоого мүмкүнчүлүк берген алгоритмдердин ачыктыгы жана чечимдерге даттануунун жумушчу механизмдери кайтарып бере аларын көрсөттү.**

# Талкуу

**Изилдөөнүн жыйынтыктары редакциялардын санариптик көз карандылыгын алгоритмдери башкаруунун, институционалдык белгисиздиктин жана медианын чектелген субъективдүүлүгүнүн кесилишинде түзүлгөн структуралык аярлуулук режими катары кароого мүмкүндүк берет. Бардык блоктордун маалыматтарынын жыйындысы көрсөткөндөй, редакциялардын санариптик платформалар менен өз ара байланыш түзүү эрежелердин формалдуу системасы катары эмес, санкциялардын жеке жана ыраатсыз тажрыйбасына, талаш-тартышты чечүүнүн формалдуу эмес механизмдерине, анын ичинде “сарафан радиосунун” негизинде жана алгоритмдердин чечимдерин болжолдоого дайыма ыңгайлашып туруучу практика катары өнүгүп жатканын көрсөтүүдө.**

**Биринчиден**, уюштуруу түзүмүнүн деңгээлинде редакциялар акырындап платформалар менен өз ара байланыш түзүү функциясын институционалдаштырууда, бирок ал гибриддүү жана жетишсиз тариздelген бойдон кала берүүдө. Ал бир эле учурда техникалык, редакциялык жана стратегиялык өнүттөрдү камтыйт, бул контентти жайылтуунун жана аны өндүрүүнүн ортосундагы салттуу бөлүштүрүү бузулганын көрсөтүүдө. Ошол эле маалда платформалар менен өз ара байланыш түзүү эрежелеринин өзү туруктуу жөнгө салуучу алкактардын негизинде эмес, платформалык чөйрө менен өз ара байланыштын өзгөрүлмө жана кырдаалдык тажрыйбасына реакция катары түзүлөт.

**Экинчиден**, санкциялардын жана даттануунун жол-жоболорунун тажрыйбасы бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө жеткиликтүүлүктүн туруктуу асимметриясын көрсөтүүдө. Даттануунун жол-жоболору узакка созулган, ачык-айкын эмес жана божомолдоого мүмкүндүк бербеген катары кабыл алынат, ал эми алардын натыйжалуулугу адатта формалдуу эмес факторлордон (жеке байланыштардан же тышкы акторлордун ортомчулугунан) көз каранды. Бул формалдуу жол-жоболор өз ара байланыш түзүүнүн расмий эмес каналдары менен толукталган же алмаштырылган санариптик чөйрөдө медианы коргоо механизмдеринин жарым-жартылай деинституционалдашуусун көрсөтөт.

**Үчүнчүдөн**, алгоритмдерге ыңгайлашуунун аныкталган тажрыйбалары платформалардын таасири тикелей санкциялардын чегинен чыкканын көрсөтүүдө. Редакциялар контентке алдын ала түзөтүүлөрдү киргизип, ыктымалдуу кооптуу темалардан качышат жана алгоритмдердин болжолдуу талаптарына ыңгайлашып, “алдын ала болжолдуу жүрүм-турум” моделин түзүшөт. Бул платформалардын тийгизген таасири түз модерациялоо аркылуу гана эмес, ошону менен бирге редакциялык саясаттын өз алдынча факторуна айланып, коомдук талкуунун калыптанышына гана таасирин тийгизбестен, өзүн-өзү цензуралоо тенденцияларын күчөтүүчү санкцияларды күтүү аркылуу да көрүнөт дегенди билдирет.

**Төртүнчүдөн**, платформадан көз карандылыкты кабылдоо тобокелдиктер жөнүндө жогорку маалымдуулуктун жана көзөмөл сезиминин чектелүү болушунун айкалышы менен мүнөздөлөт. Платформалык жана улуттук саясий тобокелдиктердин айкалышы редакциялар иштеп жаткан жалпы белгисиздикти жана стрессти күчөтөт. Ошол эле маалда тобокелдиктерди эмоционалдык жана рационалдык көз караштан баалоонун ортосундагы айырмачылык коркунучтарды кабылдоонун бирдей эместигин көрсөтүүдө: коркунучтар системалуу катары баамдалат, бирок алардын өз редакциясына карата конкреттүү ыктымалдуулугу адатта бааланбай калып кетет, муну когнитивдик өзүн-өзү коргоонун бир түрү катары чечмелесе болот.

**Бешинчиден**, редакциялардын реакция жасоо стратегиялары адаптивдүү мүнөзгө ээ, бул стратегиялык пландоонун жетишсиздигин эмес, медиа иштеп жаткан жогорку белгисиздик жана чектелген ресурстардын шарттарын чагылдырат. Мындай шарттарда көп платформалуулук тобокелдиктерди бөлүштүрүү жана туруктуулукту жогорулатуу стратегиясы катары чыгат, ал ошондой эле форматтардын айырмачылыктарына жана ар кандай платформаларда коммуникацияны колдоо зарылдыгына байланыштуу олуттуу уюштуруучулук жана убакыт ресурстарын талап кылат.

**Алтынчыдан**, редакциялардын ортосундагы координациялоонун горизонталдуу механизмдеринин жоктугу платформалык басымдын тажрыйбасын жекелештирүүнү бекемдейт. Бөгөттөөлөр жана санкциялар системалуу көрүнүш катары эмес, айрым редакциялардын жеке көйгөйлөрү катары кабылданып келет. Реакция жасоонун жамааттык формаларына суроо-талап бар болгонуна карабастан, аларды көп натыйжа бербеген деп кабыл алуу медиа чөйрөнүн фрагментациясы жана координациялоонун институционалдаштырылган механизмдеринин жоктугу менен байланышкан.

Акырында, изилдөөнүн жыйынтыктары платформалар менен болгон мамилелерде редакциялардын субъективдүүлүгүнүн төмөн деңгээлин көрсөттү. Редакциялар санариптик платформалар менен өз ара байланыш түзүүнү асимметриялуу жана таасири аз иш катары кабыл алышат, бул эрежелерди өзгөртүү стратегиясынын ордуна ыңгайлашуу стратегиясын бекемдеп жатат. Жөнгө салууга суроо-талап биринчи кезекте ачык-айкындуулукту, алдын ала божомолдой алуу мүмкүнчүлүгүн жана даттануунун натыйжалуу механизмдерин жогорулатуу жагынан платформаларга кайрылууда көрүнөт, мында жөнгө салуунун мамлекеттик формаларына ишеним төмөн деңгээлде турат.

Жалпысынан, изилдөө редакциялардын санариптик көз карандылыгы санариптик платформалардын бийлигинин алгоритмдердин анык эместигине жана институционалдык асимметриясына негизделген түзүмдүк аярлуулуктун туруктуу режими катары калыптанып жатканын көрсөтүүдө, мындай шарттарда медианын субъективдүүлүгү чектелүү жана негизинен адаптивдүү бойдон кала берет.

# Сунуштамалар

## КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ СУНУШТАМАЛАР

- Пикир билдирүү жана маалымат эркиндигин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын сөз эркиндиги жана ЖМКнын эркиндиги жөнүндө мыйзамдарын адам укуктары жаатында Кыргыз Республикасы өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерине шайкеш келтирүү максатында комплекстүү түрдө кайра карап чыгууну демилгелөө.
- “Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын анын пикир билдирүү эркиндигине, ЖМКнын ишине жана жөнгө салуунун укуктук аныктыгына тийгизген таасирин эске алуу менен, анын ичинде аны жокко чыгаруу же укуктарды коргоонун соттук кепилдиктерин киргизүү менен олуттуу түрдө жеткире иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн эске алып, кайра карап чыгуу жөнүндө маселени караштыруу.
- Чечимдерди кабыл алуунун милдеттүү соттук тартибин, ошондой эле чектөөлөрдүн мыйзамдуулугунун, зарылдыгынын жана өлчөмдөштүгүнүн критерийлерин белгилөө менен интернет-ресурстарына жана санариптик платформаларга жетүүнү чектөөнүн тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Санариптик кодексинин 13-14-беренелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү.
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинин жана 278 (3)-беренесинин укук колдонуу практикасына алардын журналисттердин, блогерлердин жана социалдык тармактарды пайдалануучулардын пикир билдирүү эркиндигине жана коомдук сынга болгон конституциялык укукту ишке ашырууга тийгизген таасирине, анын ичинде санариптик чөйрөдө айтылган билдирүүлөрдү кылмыш-жаза-укуктук квалификациялоо учурларына жана аталган ченемдерди кеңири чечмелөөнүн натыйжасында сөз эркиндигин чектөө тобокелдиктерине парламенттик баалоо жүргүзүү.
- Мыйзамдардын пикир билдирүү эркиндигине жана медиа-плюрализмге тийгизген таасирин баалоо үчүн ЖМКнын, жарандык коомдун, илимий коомчулуктун өкүлдөрүнүн жана санариптик технологиялар чөйрөсүндөгү эксперттердин катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине караштуу туруктуу иштеген консультациялык механизмди түзүү.
- Өтө ири онлайн-платформалардын ишин ыктымалдуу жөнгө салуунун көз карашынан алып караганда, Жогорку Кеңеш санариптик чөйрөдө укуктарды коргоонун институционалдык кепилдиктерин камсыз кылуу зарылдыгына таянышы керек. Бул жөнгө салууга катышкан ар кандай ыйгарым укуктуу органдардын көз карандысыздыгын, алардын ишмердигине тышкы коомдук жана парламенттик көзөмөлдүн натыйжалуу механизмдеринин болушун, чечимдерди кабыл алуу жол-жоболорунун ачыктыгын, ошондой эле санариптик чөйрөдө укуктарды өзүм билемдик же өлчөмдөш эмес чектөөлөрдү киргизүүнүн алдын алуу максатында мындай чечимдерди сотто кайра кароонун кепилденген мүмкүнчүлүгүн камтыйт.

- Санариптик платформаларга жана онлайн-сервистерге жетүүнү чектөө жөнүндө чечимдерди кабыл алууда социалдык-экономикалык кесепеттерди милдеттүү түрдө баалоону, анын ичинде колдонуучулардын укуктарына, иш менен камсыз кылууга, ишкердикке, креативдүү экономикага жана маалыматка жетүүгө тийгизген таасирин баалоону мыйзамдар менен бекитүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.
- Жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине таасир эткен ченемдик укуктук актылардын долбоорлору боюнча милдеттүү парламенттик угууларды өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, анын ичинде коммерциялык эмес уюмдар жана жалпыга маалымдоо каражаттары чөйрөсүндөгү мыйзамдарды талаптагыдай колдонууну камсыз кылуу, ошондой эле мыйзам чыгаруу процессинде ачык-айкындуулукту жана коомчулуктун катышуусун күчөтүү максатында аны жаңы санариптик технологияларды жана онлайн-чөйрөнү жөнгө салуу үчүн практикалык кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу.
- Мыйзамдарда чакан, регионалдык жана көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттарынын маалыматтык жана санариптик саясат чөйрөсүндөгү мамлекеттик колдоо чараларына, анын ичинде ресурстарды бөлүштүрүүнүн ачык-айкын жол-жоболоруна так жана тең салмактуу критерийлердин негизинде басмырлоосуз жетүүгө кепилдиктерди караштыруу.

## КР МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ СУНУШТАМАЛАР

- Маалыматтык жана санариптик чөйрөлөрдө мамлекеттик саясатты түзүүдө жана ишке ашырууда, анын ичинде мыйзам алдындагы жана административдик жөнгө салууда пикир билдирүү эркиндигинин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинин жана маалыматка жетүү укугунун конституциялык кепилдиктеринин ишке ашырылышын камсыз кылуу.
- Санариптик чөйрөдө маалыматка жетүүнү чектөө үчүн соттун тышында механизмдерди колдонуу практикасын карап чыгуу, чектөөчү чараларды санкциялоонун негизги формасы катары соттук көзөмөлдүн артыкчылыгын же мындай чечимдерге көз карандысыз жана натыйжалуу соттук даттануунун милдеттүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.
- Коомдук сын-пикирди, журналисттик ишмердикти жана коомдук талкууга катышууну кошо алганда, пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту жүйөсүз чектөөгө алып келиши ыктымал кылмыш-жаза жана административдик чаралар колдонулбашын камсыз кылуу керек, ошондой эле тиешелүү ченемдердин укук колдонуу практикасына талдоо жүргүзүп, алар өзүм билемдик менен колдонулушу ыктымал деген тобокелдиктер болуп-болбогонун аныктоо.
- Адам укуктарын коргоо саясатынын улантуучулугун сактап, Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу максатында 2025-2027-жылдарга Адам укуктары боюнча иш-аракеттер планындагы пикир билдирүү эркиндигине жана чогулуу эркиндигине арналган бөлүмдү анын колдонуудагы редакциядан чыгарылышын эске алуу менен калыбына келтирүүнү камсыз кылуу зарыл. Ушундан кийин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №655-т тескемеси менен бекитилген 2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планынын 99-пунктун аткарууну камсыз кылуу сунушталат, анда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо, анын ичинде 330-берененин кылмыштын курамын тактоо жана аны БУУнун Универсалдуу мезгилдүү баяндамасынын сунуштамаларына шайкеш келтирүү бөлүгүндө түзөтүү киргизүү.

- Маалымат жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү мыйзам алдындагы актыларга жана ведомстволук жол-жоболорго алардын адам укуктарынын жана эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине шайкеш келишине ревизия жүргүзүү.
- Пикир билдирүү эркиндигине, маалыматка жеткиликтүүлүккө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишине тиешелүү мыйзамдарды укук колдонуу практикасына комплекстүү баа берүүнү, анын ичинде анын медиа плюрализмге, ченемдердин укуктук аныктыгына жана жарандардын санариптик укуктарынын туруктуулугуна тийгизген таасирин талдоону камсыз кылуу.
- Мамлекеттик кызматчыларды жана депутаттык корпусту санариптик платформалардын иштеши, сунуштамалардын алгоритмдер системалары, контентти модерациялоо жана колдонуучулардын санариптик укуктары маселелери боюнча окутуунун улуттук программасын иштеп чыгуу.
- Санариптик платформалар жана маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү ченемдик жана административдик чечимдердин долбоорлорунун жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине, анын ичинде пикир билдирүү эркиндигине жана маалыматка жетүүгө тийгизген таасирине баштапкы баалоо жүргүзүүнү камсыз кылуу.
- Туруктуу иштөөчү коммуникациялык аянтчаларды түзүүнү жана иштетүүнү, ошондой эле санариптик чөйрөнү жөнгө салуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, санариптик платформалардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана жарандык коомдун институттарынын ортосундагы тармактардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ачык-айкын механизмдерин киргизүүнү камсыз кылуу.
- Жалпыга маалымдоо каражаттарынын мамлекеттик жарнама ресурстарына жана мамлекеттик компаниялардын жарнамалык бюджеттерине бирдей, ачык-айкын жана басмырлоосуз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, анын ичинде бөлүштүрүүнүн так критерийлерин жана отчеттуулук жол-жоболорун белгилөө.
- Көз карандысыз, регионалдык жана чакан жалпыга маалымдоо каражаттарынын туруктуулугун колдоо, анын ичинде алардын институционалдык жана санариптик дараметин өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жана киргизүү.
- Калктын санариптик жана медиа сабаттуулугун жогорулатуунун улуттук программаларын иштеп чыгуу, анын ичинде жарандарды санариптик платформалардын иштөө принциптери, алгоритмдерди модерациялоо, жеке маалыматтарды коргоо механизмдери жана санариптик чөйрөдө колдонуучулардын укуктары жөнүндө маалымдоо.
- Балдар жана өспүрүмдөр үчүн кыргыз жана орус тилдеринде билим берүү жана агартуу мүнөздөгү контентин, анын ичинде тилдерди, илимди, технологияларды, санариптик сабаттуулукту жана программалоону үйрөнүү боюнча контентти түзүүнү колдоо механизмдерин иштеп чыгуу.
- Балдар жана өспүрүмдөр үчүн санариптик контентти көйгөйлүү жана ашыкча керектөөнүн алдын алуу аспаптарынын бири катары мектептин тышында жеткиликтүү билим берүү, чыгармачылык жана спорттук программаларды колдоо чараларын иштеп чыгуу.
- Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин, Агартуу министрлигинин, Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин, медиа коомчулуктун жана жарандык коом уюмдарынын катышуусу менен балдардын, өспүрүмдөрдүн жана ата-энелердин сынчыл ой жүгүртүүсүн, санариптик жана медиа сабаттуулугун өнүктүрүү боюнча ведомстволордун ортосунда программаларды иштеп чыгуу.

- Интернетте балдарды коргоо жаатында evidence-based (далилдерге) негизделген саясатты түзүү үчүн жашы жете элек колдонуучулардын санариптик тажрыйбаларын, анын ичинде контентти керектөөнүн өзгөчөлүктөрүн, санариптик жүрүм-турумду жана онлайн чөйрөдөгү тобокелдиктерди изилдөө.
- Санариптик платформаларды коопсуз жана аң-сезимдүү колдонууну колдоо программаларын, анын ичинде ата-энелик көзөмөлдү, контентке жаш куракты белгилөө жана колдонуучуларга алгоритмдердин сунуштамаларын тууралоо мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү аспаптарын иштеп чыгуу.
- Платформаларга жана сервистерге жеткиликтүүлүктү чектөө жөнүндө чечимдерди кабыл алууда чакан бизнес, креаторлор жана көз карандысыз медиа үчүн санариптик платформалардын социалдык-экономикалык маанисин эске алуу.

## ЖМКЛАРГА СУНУШТАМАЛАР

- Редакциянын ичинде социалдык тармактар (TikTok, Instagram, Facebook жана башкалар) менен иштөө эрежелерин, анын ичинде контент бөгөттөлгөн учурда көрүлүшү керек болгон иш-аракеттердин тартибин жана бөгөттөөдөн алыс болуунун эрежелерин даярдап, бекитүү.
- Платформаларда контентти жарыялоо, санкцияларды көзөмөлдөө, апелляцияларды берүү жана көйгөйлүү кейстер менен иштөө үчүн жооптуу кызматкерди дайындоо.
- Аккаунт бөгөттөлгөн учурда кризиске каршы планды киргизүү, анын ичинде алгачкы 24-72 сааттын ичинде жасалчу баштапкы кадамдар, апелляция берүүнүн тартиби, аудиторияны маалымдоо, трафикти башка платформаларга багыттоо жана кризистик кырдаалда ички функцияларды бөлүштүрүү.
- Кирешелерди диверсификациялоонун, анын ичинде глобалдык платформалардын алгоритмдерине толук көз каранды болбогон сайтты, мессенжер-каналдарын, жазылууларды өнүктүрүү менен социалдык тармактардан финансылык көз карандылыкты азайтуу.
- Ошол эле платформада алдын ала даярдалган резервдик каналдарга, ошондой эле өз сайттарына, таркатмаларга ж.б. ээ болуу.
- Платформалар менен иштөө боюнча тажрыйба алмашуу үчүн бейформал же жарым-жартылай формалдуу тармакты түзүү, ал өз ара жардамдашуу, эрежелердин өзгөрүүсү жөнүндө маалымат менен тез алмашуу, кейстерди талкуулоо жана моралдык колдоо функцияларын аткарат.
- Жеке тажрыйбаны топтолгон уюштуруучулук билимге айландыруу үчүн контент өчүрүлгөн, страйктар, көмүскөдө калтырчу чектөөлөр, фейк даттануулар жана ийгиликсиз/ийгиликтүү апелляциялар учурларын документтештирүү.
- Кызматкерлердин, айрыкча комментарийлер, даттануулар, троллинг жана бөгөттөөлөр менен тикелей иштегендердин психологиялык туруктуулугуна көбүрөөк көңүл буруу.

- Ата-энелер жана жашы жете элек колдонуучулар үчүн алгоритмдер тандаган сунуштарды башкаруунун практикалык жолдорун, аккаунттардын коопсуздук жөндөөлөрүн, түзмөктү колдонуу убактысын чектөөнү жана ата-эненин көзөмөлү аспаптарын колдонууну түшүндүргөн маалыматтык өнөктүктөрдү туруктуу негизде өткөрүү.
- Ар кандай аудиториялар, анын ичинде ата-энелер, өспүрүмдөр жана социалдык платформалардын жаш колдонуучулары үчүн санариптик жана медиа сабаттуулук боюнча билим берүү контентин иштеп чыгуу.
- Жаштар аудиториясына багыт алган медиа сабаттуулуктун ыңгайлаштырылган форматтарын даярдоо үчүн билим берүү мекемелери, изилдөөчүлөр жана жарандык коом уюмдары менен кызматташууну өнүктүрүү.

## ЖАРАНДЫК СЕКТОРГО СУНУШТАМАЛАР

- Пикир билдирүү эркиндиги, маалыматка жетүү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана укук колдонуу практикасына системалуу мониторинг жүргүзүү, анын ичинде журналисттердин, блогерлердин жана социалдык тармактарды пайдалануучулардын укуктары чектелди делген учурларды белгилөө.
- ЖМКларга жана жарандык активисттерге кысым көрсөтүлгөн учурларды документтештирүүнүн көз карандысыз механизмдерин өнүктүрүү, анын ичинде маалыматты жайылтууга жана пикир билдирүүгө байланыштуу соттук жана административдик иштер жөнүндө маалыматтарды чогултуу.
- Маалымат, санариптик чөйрө жана онлайн-контентти жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик актылардын долбоорлорун коомдук, эксперттик жана парламенттик талкуулоого катышуу, анын ичинде көз карандысыз укуктук жана аналитикалык корутундуларды даярдоо.
- Ар кандай социалдык топторго жана региондорго багыт алган коомдук коммуникациялар, агартуучулук демилгелер жана эксперттик аянтчалар аркылуу сөз эркиндигинин жана медиа плюрализмдин стандарттарын сүрөө.
- Санариптик жөнгө салуунун, пикир билдирүү эркиндигинин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинин негизги маселелери боюнча макулдашылган позицияларды даярдоо үчүн коммерциялык эмес уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, бизнестин жана технологиялык тармактардын өкүлдөрүнүн, ошондой эле академиялык коомчулуктун ортосунда коалициялык өз ара байланышты өнүктүрүү.
- Контентти ички модерациялоо, тилдик өзгөчөлүктөр жана платформалардын чечимдерине даттануу жол-жоболору боюнча платформалардын, мамлекеттик органдардын, медиа коомчулуктун жана колдонуучулардын ортосундагы диалогду өнүктүрүүгө көмөктөшүү.
- Журналисттерге, блогерлерге жана социалдык тармактардын колдонуучуларына пикир билдирүүгө жана кесиптик ишмердүүлүккө байланышкан административдик же кылмыш куугунтуктоо учурларында юридикалык жана эксперттик колдоо көрсөтүү.

- Санариптик платформалардын, маалымат таратуунун алгоритмдердин механизмдеринин жана жарнама рыногунун көз карандысыз медианын туруктуулугуна жана жарандардын маалыматка жетүүсүнө тийгизген таасирине көз карандысыз изилдөөлөрдү жүргүзүү.
- Балдардын, өспүрүмдөрдүн жана ата-энелердин санариптик жүрүм-турумун, анын ичинде тобокелдиктерди кабыл алуусун, контентти керектөө тажрыйбаларын жана платформалардын алгоритмдердин механизмдерин түшүнүү деңгээлин изилдөө.
- Жарандарды мыйзамсыз контентке даттануу жиберүүнүн механизмдери, платформалардын чечимдерине даттануу тартиби жана санариптик чөйрөдө жалган маалыматты жайылтуу тобокелдиктери жөнүндө маалымдоо боюнча демилгелерди иштеп чыгып, ишке ашыруу.
- Ата-энелер жана мугалимдер үчүн социалдык платформалардын иштөө механизмдерин, сунуштамалардын алгоритмдерин жана санариптик коопсуздук аспаптарын түшүнүүгө багытталган агартуу программаларын ишке ашыруу.
- Маалыматтык асимметрияны азайтууга жана санариптик саясат чөйрөсүндөгү процесстердин ачык-айкындуулугун жогорулатууга көмөктөшкөн коом үчүн маанилүү маалыматтын жана серептин альтернативалык булактарын түзүү.
- Калк үчүн санариптик жана медиа сабаттуулук программаларын өнүктүрүү, анын ичинде санариптик платформалардын иштөө механизмдерин, колдонуучулардын укуктарын жана маалыматтык коопсуздуктун негизги принциптерин түшүнүү.
- Тажрыйба алмашуу жана адвокациялык дараметти күчөтүү максатында пикир билдирүү эркиндиги, санариптик укуктар жана журналисттерди коргоо чөйрөсүндө иштеген жарандык коом уюмдарынын эл аралык тармактарына жана коалицияларына катышуу.
- Модерациялоо боюнча татаал талаш-тартыштарда медианы колдоого жөндөмдүү "эксперттер пулун" түзүү үчүн юридикалык командаларды жана консультанттарды тартуу.

## ЖМКЛАРГА КОЛДОО КӨРСӨТҮП КЕЛАТКАН ДОНОРЛОРГО ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА СУНУШТАМАЛАР

- Социалдык тармактар менен иштөөнүн ички эрежелерин иштеп чыгууда редакцияларга практикалык колдоо көрсөтүү, анын ичинде контентти жарыялоого, модерациялоого, санкцияларга мониторинг жүргүзүүгө жана контенттин бөгөттөлүшүнө байланыштуу апелляцияларды берүүгө катышкан кызматкерлердин ролдорун жана жоопкерчиликтерин так бөлүштүрүү.
- Кесиптен чарчоонун алдын алуу жана платформалардын басымына, троллингге жана бөгөттөө тобокелдигине байланыштуу стресстин деңгээлин төмөндөтүү боюнча редакциялар үчүн тренингдерди жана практикалык сессияларды уюштуруу.
- Социалдык платформалардагы аудиториянын масштабынан, жарнама кирешесинен жана монетизациялоодон көз карандылыкты азайтуу үчүн редакцияларды киреше булактарын диверсификациялоо боюнча окутууну колдоо.

- Редакторлор менен ар кандай ЖМКнын өкүлдөрүнүн ортосунда тажрыйба алмашуу үчүн аянтчаларды түзүүгө же иштеп жаткан мындай аянтчаларды[118] колдоого көмөктөшүү. Бул аянтчаларда катышуучулар платформалардын эрежелерине киргизилген өзгөртүүлөрдү талкуулап, бөгөттөөлөргө даттануу боюнча ийгиликтүү жана ийгиликсиз кейстерди бөлүшүп, жамааттык ыкмаларды иштеп чыгып, бири-бирине кесипкөй колдоо көрсөтө алышат.

- Аккаунттар бөгөттөлгөндө, контент өчүрүлгөндө же узак мөөнөткө аудиторияны тарта албай жаткан учурларда кризиске каршы негизги протоколдорду иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү.

- Платформалар бөгөттөгөн жана санкцияларды киргизген кейстерди системалуу чогултууга жана документтештирүүгө көмөктөшүү, бул кейстер андан ары адвокациялоодо жана платформалар менен диалогдо колдонулат.

- Модерациялоонун ачык-айкын эрежелери, санкциялардын түшүнүктүү түшүндүрмөлөрү, даттануунун натыйжалуу механизмдери жана верификациядан өткөн медиа аккаунттар үчүн атайын жол-жоболордун зарылдыгы жөнүндө маселени эл аралык деңгээлде көтөрүү.

- Контентти жана аккаунттарды бөгөттөөнүн эң татаал жана кайталануучу кейстери боюнча көз карандысыз ЖМК менен платформалардын ортосундагы коммуникацияларда ортомчу ролунда чыгуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу.

- Санариптик коопсуздуктун артыкчылыктуу багыттарынын бири катары дипфейктердин жана синтетикалык контенттин жайылышына байланыштуу тобокелдиктерге каршы туруу боюнча чараларды иштеп чыгууну жана киргизүүнү колдоо.

- Жалган маалыматка, окшош аккаунттарга, алдамчылык схемаларга, автордук укуктарды бузууга жана санариптик зыяндын башка түрлөрүнө каршы аракеттенүү маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, санариптик платформалардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана жарандык коомдун уюмдарынын ортосундагы өз ара байланыш түзүүнүн туруктуу механизмдерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

- Мамлекеттик органдардын басма сөз кызматтарынын өкүлдөрү үчүн медиа жана санариптик сабаттуулукту жогорулатуу, анын ичинде маалыматты текшерүү, жалган маалыматка жана дипфейктерге каршы туруу маселелери боюнча программаларды колдоо.

- Санариптик чөйрөдө журналисттик контенттин жана коомдук кызыкчылыкты көздөгөн маалыматтын көбүрөөк көрүлүшүнө багытталган демилгелерди колдоо, анын ичинде ЖМКлардын эркиндигинин кепилдиктери, модерациялоонун ачык-айкын жол-жоболору жана платформалардын чечимдерине даттануунун натыйжалуу механизмдери болгон шартта санариптик платформаларда текшерилген медиа булактарды идентификациялоонун жана артыкчылыктуусун тандап алуунун ачык-айкын жана басмырлабоочу механизмдерин өнүктүрүү.

- Жаштарга гана эмес, ата-энелерге, мугалимдерге жана аймактык жамааттарга да багытталган медиа сабаттуулук жана сынчыл ой жүгүртүү боюнча узак мөөнөттүү программаларды колдоо.

118 Кыргыз Республикасында контентти модерациялоо жана пикир билдирүү эркиндиги боюнча “Айкын санарип” коалициясы 2026-жылдын 10-апрелинде Бишкек шаарында түзүлгөн. Коалиция Европа Биримдиги каржылаган UNESCO’нун “Социалдык тармактар тынчтык үчүн” (Social Media 4 Peace) долбоорунун алкагында 2025-2026-жылдардагы консультациялык процесстин жыйынтыктарын жетекчиликке алуу менен тиешелүү Декларацияга кол койгондон кийин расмий түрдө баштаган. Коалиция жарандык коомдун, медианын, эксперттик жана академиялык коомчулуктун өкүлдөрүн бириктирген көз карандысыз көп тараптуу платформа болуп саналат. Ал юридикалык жакты түзбөстөн өзүн-өзү жөнгө салуучу аянтча катары иштейт жана Кыргыз Республикасында коопсуз, туруктуу жана ачык санариптик чөйрөнү сүрөөгө багытталган. Анын ишмердиги контентти модерациялоо, санариптик коопсуздук, пикир билдирүү эркиндиги жана жасалма интеллектти жоопкерчиликтүү колдонуу маселелерин камтыйт. UNESCO. (2026, апрель). ***“Айкын санарип” коалициясы Кыргызстанда интернетте кастык тилине жана жалган маалыматка каршы күрөшөт***. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.unesco.org/ru/articles/koaliciya-aykyn-sanarip-v-kyrgyzstane-budet-protivodeystvovat-yazyku-nenavisti-i-dezinformacii-v.

- Жашы жете элек колдонуучулардын санариптик тажрыйбаларын жана платформалардын алгоритмдик системаларынын маалыматка жетүүгө жана медианы керектөөгө тийгизген таасирин изилдөөгө колдоо көрсөтүү.
- Санариптик чөйрөнү жөнгө салуу жана колдонуучулардын укуктарын коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, платформалардын жана жарандык коомдун ортосундагы эксперттик диалогду өнүктүрүүгө көмөктөшүү.
- Алгоритмдик модерациялоо, платформаны башкаруу жана санариптик укуктар маселелери боюнча жергиликтүү экспертизаны өнүктүрүү боюнча демилгелерди колдоо.

## САНАРИПТИК ПЛАТФОРМАЛАРГА СУНУШТАМАЛАР

- Санариптик платформаларда артыкчылыктуусун тандоо механизмдерин жана коомдук кызыкчылыкты көздөгөн журналисттик контентти жана маалыматты күчөтүлгөн деңгээлде коргоо механизмдерин киргизүүнү колдоо, анын ичинде ачык-айкындуулук, басмырлабоочу жеткиликтүүлүк жана пикир билдирүү эркиндиги принциптерин сактоо менен техникалык колдоого ыкчам жетүүнү, даттанууларды тездетилген тартипте кароону жана фейк аккаунттардын координацияланган чабуулдарына жана троллинг өнөктүктөрүнө натыйжалуу реакция жасоо.
- Коом үчүн маанилүү контентти башкаларга көбүрөөк көрсөткөн механизмдерди иштеп чыгуу, анын ичинде өз платформаларындагы энбелгилер же аудиторияны статистиканы жоготпостон өз медиа сайттарына багыттоого мүмкүндүк берүүчү аспаптар аркылуу жасоо.
- Алгоритмдер боюнча чечимдердин алдын ала божомолдоого мүмкүнчүлүк беришин жана ачык-айкындуулугун, анын ичинде алгоритмдердеги жаңыртуулары жөнүндө ЖМКларга туруктуу негизде, түшүнүктүү маалымдоо аркылуу камсыз кылуу.
- Монетизациялоонун адилеттүү жана ачык-айкын шарттарын камсыз кылуу, анын ичинде коңшу өлкөлөрдө (мисалы, Орусия Федерациясында) монетизациялоодогу өзгөрүүлөр кыргыз ЖМКларынын кирешесинин же статистикасынын автоматтык түрдө төмөндөшүнө алып келбеген шарттарды камсыз кылуу.
- Таргетингдин алгоритмдерин кыргыз тилиндеги контентке бирдей колдонулуп, колдонуучуларды автоматтык түрдө “орус тилдүү сегментке” өткөрүп, муну менен кыргыз тилин маргиналдаштырбашы үчүн таргетингдин алгоритмдерин түзөтүү.
- Санариптик платформаларда контентти монетизациялоону көбөйтүүнүн ыкмалары, ошондой эле платформалардын эрежелери, өзгөчө апелляцияларды берүү жол-жоболору боюнча орус жана кыргыз тилдериндеги медиа үчүн, айрыкча чакан жана аймактык редакциялар үчүн үзгүлтүксүз вебинарларды жана консультацияларды өткөрүү.
- Чакан жана аймактык рыноктorго өзгөрүүлөрдүн таасири боюнча локалдаштырылган отчетторду жарыялоо аркылуу платформалык чечимдердин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, бул медиага өзүнүн контентин жана кирешесин пландоого мүмкүндүк берет.

# 1-тиркеме

2026-жылдын март айынын аягы - апрель айынын башында ЮНЕСКОнун[119] долбоорунун алкагында “Медиа Полиси Институту” коомдук фонду медиа жана өкмөттүк эмес уюмдардын эксперттеринин катышуусунда пикир билдирүү эркиндигине, контентти модерациялоого жана санариптик платформаларды жөнгө салуунун жамааттык ыкмаларына арналган тренингди өткөргөн. Ошол тренингдин жүрүшүндө анын катышуучулары алардын туруктуулугуна жана аудиторияга жетүүсүнө таасирин тийгизген санариптик жана экономикалык чектөөлөрдүн жыйындысын сүрөттөп беришкен.

Катышуучулар социалдык платформалардын алгоритмдеринен көз карандылыкты негизги көйгөй катары аташты. Бул алгоритмдер трафиктин бөлүштүрүлүшүн жана контенттин башкаларга көрүнгөнүн аныктайт, натыйжада аудиториянын платформалардан (атап айтканда, YouTube’дан) медианын өздөрүнүн сайттарына өтүүсү кыйындап жатат. Айрым эксперттердин айтымында, алгоритмдер тышкы шилтемелерди камтыган басылмалардын камтуусун азайта алганына байланыштуу болушу мүмкүн. Натыйжада, бул ЖМКнын өздөрүнүн сайттарынын ролунун алсырашына, негизги жайылтуучу канал катары социалдык платформалардан көз карандылыктын күчөшүнө жана контентти жайылтууда редакциялык автономдуулукту жарым-жартылай жоготууга алып келет.  Мунун негизинде негизги трафик платформалардын ичинде топтолот, ал эми ЖМКлардын өздөрүнүн сайттары бара-бара негизинен архивдик функцияны аткарып калууда.

Тренингде YouTube’да контентти монетизациялоо маселеси өзүнчө көтөрүлдү. 2022-жылы Украинада толук кандуу согуш башталгандан кийин YouTube компаниясы Орусиядагы колдонуучулар үчүн платформада да, Google аркылуу да жарнамаларды көрсөтүү токтотулганын расмий билдирген. Мындан тышкары, компания орусиялыктарга монетизациялоого байланышкан бардык функцияларга, анын ичинде мерч сатууга, демөөрчүлүккө, Суперчатка жана суперстикерлерге тыюу салган. Натыйжада орусиялык авторлор платформадагы жарнамалык көрсөтүүлөрдөн жана башка акы төлөнүүчү функциялардан киреше табуу мүмкүнчүлүгүнөн убактылуу айрылышты.[120]

Өз билдирүүсүндө компания өзгөртүүлөр башка өлкөлөрдөгү колдонуучуларга жана авторлорго таасирин тийгизбей турганын өзүнчө белгилегенине карабастан, тренингдин айрым катышуучуларынын айтымында, бул өзгөртүүлөр Кыргызстандагы креаторлордун жана медианын бир бөлүгүнө да таасирин тийгизди. Эксперттик талкууларда катышуучулар платформалык экономиканын жана монетизациялоонун логикасы боюнча глобалдык платформалар Кыргызстанды кеңири постсоветтик же “орусиялык” санариптик рыноктун бир бөлүгү катары кабыл алат дегендей сезим бар экенин белгилешти. Эксперттердин баамында, бул жарнамалык мүмкүнчүлүктөрдү бөлүштүрүүгө жана монетизациялоонун аспаптарына жетүүгө таасирин тийгизүүдө.

119 Бишкекте жана Ошто Европа Биримдиги каржылаган UNESCO’нун “Социалдык тармактар тынчтык үчүн” (Social Media 4 Peace) долбоорунун алкагында медианын жана өкмөттүк эмес уюмдардын эксперттеринин катышуусунда пикир билдирүү эркиндигине, контентти модерациялоого жана санариптик платформаларды жөнгө салуунун жамааттык ыкмаларына арналган эки күндүк тренинг өттү. Медиа Полиси Институту. (2026, апрель). Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://media.kg/news/v-bishkeke-i-oshe-proshli-treningi-po-teme-svoboda-vyrazheniya-moderacziya-kontenta-i-kollektivnye-podhody-k-regulirovaniyu-czifrovyh-platform/.

120 YouTube’дун эрежелерине киргизилген өзгөртүүлөр. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://support.google.com/youtube/answer/10008196?sjid=7786540589472754564-EU#tos,cg,cg_2025,cg_2024,cg_2023,cg_2022,cg_2021,cg_2020,ypp,ypp_2025,ypp_2024,ypp_2023,ypp_2022,ypp_2021,ypp_2020,afg,copyright,product_feature,product_feature_2025,product_feature_2024,product_feature_2023,product_feature_2022,product_feature_2021,product_feature_2020.

Платформанын жергиликтүү өкүлчүлүгүнүн жоктугу, колдоо каналдарынын чектелүү болушу жана платформадан түшүндүрмөлөрдү алуу кыйын болгон шарттарда тренингдин катышуучуларынын субъективдүү кабылдоосу маанилүү ролду ойнойт. Анын үстүнө бул кабылдоо Google Ads жарнама системасынын таргетинг принциптери менен байланышкан, анын алкагында жарнамаларды бөлүштүрүү биринчи кезекте колдонуучулардын тилдик параметрлери боюнча жүргүзүлөт, бул болсо санариптик жарнама мейкиндигинин тилдик сегменттерин түзүүгө көмөктөшүүдө.[121] Ошол эле учурда платформанын колдоо кызматы жарнаманы таргетингге коюуда колдонуучунун географиялык жайгашкан жери (анын ичинде IP дареги аркылуу) эске алынарын белгилейт, ошондуктан ар кайсы өлкөлөрдө колдонуучулар ар кандай жарнамаларды көрүшү мүмкүн, бул платформанын логикасы боюнча конкреттүү аудитория үчүн жарнаманын релеванттуулугун жогорулатуу үчүн колдонулат.[122]

Бул маанисинен алып караганда, тилдик жана аймактык сегменттөө жарнама механизмдеринде гана эмес, ошону менен бирге платформада контенттин жайылтылышын жана башкаларга көрүнүшүн аныктоочу алгоритмдерде да кандайча билинерин карап чыгуу маанилүү. YouTube платформасында колдонуучулардын жүрүм-турумун симуляциялоону колдонгон изилдөөгө негизделген WIRED материалында[123], колдонуучулар кыргыз тилиндеги контентти максаттуу тандаган учурда да, сунуштоолор системасы негизинен орус тилиндеги видеолорду сунуштай берет. Бул балдардын жана массалык оюн-зоок сегментинде өзгөчө айкын байкалууда, мында кыргыз тили сунуштама тизмегинде системалуу түрдө аз көрсөтүлүп жатат. Сунуштама тизмегинин ушундай түзүмү иш жүзүндө санариптик чөйрөнү калыптандырууда, анда орус тили чөлкөмдүн платформалык экосистемасынын ичинде кадыресе тилге айланып, ал эми кыргыз тили перифериялык жана алгоритмдердин тарабынан азыраак "өздөштүрүлүүчү" болуп калууда.

Ошентип, алгоритмдердин таасири астында контенттин жана аудиториянын иш жүзүндөгү бөлүштүрүлүшү платформалык чөйрөнүн ичинде тилдик көрүнүмдүүлүктө асимметрияга алып келүүдө. Мунун натыйжасында кыргыз тилиндеги контент орус тилиндеги сегментке салыштырмалуу азыраак көрүнүп, алгоритмдерден улам азыраак жайылууда. Бул болсо өз кезегинде үстөмдүк кылуучу тилдик сегменттин пайдасына канча жолу көрүлгөнүнө, жарнамалык көрсөтүүлөрдү бөлүштүрүүгө жана монетизациялоого таасирин тийгизип жатат.

---

121 Белгилүү бир жерлерде жарнамаларды кантип бөгөттөсө болот? Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://support.google.com/google-ads/answer/1722040.

122 Ар кайсы өлкөлөрдөгү колдонуучулар бирдей жарнамаларды көрүшөбү? Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://support.google.com/adsense/answer/9720

123 WIRED. (2026, май). *This Indigenous Language Survived Russian Occupation. Can It Survive YouTube?* [Бул жергиликтүү элдин тили Орусиянын оккупациясынан кийин да жоголгон эмес. Эми YouTube'дан аман кала алабы?]. Шилтеме текшерилген күн: 2026-жылдын 22-майы, https://www.wired.com/story/youtube-promote-russian-language-kyrgyzstan/.

# Ыраазычылык

Авторлор “Медиа Полиси Институту” Коомдук фондунун командасына, айрыкча **М.Гайназаровага**, **А.Ешеналиевага** жана **А.Исаевага** ушул отчетту даярдоого кошкон баалуу салымы үчүн чын жүрөктөн ыраазычылык билдиришет.

